# КЛЕТКАДАГЫ КЕРЕМЕТ
# HÜCREDEKİ MUCİZE

ХАРУН ЯХЬЯ – АДНАН ОКТАР
HARUN YAHYA

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

**Birinci Baskı: Ekim 1996**
**İkinci Baskı: Temmuz 2000**
**Üçüncü Baskı: Aralık 2007**

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İş Merkezi
A Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Seçil Ofset
100. Yıl Mahallesi MAS-SİT Matbaacılar Sitesi
4. Cadde No: 77 Bağcılar-İstanbul
Tel: (0 212) 629 06 15

www.harunyahya.org - www.harunyahya.net

# МАЗМУНУ

Баш сөз

Киришүү

Эң кичинекей жандык

ДНКнын жашыруун дүйнөсү

Клеткадагы белок өндүрүшү

Клетка ичиндеги системалар

Керемет молекулалар: белоктор

Клетка мембранасы

Эне курсагындагы өрчүү

Клеткадагы энергия өндүрүшү

Вирустар

Өсүмдүк клеткасы

Жыйынтык

Эволюция алдамчылыгынын артындагы чындык

Булактар

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия

тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

- Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

- Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

- Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

- Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

- Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

- Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адеп жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу сөздөрдү жолуктурбайсыз.

# БАШ СӨЗ

Бул китепте адам денесинин жана бүт өсүмдүк, жаныбар түрлөрүнүн негизги материалы болгон клеткалар каралат. Көп адамдын оюнда бул тема биологиянын же кандайдыр бир деңгээлде химиянын темасы болуп саналат. Алардын ою боюнча адам клеткасы жөнүндөгү бир китеп бир биология же бир химия китеби гана болушу мүмкүн. Бирок колуңуздагы бул китеп болсо бир химия же биология китеби эмес. Максат – окурмандын бул темадагы илимий маалыматын көбөйтүү, ага биологиялык терең маалыматтарды үйрөтүү да эмес. Себеби клетка жөнүндө биология билимин жогорулатуу адамга көп деле пайда алып келбейт. Мындай маалыматтар ансыз да мектептерде окуучуларга окутулат, бирок көпчүлүгү буларды кыска убакыт ичинде эч качан эстебей турган болуп унутат. Мунун себеби – мектептерде окуучуларга берилген мындай маалыматтардын толугу менен туура эмес бир логикага таяндырылып түшүндүрүлүшү.

Негизи ал туура эмес логика жаш өспүрүмгө кичинекейинен сиңирилип башталат. Жаш бала дүйнөгө байкоо жүргүзө баштагандан баштап айланасындагы нерселерге таң калып, суроолор узатат. Мисалы, күндү карап, таң калып, сурайт: кантип мынчалык чоң оттон турган топ абада турат жана адамдар үчүн эң ыңгайлуу аралыктан, эң ылайыктуу көлөмдө жылуулук менен жарык жөнөтөт? Аны ал жерге ким, кантип жана эмне үчүн жайгаштырган?

Бирок ал бала ушул сыяктуу суроолорго көбүнчө мындай жооп алат: күн миңдеген жылдан бери ошол жерде турат, бул өтө кадыресе бир нерсе. Мындан тышкары, аны ал жерге эч ким койгон эмес. Чоң бир жарылуу натыйжасында «кокустан» ошол жерге жайгашып калган, дүйнө да «кокустан» адам жашоосу үчүн идеалдуу бир алыстыкта пайда болгон.

Чындыгында болсо бул суроолордун туура жообу «күндүн адамдарга жылуулук менен жарык бериши – бул Улуу Аллахтын чексиз илиминин жана кемчиликсиз жаратуусунун бир чагылышы» деген жооп. Эгер Аллах каалабаса, күн болмок эмес жана биз жер бетинде жашай алмак эмеспиз. Же болбосо, күн дүйнөдөн алысыраак же жакыныраак болгондо, анда да жашай алмак эмеспиз. Күн, бүт айланадагы нерселер сыяктуу, Аллахтын бир керемети жана мээрими. Аны дайыма эстешибизге жана Ага шүгүр кылышыбызга себепчи болушу керек.

Бирок, жогоруда айтылгандай, жаш бала көбүнчө мындай жооп албайт, биринчи айтылгандай жооп менен «уктатылат». Ар бир окуяда ушул логикага жолугат жана аягында ал да эч нерсеге таң калбаганды жана эч нерсенин кереметтүүлүгүн байкабаганды үйрөнөт. Бир мөмөнү биринчи жолу жегенде кантип дарактардын адамдарга мынчалык пайдалуу жана сонун нерселер берээрин сурайт. Чоң ыктымалдык менен ошол эле жоопту алат: дарактар миллиондогон жылдан бери мөмө берип келе жатат. Бул кадыресе көрүнүш, таң кала турган эч нерсе жок.

Мына ушундайча бейкапарлаштырылган жаш бала чыныгы таалимин мектепте алат. Мектептеги табият таануу, же бир аз чоңойгондо физика, химия, биология сыяктуу сабактарында нерселер, жандыктар жана окуялардын бир тараптуу баяндалган «илимий түшүндүрмөлөрүн» окуп үйрөнөт. Сабактарда адам денесин же табиятты тааныйт, бирок алардын сөзсүз кадыресе нерселер экенине, керемет эместигине ишендирилет. Сураш керек болгон суроолор эч суратылбайт. Бул кантип пайда болгон, бул жердеги акылдын булагы эмне, кантип мындай тең салмактуулук пайда болушу мүмкүн деген сыяктуу суроолорду эч сурабаганды үйрөнөт. Мисалы, дарактардын кантип мөмө пайда кылаарынын биологиялык детальдарын үйрөнөт, фотосинтез же өсүмдүктүн түзүлүшү жөнүндө маалыматтар айтып берилет. Бирок кайра эле «кантип бир жыгачтын ичинен адамдын тамагына жана ден-соолугуна ылайыктуу, дүйнөнүн эң сонун пакети менен пакеттелген сонун азыктар чыгат?», «бул дарактын да, адамдын да бир акыл ээси тарабынан жаратылгандыгынын, дарактын адамга мөмө берүү үчүн атайын жаратылгандыгынын далили эмеспи?» деген сыяктуу суроолорду сурабайт. Ал нерселердин эмне максатта пайда болгонун ойлонбойт. Алардын табияты жөнүндө көбүрөөк маалымат үйрөнүү менен гана алектенет. Адамга эч нерсе бербеген, жүрөгү менен рухуна такыр оң таасир этпеген, бош маалыматтар, ысымдар...

Ушундайча жаратуу кереметтерине карата бейкапар болуп калат. Эч нерсеге таң калбоону, өзүн көрөм деп ойлогон бир көргө айланууну үйрөнөт. Эми андан да чоң кээ бир пикирлерди кабыл алууга даяр болуп калат. Мына ошондо таалимдин акыркы этабы болгон «эволюция теориясы» ишке киришет.

Себеби айланасын курчаган бүт кереметтерге жана керемет чындыктарга көзү жумулуп, бейкапарлашып калган жаш өспүрүм бир суроонун гана жообун берүүдө кыйналып жаткан болот: бүт бул жандыктар башында кантип пайда болушкан? Эволюция мына ушул жерде бүт нерсе «кокустан» пайда болгон деген акылга сыйбас бир көз бойомочулукту илим тонун жамынып ага сунат.

Эволюциянын калптары менен алданган ал жаш өспүрүм мындан соң эми өмүрүнүн калган бөлүгүн өзүмчүл каалоолорун канааттандырууну, жеп-ичүүнү гана көздөп, эч ойлонбой бейкапар өткөрө алат. Себеби ошол кезге чейин дагы эле аны кыйнап келген абийиринин акыркы сыныктарын да ушундайча жүрөгүнөн чыгарып салган болот. Өлүм аны ошол абалында кокустан кармап, тозокко ташталганда болсо дүйнөгө кайра катуу жана ыймандуулардан болуу үчүн жалбарат. Бирок ага **«...Силерге ал жерде (дүйнөдө) сабак ала турган адам сабак алганчалык (узун) өмүр бербедикпи? Силерге эскертүүчү да келген болчу. Андай болсо (азапты) таткыла; эми заалымдар үчүн бир жардамчы жок»** (Фатыр Сүрөсү, 37) деп жооп берилет.

Мына ушул себептен адамдын милдети – аятта айтылгандай, ага берилген мөөнөт ичинде сабак алып ойлонуу. Ал мөөнөттүн качан бүтөөрүн билбегени үчүн бир мүнөтүн да жоготпошу керек. Адам өзүнүн жана айланасындагы нерселердин

кантип жаратылганын ойлонуу, жана ушундайча Аллахты таануу, Анын кудуретин түшүнүүгө аракет кылуу үчүн жаратылган. Дүйнөдөгү өмүрүнүн негизги максаты ушул.

Бул китептин максаты – ошол сабак алып ойлонуу аракетине көмөкчү болуу. Жогоруда мектептерде окутулган бош маалыматтардын адамдардын мээлерин уктатаарын, себеби суралышы керек болгон суроолордун эч суратылбаганын айткан элек. Алдыда кээ бир илимий маалыматтарды да карайбыз, бирок ошол эле учурда суралышы керек болгон суроолорду сурап, кубулуштардын артындагы сырларды тапканга аракеттенебиз.

# АКЫЛДУУ ДОЛБООР (ПЛАН), Б.А. ЖАРАТЫЛУУ

Аллах жаратуу үчүн план түзүүгө муктаж эмес.

Бул китепте маал-маалы менен колдонулган «план (долбоор)» сөзүн туура түшүнүү керек. Аллахтын кемчиликсиз бир план (долбоор) менен жаратканы Раббибиз алгач план түзүп, анан жараткан деген мааниге келбейт. Жерлердин жана асмандардын Рабби Аллахтын жаратуу үчүн кандайдыр бир «план (долбоор)» түзүүгө муктаж эмес экенин билүү керек. Аллахтын пландап-долбоорлошу менен жаратуусу бир учурда болот. Аллах мындай кемчиликтерден аруу-таза, жогору. Аллах бир нерсенин же бир иштин болушун каалаганда, анын ишке ашышы үчүн «Бол!» деп айтып коюшу гана жетиштүү болот. Аяттарда мындай деп айтылат:

**Бир нерсени каалаганда, Анын буйругу бир гана: «Бол» деп айтуу; ал ошол замат болуп калат. (Йасин Сүрөсү, 82)**

**Асмандарды жана жерди (өрнөксүз) жараткан. Ал бир иштин болушун кааласа, ага «Бол» деп гана айтат, ал ошол замат болуп калат. (Бакара Сүрөсү, 117)**

# КИРИШҮҮ

Клетканын керемет баянына өтүүдөн мурда эволюциянын туура эмес логикасы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Эволюция бир алдамчылык жана өтө жакшылап даярдалган башка алдамчылыктар сыяктуу эле, анын да өз ичинде карама-каршылыктуу бир логикасы бар. Чындыгында ойдон чыгарылган сценарийлер менен көз бойомочулуктардан гана турган «эволюция логикасын» бир мисал менен түшүндүрүүгө болот.

Пульт менен башкарыла турган бир оюнчук машина элестетели. Машинаны башкарган киши бир жерге жашынып алган дейли. Ал машинанын кыймылдап жатканын көргөн башка бир киши пультту жана аны колдонгон кишини көрбөгөнү үчүн, машинанын кыймылдарын гана көрөт. Ал байкоочу окуяны карап машинанын өтө акылдуу кыймылдар жасап жатканын көрөт. Машина жүргөн жолуна жараша багытын өзгөртүп, акылдуу маневрларды жасайт.

Бул учурда эгер байкоочу «сөзсүз көргөн нерселериме гана ишенем» деген принципти карманган болсо, көргөн нерселерин гана чындык деп кабыл алат. Ал көрө албаган, жете албаган башка бир чен-өлчөм болушу мүмкүн экенин танат. Ал байкоо жүргүзө албаган бир чен-өлчөмдө акылдуу бир адам бар экенин жана машинанын анын башкаруусунда кыймылдап жатканын кабыл албайт. Ошондуктан эми анын «машина ар кандай кокустуктар натыйжасында акылдуу кыймыл-аракет жасоо жөндөмүн иштеп чыккан» деп кабыл алуудан жана өзү менен айланасындагыларды да буга ишендирүүгө аракет кылуудан башка жолу калбайт.

Эми акылдуу бир таяныч таба албаганы үчүн бул «кабыл алган пикирин» эч болбосо илим тонун жамынып колдой турган ойлоп табылган теорияларды чыгарууга кезек келет. Бир аз ой-кыялын пайдаланып бул маселени да чечет: машинаны түзгөн атомдор, канчалык мүмкүн эместей көрүнсө да, «кокустуктар натыйжасында» бул татаал түзүлүштү пайда кыла тургандай абалда биригишкен. Ал атомдор кокустан мынчалык татаал жана бир мааниге ылайык бириккен соң болсо акыл жүгүртүү, чечим алуу, өзүнөн-өзү аң-сезимдүү иш-аракеттерди жасоо сыяктуу абстракттуу касиеттерге да ээ болушкан. Ошентип машинаны түшүндүргөн бир «теория» чыгарылган болот.

Ал «илимпоз» кыска убакыт ичинде өзү сыяктуу ойлонгон башка адамдарды да табат. Алар чогуу ал ишти жакшылап өнүктүрүп, бул темада бир «трибуна» түзүшөт жана жаңы бир «илим тармагын» пайда кылышат. Андан соң машинанын кыймылдарын илимий жактан изилдеп, ар түрдүү формулаларды иштеп чыгышат. Машинанын алдынан бир бурулуш чыкканда ылдамдыгын канчалык азайтаарын, кандай бурч менен буруларын, кандай шарттарда канчалык ылдамдыкта жүрөөрүн, кандай учурларда жайлап, токтоорун, качан артка жүрөөрүн жана ушул сыяктуу

дагы көптөгөн өзгөчөлүктөрүн кылдаттык менен өлчөп, эсептеп формулага салышат. Ал татаал эсеп, формулаларды камтыган чоң бир китеп да жазылат.

Бирок негизги маселе машинанын өзүнөн-өзү мынчалык кемчиликсиз иштер жасай ала турган бир абалга кантип келгенин түшүндүрүүдө турат. Бирок ал «илимпоздор» тарабынан жасалган анализ жана изилдөөлөрдүн эч бири бул суроонун жообун бере алган эмес. Машинанын техникалык өзгөчөлүктөрү жана майда-чүйдөлөрү жөнүндө сансыз маалыматтарды аныкташкан жана күн өткөн сайын дагы жаңыларын ачып жатышкан болот. Бирок окуянын башталыш негизи жөнүндө эч өнүгүү жок. Колдо биринчи күндөгүдөн башка эч бир маалымат жок; машинаны ким жасаган, машина кантип «акылдуу» кыймыл-аракеттер жасайт, бул суроолор дагы эле сыр бойдон.

Бирок, муну кылдаттык менен жашырышат. Баарынан мурда, бул суроо жөнүндө сөз козголушуна мүмкүн болушунча жолтоо болушат. Сөз козголгондо болсо өз ойлорунда өтө «илимий» бир түшүндүрмө жасашат; балким бүгүн бул темада колубузда эч нерсе жок, бирок илим келечекте бүт булардын жообун табат.

«Машина өзүнөн-өзү пайда болгон» деген көз-караш ушунчалык алга кетип, эми ал илимпоздордун карьерасынын негизине айланган. Ушул себептен, болгон күчтөрү менен бул теорияларын ишенимдүү көрсөтүү үчүн күрөшүшөт. Адамдардын акылын башка көз-караштар айлантпашы жана теориянын ишенимдүүлүгүнө көлөкө түшпөшү үчүн керек болсо, көз бойомочулук жана алдамчылыктарга да барылат. Кандай болгону менен, мындай «жароокер» бир максат үчүн көз бойомочулуктарга баруу толеранттуулук менен кабыл алынышы керек.

Жазган китептеринин услубу ушунчалык кылдаттык менен түзүлгөндүктөн, машинанын техникалык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү кээ бир туура маалыматтар кичине иллюзиялар жана сөз оюндары аркылуу «машина кантип пайда болгон» жана «кантип «акылдуу» болуп калган» деген суроого да жооп берип жаткандай көрсөтүлөт. Негизи иштин чыныгы маанилүү тарабы ошол. Машинанын пайда болушу жөнүндө айтылган «туш келдилик» жана «кокустук» калптары ошол татаал формула жана эсептердин арасына чачылып, алар да илимий жарактуудай көрсөтүлөт. Аягында туура, бирок чындыкка алып барбаган формулалардын арасына идеологияга айланган жасалма жана чирик бир теория шамдагай бир көз бойомой чеберчилиги менен жайгаштырылат. Ошентип бул теория айткан жалгандарга илимий жактан далилденген деген көрүнүш берилет. Болгондо да, өтө ишенимдүү, өйдөдөн караган жана ишеним жаратуучу бир услуп колдонууга да өтө көңүл бөлүнөт.

Эми жалган бир жолу бекемделген соң, ал жалгандын үстүнө чексиз фантазияларды куруу, сценарийлерди ойлоп табуу башкалардын кыял күчүнө калтырылган болот. Машина алда качан «эволюция процесси» ичиндеги ордуна жайгаштырылып, бул керемет нерсенин «укмуштуу кокустуктар чынжыры»

натыйжасында пайда болгону да жарыяланып коюлган болот. Албетте, машинага латын тилинде бир ысым да берилет; «илимийлик» бойогу жакшылап көрүнүшү үчүн.

Бир нерсени айта кетүү керек: илимдин машинанын кыймылдары жөнүндө тапкандарынын, жасаган эсептөөлөрүнүн баары туура болушу мүмкүн. Бирок булардын негизине, пайдубалына коюлган логика, б.а. «машина өзүнөн-өзү пайда болуп, акылдуу чечимдер алып кыймылдап жатат» деген көз-караш – эң башынан кыйраган бир логика. Бирок көп адамдар буларды байкабайт. Өтө кыска баяндар да алардын эң акылсыз көз-караштарга ишенишине жетиштүү болот. Себеби аттуу-баштуу илимпоздор айтып жатышат. Алар, албетте, алда канча жакшы ой жүгүртүшкөн, көбүрөөк билишет. Ошондуктан алардын айткандарынын баары туура. Алар кандай билип, кандай ойлонуу керек десе, ошондой кылыш керек. Билими жогору бир киши бул көз бойомочулуктардын түбүндөгү илимийлик бойогун көрсөтсө, анда башка басуу ыкмалары колдонулат. Алар психологиялык ыкмалар.

Адамдардын көмүскө туюмуна таасир берип, аларды каалаган багытка буруууга шарт түзө турган психологиялык кысымчылык жана пропаганда ыкмалары теорияны жактоо планынын эң негизги бөлүгүн түзөт. Жогоруда айтылган «илимпоздордун» теориясын кабыл алып, жактоо заманбаптык, илимийлик, модерндик, жаңычылдык сыяктуу популярдуу түшүнүктөргө шайкеш көрсөтүлөт. Ал теорияларга каршы чыгуу болсо фанаттык, эскичилдик сыяктуу жагымсыз жана басынтуучу түшүнүктөргө шайкеш көрсөтүлөт. Ошентип ушул сөздөр менен караланууга, мөөрлөнүп калууга батынбаган көп адамдардын каршы чыгып маселе жаратышынын да алды алынат. Аягында уялбастан ойлоп чыгарылган жалган жана калптары, өтө кылдаттык менен кыялдан чыгарылган сценарийлери, чексиз фантазиялары, көз бойомочулук, алдамчылык жана иллюзиялары, социалдык-психологиялык кысымчылык ыкмалары, адамдардын көмүскө туюмуна таасир тийгизе турган методдору жана ар кандай мээ чайкоо ыкмалары менен –керектүү медиа жана илимпоздор логистикасын да түзүү менен- натыйжалуу бир пропаганда механизми түзүлгөн болот. Адамдардын көпчүлүгү болсо бул пропаганданын таасиринде калышат.

Бирок, акылын колдонгон ар бир адам бул сыйкырдын таасиринен өзүн куткара алат. Ал үчүн машинанын кыймылдарын түшүндүрүү үчүн чыгарылган бул көрксүз теория тантырактык гана болуп калат. Себеби машинанын бир башкаруучусу бар жана машина ага берилген буйрукка жараша гана кыймылдап жатат. Муну байкоонун жолу болсо илим эмес, акыл жана аң-сезим. Илим, жогоруда айтылгандай, машинанын кыймылдарын гана изилдейт. Аны изилдеген соң илимдин иши бүтөт. Себеби илим жол көрсөтүүчү нерсе эмес, ал болгону бир инструмент. Машинанын өзүндө бир акыл жок экенин, бийик бир акылдын машинада чагылып жатканын түшүнүүнүн жолу болсо – акыл менен абийир.

Мына ушундай касиеттери болбогон бир адам канчалаган университеттерди бүтүрсө да, илимий карьеранын туу чокусуна жетсе да, өмүрүн илимге арнаган болсо да, ушунчалык ачык бир чындыкты байкай албай күлкүмүштүү жана алсыз абалга түшөт. Окуя-кубулуштарды айланма жолдордон түшүндүрүүнү изденип, бүт өмүрүн зыянга салат.

Бул башын көтөрбөгөнү үчүн күндү байкай албаган жана дүйнөнүн кантип жарык-караңгы болоорун табуу үчүн бүт жер жүзүн кыдырып, өмүр бою бул темада миңдеген акылсыз теорияларды чыгарган бир кишинин абалына окшошот. Бул киши канчалык мээлүү болсо, ошончо көп жана татаал теорияларды чыгарат. Жарыктын булагын түшүндүрүү үчүн жер жүзүндөгү буюмдар жана кубулуштар арасында укмуш детальдуу байланыштарды курат. Бирок акылы болбогону үчүн, асманда күн бар экенин эч байкай албайт жана ушунчалык ачык бир чындыкты көрө албайт.

Биз жашап жаткан бүт ааламдын жана бул ааламдын бүт бөлүктөрүнүн Аллах тарабынан жаратылганын жана Ал тарабынан тартипке салынганын түшүнө албаган бир адамдын абалы да ушундай.

Бул адамдар эмне үчүн ушунчалык ачык жана так бир чындыкты түшүнө алышпайт?

Бул сыр бизге Куранда кабар берилет: ичинде жашап жаткан ааламдын чыныгы маңызын түшүнүү үчүн мээ жетиштүү болбойт. Ал үчүн мээден тышкары, «акыл» да болушу керек. Бир адам акылдуу болсо гана мээнин тапкандарынан туура жана акылдуу жыйынтыктарды чыгара алат жана негизги чындыктарга жете алат. Мээ – мээнин бир функциясы. Ал эми акыл болсо – Куранда билдирилиши боюнча, жүрөктүн бир функциясы. Эгер бир адамдын жүрөгүн «дат басып калган болсо», акыл жүгүртө албайт жана натыйжада көргөн нерселеринен Аллахка жете албайт. Куранда жүрөктөрү «дат баскан», б.а. абийири менен акылы жок мындай адамдардан төмөнкүчө сөз кылынат:

**Же болбосо, алар тирилтилээрин күтүшкөн жокпу? Улуу бир күндө. Адамдар ааламдардын Рабби үчүн тура турган күндө. (Мутаффифин Сүрөсү, 4-6)**

**Ал күнү чындыкты тангандардын абалы оор. Алар дин күнүн жалганга чыгарышууда. Бирок аны «чектен чыккан, зомбулукчу», күнөөкөрдөн башкасы жалганга чыгарбайт. Ага аяттарыбыз окулганда: «бул илгеркилердин жомоктору» деди. Жок, эч качан; алардын топтогондору жүрөктөрү үстүнө дат бастырды. Жок; чындыгында алар Раббилеринен пардаланып-айрылып калышты. (Мутаффифин Сүрөсү, 10-15)**

# ЭҢ КИЧИНЕКЕЙ ЖАНДЫК

Денебиздин бүт тарабында кичине, бирок кичине болгону менен татаал бир жашоо өкүм сүрөт. Адамдын кандайдыр бир органынын ичин микроскоп астында изилдегенде, ал жерде ал органды түзүү үчүн топтолгон жана тынымсыз кыймылда болгон миллиондогон миниатюралык жандыктардын жашап жатканын көрөбүз. Адам эле эмес, бүт жандыктар да клетка деп аталган ушул микроскопиялык жандыктардын жыйындысынан турат.

Клеткалар ядросуз (прокариот) жана ядролуу (эукариот) болуп экиге бөлүнөт. Бактериялар – ядросуз бир клеткалуу жандыктар. Адам жана жаныбар клеткалары менен өсүмдүк клеткалары ядролуу клеткалардан турат, бирок түзүлүшү жагынан бир-биринен айырмаланат. Өсүмдүк клеткалары ичиндеги хлоропласттар аркылуу күндүн нурун колдонуп адамдар жана жаныбарлар үчүн азык жана кычкылтек өндүрүшөт. Бул китепте көбүнчө адам клеткалары жөнүндө сөз кылынып, кээ-кээде өсүмдүк клеткалары да каралган.

Адам денесинде 100 триллиондон ашык клетка бар. Ал клеткалардын кээ бирлери ушунчалык кичинекей болгондуктан, алардын бир миллиону бириксе, бир ийненин башындай гана жерди ээлейт. Бирок кичине болгону менен, клетка илим дүйнөсү бир оздон тастыктагандай, адамзат бүгүнкү күнгө чейин көргөн эң комплекстүү түзүлүш деген наамын сактап келүүдө. Дагы эле ачыла элек көп сырларды камтыган клетка эволюция теориясынын да эң чоң туюктарынын бирин түзөт. Белгилүү орус эволюционист А.И. Опарин көрмөксөн болууга мүмкүн болбогон бул чындыкты төмөнкүчө айтат: «тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы чекитти түзүүдө.»[1]

Бул темадагы башка бир моюнга алуу болсо Johannes Gutenburg университети Биохимия институтунун башчысы профессор, доктор Клаус Дозеге (Klaus Dose) тиешелүү. Дозе тирүү клетканын келип чыгышы жөнүндө; «көп иш-аракеттерге карабастан, акыркы 30 жылдан бери тирүү клеткалардын келип чыгышын түшүндүрө ала турган кандайдыр бир ачылыш жасала алган жок.»[2] деп, эволюциянын жашоонун келип чыгышын эч түшүндүрө албашын мойнуна алууда.

Бул моюнга алуудан эволюциянын жолунун биринчи этапта эле жабылганы жана андан ары баруунун кажети жок экени апачык көрүнүп турат. Себеби, белгилүү болгондой, жандуу дененин негизги курулуш материалы – бул клетка. Ошондуктан, алигече клетканын, ал тургай, клетканы түзгөн белоктор менен белокторду түзгөн аминокислоталардын пайда болушун да түшүндүрө албаган бир теориянын дүйнө жүзүндөгү жандыктардын келип чыгышын түшүндүрүшү мүмкүн эмес.

Тескерисинче, клетка адамдын «жаратылгандыгын» көрсөткөн эң керемет далилдердин бирин түзүүдө.

Клетка жашай алышы үчүн өтө маанилүү бүт негизги бөлүкчөлөрү чогуу бар болушу керек. Б.а. клетка «эволюциялык бир процесс» натыйжасында пайда болгон деген киши негизи клетканын миллиондогон бөлүгү бир учурда жана бир жерде кокустан пайда болгон деп жаткан болот. Болгондо да бүт ал бөлүктөрү бир учурда белгилүү бир тартип жана план менен чогулган болушу зарыл. Мындай нерсенин кокустан болушу, албетте, мүмкүн эмес. Ошондуктан клетканын бар болушу «жаратуунун», б.а. Жараткандын бар экендигинин апачык бир далили.

Бир салыштыруу жасасак, клетканын эволюция айткандай кокустуктар натыйжасында пайда болуу ыктымалдыгы типографиядагы бир жарылуу менен кокустан бир энциклопедиянын басылып калышынан да төмөн. Башкача айтканда, жашоонун кокустуктар натыйжасында келип чыгышы эч мүмкүн эмес.

Ошого карабастан, эволюционисттер дагы эле алгачкы дүйнө шарттары сыяктуу эң контрольсуз шарттарда жашоонун кокустуктар натыйжасында келип чыкканын жакташууда. Бирок бул эч качан илимий маалыматтарга туура келбейт. Мындан тышкары, эң жөнөкөй ыктымалдык эсептөөлөрү да жандуу бир клетка мындай турсун, ал клеткадагы миллиондогон белоктун бир даанасынын да кокустан пайда боло албашын математикалык жактан далилдеди. Бул дагы эволюция теориясынын акыл менен логикага эмес, кыял, фантазия жана ойдон чыгарылган пикирлерге таянган бир сценарийлер жыйындысы экенин көрсөтүүдө.

Клеткалардан тышкары, ал клеткалар арасындагы кемчиликсиз бир гармония жана кызматташтыктын болушу да өзүнчө бир керемет. Адам денесиндеги бүт клеткалар башында бир клетканын бөлүнүп көбөйүшүнөн келип чыккан. Жана, эң башында, денебиздин азыркы түзүлүшү, формасы, планы жана бүт өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү бардык маалыматтар ошол алгачкы клетканын ядросундагы хромосомаларда болгон.

Бүт клеткалар жалпы өзгөчөлүктөрү жагынан бир-бирине окшошот. Бирок ар бир орган түзүлүшүнө жана аткарган кызматына жараша өзгөчө формалар жана жөндөмдөр менен жабдылган, башка органдардыкынан айырмалуу клеткаларга ээ болот.

Ар бир клетка бүт иштөө системалары, байланышы, транспорту жана башкаруусу менен чоң бир шаарга окшош татаал системага ээ: клетка короткон энергияны өндүрүүчү станциялар; жашоо үчүн сөзсүз талап кылынган фермент менен гормондорду өндүрүүчү заводдор; өндүрүлүүчү бүт продукттар жөнүндөгү маалыматтар жазылган бир маалымат базасы (маалымат банкы); бир аймактан экинчисине чийки заттар менен продукттарды жеткирүүчү комплекстүү транспорт системалары; түтүктөр; сырттан келген чийки заттарды ишке жарактуу бөлүктөргө бөлүштүрүүчү алдыңкы лаборатория жана рафинирлөөчү заводдор; клетканын ичине киргизилчү же сыртка чыгарылчу материалдардын кирип-чыгышын

башкарган адистешкен клетка мембранасы белоктору бул татаал түзүлүштүн бир бөлүгүн гана түзөт.

Адам аны түзгөн ушул клеткалардын өз ичинде да, бир-бирлери арасында да гармонияда иштеши натыйжасында өмүрүн уланта алат. Клетка башка клеткалар менен гармонияда иштеп жатып, өз өмүрүн да өтө тартиптүү жана кылдат бир тең салмактуулукта улантат. Бул тартибин улантуу, ички тең салмактуулугун сактоо үчүн муктаж болгон көп заттарды, энергиясы да кошо түздөн-түз өзү аныктап, өндүрөт. Өзү канааттандыра албаган муктаждыктарын болсо сырттан өтө кылдаттык менен тандап алат. Ушунчалык кылдат тандагандыктан, айланада ээнбаш жүргөн заттардын бир даанасы да клетканын уруксатысыз, туш келди анын эшиктеринен ичкери кире албайт. Клетканын ичинде ашыкча, максатсыз бир дагы молекула болбойт. Клетканын сыртына чыгуулар да ушул сыяктуу кылдат контрольдор, күчтүү текшерүүлөр натыйжасында жүрөт.

Мындан тышкары, клетка ар кандай тышкы коркунуч жана кол салууларга каршы өзүн коргой турган бир коргонуу системасына (иммундук системага) да ээ. Болгондо да, ичиндеги ушунча көп түзүлүш жана система, сансыз иш-аракеттерге карабастан, орточо бир клетканын көлөмү заманбап бир шаар сыяктуу канчалаган километр квадрат эмес, миллиметрдин 100дөн биринчелик гана.

Мына ушул дүйнөдөгү эң кичинекей жандыктын бул жерде кыскача бир канчасы санап өтүлгөн иштеринин ар бири, алдыда карала тургандай, өз-өзүнчө керемет.

## Дүйнөнүн эң алдыңкы заводу

Клеткадагы өндүрүш системасын дүйнөдө али теңдеши курула албаган, өтө алдыңкы технология менен иштеген кыялдагы бир заводго окшотсок болот. Бул кыялдагы завод көп сандагы жогорку технологиялуу бөлүктөрдөн турган жана ар бөлүгүндө ар кандай технологиялык продукттар өндүрүлчү ири бир объект. Продукттарынын бир бөлүгүн өз ичинде колдонот, бир бөлүгүн бир-бирине улап, жаңы өндүрүш жабдыктарын жасайт. Өндүргөн продукттарынын көпчүлүгүн болсо чийки зат жана жабдык (машина) катары сыртка жөнөтөт. Өндүрүштө минимум материал коротуп, максимум өндүрүмдүүлүккө жетет. Дүйнө жүзүндөгү эч бир завод жете албай турган деңгээлде экология досу. Калдыктарын өзү жок кылып, айлана-чөйрөнү дээрлик эч булгабайт.

Заводдогу өндүрүш жана операциондук системалары кемчиликсиз дизайн кылынган. Башкаруучулар, инженерлер, жумушчулар, кыскасы, бүт кызматкерлер өз кызматын эч кемчиликсиз орундатуучу жогорку сапаттуу робот жана компьютерлерден турат. Ал компьютер жана роботтор болсо фантастикалуу кинолордо гана кездешчү өтө жогорку деңгээлде.

Клеткадагы өндүрүш да ушул кыялдагы заводдогудай жасалат. Заводдогу роботтор менен машиналардын ролун клеткада «фермент» деп аталган өзгөчө

процесстер үчүн адистешкен татаал түзүлүштүү белок молекулалары аткарат. Заводдогу маалыматтарды сактаган жана башкаруу ролун аткарган компьютерлердин ордуна клеткадагы маалымат жана башкаруу бул багытта адистешкен, көп сандагы атомдун биригишинен түзүлгөн, чоң, спираль формасындагы бир молекула тарабынан жасалат: «ДНК» молекуласы.

Эми бул керемет молекуланын өтө таң калыштуу түзүлүшүн жана жасаган керемет иштерин карайлы.

# ДНКнын ЖАШЫРУУН ДҮЙНӨСҮ

Технологиялык бир продуктту же объектти куруудa жана башкарууда адамзаттын кылымдар бою топтогон тажрыйбасы менен илимий жетишкендиктери колдонулат. Дүйнөнүн эң алдыңкы жана татаал объекти болгон адам денесинин курулушу үчүн керектүү маалымат менен тажрыйба болсо ДНКда сакталган. Бул жерде баса белгилөө керек болгон жагдай мындай: ДНК алгачкы адамдан бери азыркы кемчиликсиздик жана татаалдыгы менен бирге бар болуп келген. Таң калыштуу түзүлүш жана өзгөчөлүктөрү менен бирге мындай молекуланын эволюционисттер айткандай кокустан пайда болушунун канчалык логикасыз экенин алдыдагы саптарды окуган сайын сиз да аныгыраак көрөсүз.

ДНК клетканын ортосунда жайгашкан ядродо кылдаттык менен корголуу турат. Адамда (саны 100 триллионго жеткен) клеткалардын орточо диаметринин 10 микрон (микрон=миллиметрдин миңден бири) экенин эске салсак, канчалык кичинекей бир аймак жөнүндө сөз болуп жатканын жакшыраак түшүнө алабыз. Бул кереметтүү молекула Аллахтын жаратуу чеберчилигиндеги кемчиликсиздик менен кереметтүүлүктүн ачык бир далили. Жалгыз ушул молекуланы изилдөө жана алигече аз бир бөлүгү гана ачыла алган сырларын чечүү үчүн атайын бир илим тармагы да түзүлгөн: «генетика»... 21-кылымдын илими деп кабыл алынган генетика колундагы ар кандай технологиялык мүмкүнчүлүктөргө карабастан, ДНКнын табышмагын чечүүдө эми гана «эмгектеп» баштады.

## Ядродогу жашоо

Адам денесин бир имаратка салыштырсак, дененин бүт майда-чүйдөсүнө чейинки план жана долбоору ар бир клетканын ядросундагы ДНКда жазылган.

Адамдын эне курсагындагы жана төрөлгөндөн кийинки өрчүшүнүн баары алдын ала аныкталган бир программага ылайык жөнгө салынат. Адамдын өрчүшүнүн мындай кемчиликсиз жөнгө салынышы Куранда төмөнкүчө айтылат:

**Адам «өз башымча жана жоопкерчиликсизмин» деп ойлойбу? Өзү куюлган маниден (спермадан) бир тамчы суу эмес беле? Анан бир алак (эмбрион) болду, анан (Аллах аны) жаратты жана бир «тартип ичинде калып берди.» (Кыямат Сүрөсү, 36-38)**

Эне курсагында жаңы уруктанган бир жумуртка клеткасы кезибизде эле келечектеги бүт өзгөчөлүктөрүбүз Аллах тарабынан аныкталып, «бир тартип ичинде» ДНКларыбызга жайгаштырылган. Отуз жашка келгендеги боюбуз, түсүбүз, кан тобубуз, жүзүбүздүн формасы сыяктуу бүт өзгөчөлүктөрүбүз отуз жыл тогуз ай

мурдатан, б.а. уруктанган кезибизден баштап баштапкы клеткабыздын ядросунда коддолгон.

ДНКдагы бул маалыматтар мындай тышкы көрүнүштөрдү эле аныктабайт. Ошол эле учурда клетка жана денедеги миңдеген түрдүү окуяны жана системаны да башкарат. Мисалы, адамдын кан басымынын төмөн, жогору же нормалдуу болушу да ДНКдагы маалыматтардан көз-каранды.

## Адам клеткасындагы ири энциклопедия

ДНКда жазылган маалыматтар өтө масштабдуу. Көзгө көрүнбөгөн бир ДНК молекуласында толук бир миллион энциклопедия бетин толтура алаарлык көлөмдө маалымат болот. Көңүл буруңуз; толук 1 000 000 энциклопедия бети... Б.а. ар бир клетканын ядросунда адам денесинин функцияларын башкарууга жараган бир миллион беттик бир энциклопедияга бата турган көлөмдөгү маалымат коддолгон. Бир салыштыруу жасасак, дүйнөнүн эң чоң энциклопедияларынын бири болгон 23 томдук "Encyclopedia Britannica"нын да жалпы 25 миң бети бар. Демек бул жерде керемет бир көрүнүш бар. Микроскопиялык клетканын ичиндеги андан алда канча кичинекей болгон бир ядродогу бир молекулада миллиондогон маалыматтарды камтыган дүйнөнүн эң чоң энциклопедиясынан 40 эсе көп бир маалымат кампасы сакталуу турат. Бул болсо 920 томдук, дүйнөдө башка теңдеши жок, ири бир энциклопедия дегенди билдирет. Алынган маалыматтар боюнча, бул ири энциклопедия болжол менен 3 миллиард түрдүү маалыматты камтыйт.

Бул акыркы эки сөздү кайталайлы; «маалыматты камтыйт»...

Мына ушул жерде токтоп, оозубуздан оңой гана чыккан бул эки сөз жөнүндө ой жүгүртүшүбүз керек. Бир клетканын ичинде миллиарддаган маалымат бар экенин айтуу оңой. Бирок бул эч сөз арасында айтып өтүп кете турган бир нерсе эмес. Себеби бул жерде бир компьютер же китепкана жөнүндө эмес, белок, май жана суу молекулаларынан гана турган, миллиметрден 100 эсе кичинекей бир куб жөнүндө сөз болуп жатат. Бул кичинекей бир кесим эттин ичинде миллиондогон маалымат мындай турсун, бир эле маалыматтын болушу жана анын ошол бир маалыматты эле сактап турушу да өтө улуу бир керемет болмок.

Адамдар азыркы кылымда маалыматты сактоо үчүн компьютерлерди колдонушууда. Компьютер технологиясы болсо учурда бүт башка технологиялардын башында турган эң алдыңкы технология деп кабыл алынууда. Мындан 20 жыл мурда бир бөлмөчөлүк көлөмдөгү бир компьютер сактаган маалыматты учурда кичинекей «микрочиптер» сактай алышууда... Бирок муну эске салуу керек: адам мээси кылымдар бою чогулткан маалыматы жана көп жылдарга созулган аракеттери натыйжасында гана иштеп чыккан бул акыркы технология да алигече бир клетка ядросунун маалымат сактоо сыйымдуулугуна жакындай элек. Мындай керемет сыйымдуулуктагы ДНКнын кичинекейлигин көрсөтүү үчүн төмөнкүдөй салыштыруу жасоо жетиштүү болот.

Бүгүнкү күнгө чейин жашап өткөн бүт жандык түрлөрүнүн бүт өзгөчөлүктөрү маалымат катары ДНКга жүктөлсө, жалпы ДНК көлөмү бир чай кашыктын кичине бир бөлүгүн гана толтурмак. Болгондо да, анда бүгүнкү күнгө чейин жазылган бүт китептерди сактай ала турганчалык бош орун артып калмак.[3]

Көзгө көрүнбөгөн, диаметри миллиметрдин миллиарддан бири чоңдугундагы, атомдордун катарга тизилишинен түзүлгөн бир чынжыр мындай маалыматка жана эс-тутумга кантип жете алат? Бул суроого муну да кошуңуз: денеңиздеги 100 триллион клетканын ар бири бир миллион бетти жатка билет, сиз мээлүү жана аң-сезимдүү бир адам болуп туруп өмүрүңүз бою канча энциклопедия бетин жаттай аласыз?

## Клеткадагы акыл

Демек муну кабыл алышыңыз керек: ашказаныңыздагы же кулагыңыздагы кандайдыр бир клетка сизден канчалаган эсе билимдүү, ал маалыматты эң туура жана эч кемчиликсиз колдонгону үчүн сизден алда канча акылдуу.

Андай болсо бул акылдын булагы эмне? Кантип денеңиздеги 100 триллион клетканын ар бири өз-өзүнчө ушунчалык керемет акылдуу боло алат? Булар болгону атом жыйындылары гана жана аң-сезимдери жок. Бүт элементтердин атомдорун алып, башкача формада жана санда бир-бирине улап, башка молекулаларды пайда кылсаңыз, баары бир акыл ала албайсыз. Ал молекулалардын чоң, кичине, жөнөкөй же татаал болушу да эч нерсени өзгөртпөйт. Аң-сезимдүү бир ишти уюштуруп, жасай ала турган бир акылды эч качан ала албайсыз.

Анда кантип, ушул сыяктуу эле, белгилүү сандагы акылсыз жана аң-сезими жок атомдун белгилүү формаларда тизилишинен түзүлгөн ДНК жана аны менен гармониялуу иштеген ферменттер аң-сезимдүү көптөгөн иштерди жасап, клеткадагы сансыз татаал жана ар кандай процесстерди кемчиликсиз уюштурушууда? Мунун жообу өтө жөнөкөй; акыл бул молекулаларда же аларды ичинде камтыган клеткада эмес, ал молекулаларды ошол иштерди жасай турган кылып программалап жараткандын өзүндө.

Кыскасы, акыл чыгармада эмес, ал чыгарманы жаратканда болот. Эң алдыңкы компьютер дагы аны бүт майда-чүйдөсүнө чейин долбоорлогон, аны иштете турган программаларды жазып ага жүктөгөн жана колдонгон бир акыл менен мээнин эмгеги, чыгармасы. Ошол сыяктуу, клетка да, ичиндеги ДНК менен РНКлар да, ал клеткалардан турган адам да аларды жана жасаган иштерин жараткандын чыгармалары гана. Чыгарма канчалык кемчиликсиз жана таасирдүү болбосун, акыл дайыма ал чыгарманын ээсинде болот.

Бир күнү бир лабораторияда столдун үстүндө өтө алдыңкы технологиялуу бир диск тапсаңыз, жана аны бир компьютер жардамы менен окуп ичинде сизге тиешелүү миллиарддаган маалымат бар экенин көрсөңүз, анда оюңузга биринчи

кезекте бул маалыматтар ким тарабынан жана эмне максатта жазылган деген суроо келмек.

Ушул эле суроону эмне үчүн клетка жөнүндө сурабайбыз? Дисктин ичиндеги маалыматтар бирөөлөр тарабынан ал жерге жазылган болсо, андан алда канча жогору жана алдыңкы технологиялуу ДНК ким тарабынан эч кемчиликсиз долбоорлонуп, жаратылып, өзү да өзүнчө бир керемет болгон кичинекей клетканын ичине кылдаттык менен жайгаштырылган? Болгондо да, миңдеген жыл мурда бүгүнкү күнгө чейин эч бир касиетин жоготпостон. (Дискти жасаган жана ичине маалыматтарды жазган адам мээсинин да ушул клеткалардан тураарын унутпайлы.) Бул саптарды окушуңуз, көрүшүңүз, дем алышыңыз, ойлонушуңуз, кыскасы, бар болушуңуз жана өмүрүңүздү улантышыңыз үчүн дайыма кызмат кылган бул клеткалардын ким тарабынан жана эмне үчүн жасалганын суроодон да маанилүүрөөк эмне болушу мүмкүн сиз үчүн?

Сиздин оюңузча, өмүрүңүздө сизди эң көп кызыктырган нерсе ушул суроонун жообу эмеспи?

Бул суроонун жообу мындай: ааламдагы жандуу жансыз бүт нерселерди жоктон жараткан, бүт жандыктардын курулуш материалы болгон клетканын ичине керемет өзгөчөлүктөрү менен ДНКны жайгаштырган чексиз кудуреттүү Аллах. Адамдын жашоодогу максаты – ушул чындыкты көрө алуу жана Улуу Раббибизге кулчулук кылуу.

## Дагы бир канча мисал

Белгилүү бир ыкма: бир учак кырсыгы натыйжасында эч ким жашабаган бир жерге түшүп аман калган жолоочулар аларды абадан издеген куткаруучу топторго аларды табышы үчүн чоң бир «X» тартып коюшат. Колдорундагы буюмдарын же топтогон нерселерин колдонуп түз жана чоң бир X белгисин жасашат. Натыйжада абадагы топ бул «акыл менен жасалган» ишаратты көрүп, ал жерде акылдуу жандыктар, б.а. адамдар бар экенин түшүнөт.

Түркиядагы шаарлар арасы автожолдордо баратып, кээде жолдун жээгиндеги дөбөлөрдүн боорлорунда ак таштардан жазылган жазууларды көрөсүз; «Баары мекен үчүн» же «Түркмүн деген кандай бактылуу» деген сыяктуу. Мындай жазуулардын ал жерде кантип пайда болгону болсо айдан ачык. Ошол тараптарда бир жерде бир аскердик топ бар жана дөбөнүн бооруна ак таштардан ушул сыяктуу жазууларды жазышкан.

Бирөө чыгып бул жазуулар аң-сезимдүү бир мээ, мисалы аскерлер тарабынан жазылган эмес, тескерисинче кокустан пайда болгон деп айта алабы? Бирөө чыгып «бул таштар тоодон ылдый кулап баратып кокустан тизилип калган жана «Баары мекен үчүн» деген сүйлөмдү пайда кылган» дей алабы?

Же болбосо бир «илимпоз» чыгып, «дүйнөдө триллиондогон таш бар, алар миллиондогон жылдан бери тоголонуп жатат, демек таштардын бир бөлүгү

кокустан ушундай маанилүү бир жазуу пайда кыла турган абалда тоголонуп бир жерге чогулушу мүмкүн» десе, буга жаш балдар да күлбөйбү? Болгондо да, илимий бир услуп менен сүйлөсө, илимий түшүндүрмөлөрдү жасаса, ыктымалдуулук эсептерин көрсөтсө, бүт адамдар анын акылынан ансайын көбүрөөк күмөн санабайбы? Себеби «Баары мекен үчүн» сүйлөмү мындай турсун, жакшынакай бир «Б» тамгасынын да кокустан пайда болуу ыктымалдыгы жок. Тоонун башында ак таштардан түзүлгөн жакшынакай бир «Б» көрсөңүз, «муну бул жерге эмне максатта жазышты экен» деп ойлоносуз.

Бул мисалдар аркылуу муну айткыбыз келип жатат: эгер бир жерде кичине эле бир план бар болсо, ал жерде сөзсүз бир акыл ээсинин издери бар. Эч бир акыл чыгармасы кокустан пайда болбойт. Бир тоонун бетине миллиарддаган жолу ак таштарды тоголотсоңуз, «Баары мекен үчүн» деген жазууну, ал тургай, жакшынакай бир «Б» тамгасын да ала албайсыз. Эгер бир жерде бир тамга бар болсо, ал тамганын сөзсүз бирөө тарабынан жазылганын бүт баары кабыл алат. Авторсуз тамга болбойт.

Адам денеси болсо «Баары мекен үчүн» сүйлөмүнөн триллиондогон эсе комплекстүүрөөк бир түзүлүшкө ээ жана бул татаал түзүлүштүн «кокустан» пайда болгон болушу эч эч мүмкүн эмес, демек адамды да, анын клеткасын да, ДНКсын да кемчиликсиз пландап жөнгө салган – бул Аллах. Асмандардын, жердин жана ал экөө арасындагы бүт нерселердин Жаратуучусу Аллахтын бар экенин жана кудуретин тануу болсо эң чоң акылсыздык, жана ошондой эле, жалганчылык жана текебердик болот. Ал акыл менен кудурет ээсине жасалган чоң сый-урматсыздык болот.

Бирок, тилекке каршы, «таштардын өзүнөн-өзү тизилип, үч кичинекей сөздү жазышы мүмкүн эмес» деп кесе айткан көп кишилер «миллиарддаган атом бир-бирден пландалган бир тизмекке тизилип ДНКдай керемет иштерди жасай алган бир молекуланы «кокустуктар» натыйжасында пайда кылган» деген жалганды эч каршы чыкпастан угушууда. Гипноздолгон бир кишинин «сен бир эшик, дарак же кескелдириксиң» дегенди каршы чыкпай, кабыл алышы сыяктуу...

## ДНК энциклопедиясынын тили

Калктардын жашоосу маалымат агымы жана байланышка таянат. Кишилер менен урпактар арасындагы маалымат агымында эң негизги каражат болсо – бул тил. Тил белгилүү бир коддор, б.а. тамгалар аркылуу чагылдырылат. Түркчө 29 тамгадан, б.а. 29 коддон турган бир тил. Ал коддор сөздөрдү, сөздөр болсо сүйлөмдөрдү түзөт. Маалымат агымы жана сакталышы ушул коддор аркылуу ишке ашат.

Клеткадагы тил да ушуга окшош. Адамдын бүт физикалык өзгөчөлүктөрү ошол тил аркылуу коддолуп клетка ядросуна сактап коюлган жана ошол тил аркылуу клетка тарабынан колдонула алат. Ал тил ДНК аттуу башчы молекуланын

тили. Төрт тамгалуу ал ДНК тили A, T, G жана C тамгаларынан турат. Ар бир тамга «нуклеотид» деп аталган төрт өзгөчө базанын бирин чагылдырат. Ал базалардын миллиондогону белгилүү бир катарда тизилүү аркылуу ДНК молекуласын түзүшөт.

Ядродогу маалымат базасында маалыматтар ушундай жол менен сактап коюлган. Биз ал маалымат базасындагы код системасын баян кылганда, оңой болушу үчүн ДНКны түзгөн нуклеиндик кислота молекулаларын тамга менен көрсөтүүнү улантабыз. Ал тамгалар эки-экиден жупташып, тепкичтерди пайда кылышат. Ал тепкичтер болсо үстү-үстүнө жыйылып гендерди пайда кылышат. ДНК молекуласынын бир бөлүгү болгон ар бир ген адам денесиндеги белгилүү бир өзгөчөлүктү контрольдойт. Бойдун узундугу, көздүн өңү, мурундун, кулактын, баш сөөгүнүн материалы, формасы сыяктуу сансыз өзгөчөлүктөр тиешелүү гендердин буйругу менен келип чыгат. Ал гендердин ар бирин бир китептин беттерине салыштырсак болот. Беттерде болсо A- T- G- C тамгаларынан турган тексттер бар.

Адам клеткасындагы ДНКларда 200000 тегерегинде ген болот. Ар бир ген өзү туура келген белок түрүнө жараша саны 1000 менен 186000 арасында өзгөргөн нуклеотиддердин өзгөчө бир катарда тизилишинен келип чыгат. Ал гендер адам денесинде кызмат кылган болжол менен 200000дин тегерегиндеги белоктун коддорун сактайт жана ал белоктордун өндүрүшүн көзөмөлдөйт.

Ал 200000 ген камтыган маалымат ДНКдагы жалпы маалыматтын 3%ын гана түзөт. Калган 97%дык бөлүк болсо учурда дагы эле табышмак бойдон калууда. Акыркы жылдардагы изилдөөлөр ал 97%дык белгисиз бөлүктө денедеги өтө татаал иш-аракеттердин башкаруусун камсыз кылган механизмдер жөнүндө жана клетканын жашоосун улантышы жөнүндө өтө маанилүү маалыматтар бар экенин көрсөттү. Бирок алдыда жасала турган көп иштер бар.

Гендер хромосомалардын ичинде болот. Ар бир адам клеткасынын (көбөйүү клеткаларынан тышкары) ядросунда болсо 46 хромосома бар. Ар бир хромосоманы ген беттеринен турган бир томго окшотсок, клеткада адамдын бүт өзгөчөлүктөрүн камтыган 46 томдук бир «клетка энциклопедиясы» бар деп айтканга болот. Мурдараак айтылган энциклопедия мисалын эстесек, бул клетка энциклопедиясы толук 920 томдук "Encyclopedia Britannica" камтыган маалыматка тең келет.

Ар бир адамдын ДНКсындагы тамгалардын тизмеги ар түрдүү. Ушул күнгө чейин дүйнөдө жашап өткөн миллиарддаган адамдын баарынын бир-биринен айырмалуу болушунун себеби ушунда. Органдар менен кол-буттардын жалпы түзүлүш жана функциялары бүт адамдарда бирдей. Бирок бүт адамдар ушунчалык кылдат айырмалар менен ушунчалык майда-бараттуу жана өзгөчө жаратылгандыктан, бардык адамдар бир клетканын бөлүнүшүнөн пайда болгонуна, жана жалпы түзүлүшү бирдей болгонуна карабастан, миллиарддаган түрдүү адам келип чыккан.

Денебиздеги бүт органдар гендер сүрөттөгөн планга ылайык жасалат. Бир канча мисал берсек; илимпоздор чыгарган бир ген атласы боюнча денебизде тери

2559, мээ 29930, көз 1794, шилекей бези 186, жүрөк 6216, көкүрөк 4001, өпкө 11581, боор 2309, ичеги 3838, скелет булчуңу 1911 жана кан клеткалары 22092 ген тарабынан контрольдолот.

ДНКдагы тамгалардын тизилүү катары адамдын түзүлүшүн эң майда-чүйдөсүнө чейин аныктайт. Бой, көз, чач жана теринин өңү сыяктуу өзгөчөлүктөрдөн тышкары, денедеги 206 сөөктүн, 600 булчуңдун, 10000 угуу нерви тармагы, 2 миллион оптикалык нерв тармагы, 100 миллиард нерв клеткасы, 100000 километр узундуктагы тамырлар *(кошумча шилтеме: http://encarta.msn.com/encyclopedia_761566878/Circulatory_System.html)* жана 100 триллион клетканын пландары бир даана клетканын ДНКсында жазылуу.

Эми бул маалыматтардан соң ой жүгүртөлү: бир тамга да бир жазган киши болмоюнча пайда болбойт, демек адам клеткасындагы миллиарддаган тамгалар кантип пайда болгон? Ал тамгалар кантип мынчалык кемчиликсиз жана татаал бир дененин теңдешсиз планын түзө турган бир тартипте, бир маанини билдире тургандай абалда тизилишкен? Эгер ал тамгалардын тартиби бир азга эле бузулганда, кулагыңыз курсагыңызда жайгашмак же көздөрүңүз таманыңыздан орун алмак. Колдоруңуз артыңызга жабышкан абалда төрөлүп, түрү суук болуп өмүр сүрүшүңүз мүмкүн эле. Азыр келбеттүү бир адам болуп жашап жатышыңыздын сыры ДНКларыңызда жайгашкан 46 томдук энциклопедиядагы тамгалардын «катасыз» абалда тизилгендигинде. Албетте, ал тамгалардын өз акылы жана эрки менен антип тизилип калган болушу мүмкүн эмес. Бул жерде биз тамга деп атаган гендер улуу акыл жана чексиз илим ээси Аллах тарабынан жаратылган. Кокустук сөзүнө эч орун калтырбаган бул керемет тизилүү Аллахтын кемчиликсиз жаратуусунун бир натыйжасы:

**Ал – Аллах, Ал – жаратуучу, кемчиликсиз пайда кылуучу, «калып жана келбет» берүүчү. Эң сонун ысымдар Аныкы. Асмандарда жана жердегилердин баары Аны тасбих кылууда. Ал – Азиз, Хаким. (Хашр Сүрөсү, 24)**

## ДНК кокустук түшүнүгүн жок кылат

Математика учурда ДНКда жазылган маалыматтардын пайда болушунда кокустукка орун жок экенин далилдеди. Миллиондогон баскычтан турган ДНК молекуласы мындай турсун, ДНКны түзгөн 200000 гендин бир даанасынын да кокустан пайда болуу ыктымалдыгы такыр жок. Эволюционист бир биолог Солсбери (Salisbury) бул ыктымалсыздык жөнүндө мындай деген:

Орточо чоңдуктагы бир белок молекуласы болжол менен 300 аминокислотадан турат. Муну контрольдогон ДНК чынжырында болсо болжол менен 1000 нуклеотид болот. Бир ДНК чынжырында төрт түрдүү нуклеотид бар экенин эстесек, 1000 нуклеотиддик бир тизмек 4 даражасы 1000 түрдүү болушу

мүмкүн. Кичинекей бир логарифма эсеби менен табылган бул сан болсо акылга сыйбай турган чоң мааниге барабар.[4]

Б.а. айланада бүт керектүү нуклеотиддер бар, алар өз ара байланыш түзүшү үчүн керектүү бүт комплекстүү молекулалар менен байланыштыруучу ферменттердин баары даяр турат деп элестетсек да, ал нуклеотиддердин керектүү катарда тизилүү ыктымалдыгы $4^{1000}$ден 1, башкача айтканда, $10^{600}$дөн 1 ыктымалдык дегенди билдирет. Кыскасы, адам денесиндеги орточо бир белоктун ДНКдагы кодунун кокустук натыйжасында, өзүнөн-өзү пайда болуу ыктымалдыгы 1дин жанына 600 даана нөл жазылып алынган сандан 1ге барабар. Бул астрономиялыктан да чоң сандан 1 ыктымалдык деген болсо иш жүзүндө «0» ыктымалдык деген мааниге келет. Демек, мындай бир тизилүү акылдуу жана аң-сезимдүү бир күчтүн контролу астында гана ишке ашкан; ал илим жана күчтүн ээси – асмандардын жана жердин Жаратуучусу Улуу Аллах...

Азыр окуп жаткандарыңызды ойлоп көрүңүз. Тамгалар (ар бир тамга үчүн ар башка бир басым калыбы колдонулуп) өз башынча жана туш келди тизилип ушундай текстти пайда кылды деген бир адамга кандай көз менен карамаксыз? Албетте, анын сөзүн эч логикасыз кабыл алып, бул текстти сөзсүз акылдуу жана аң-сезимдүү бирөө тарабынан жазылган демексиз. ДНКдагы абал да дал ушундай.

Фрэнсис Крик (Francis Crick) ДНКнын түзүлүшүн ачкан биохимик, бул темада жасаган изилдөөлөрүнөн улам Нобель сыйлыгын алган. Башында күчтүү бир эволюционист болгон Крик ДНКнын керемет түзүлүшүнө күбө болгон соң жазган эмгегинде илимий бир чындыкты төмөнкүчө айткан:

Учурдагы колдогу маалыматтардын негизинде чынчыл бир адам мындай гана дей алат: кандайдыр бир мааниде жашоо кереметтүү абалда келип чыккан. Бул ишке ашышы үчүн өтө көп шарттар бир учурда камсыздалышы керек.[5]

Криктин ою боюнча, дүйнөдө жашоо эч качан кокустан пайда боло албайт. Көрүнүп тургандай, ДНК темасында эң адис киши дагы, эволюционист болгонуна карабастан, кокустукка орун бере алган эмес.

Беш миллиард тамгадан турган ДНКдагы маалыматтар A-T-G-C тамгаларынын өзгөчө жана маанилүү бир катарда тизилишинен түзүлөт. Бирок ал катарда бир тамгадан да ката кетирилбеши керек. Энциклопедияда туура эмес жазылган бир сөз же тамга катасына көп маани берилбейт, өтүп кетилет. Ал тургай, байкалбай да калат. Ал эми ДНКда болсо кандайдыр бир баскычтагы, мисалы 1 миллиард 719 миллион 348 миң 632нчи баскычтагы бир тамганын туура эмес коддолушу сыяктуу бир ката да, клетка үчүн, жана натыйжада адам үчүн коркунучтуу натыйжаларга себеп болот. Мисалы, жаш балдарда кездешкен лейкемия (кан рагы) оорусу ушул сыяктуу бир туура эмес коддоонун натыйжасы.

Негизи муну «туура эмес коддоо» деп айтуу туура эмес болот. Себеби бүт нерселер сыяктуу, адамдын ДНКсы да Аллах тарабынан жаратылган жана кээ-кээде болсо да кездешкен каталар белгилүү бир даанышмандык (Аллахтын белгилүү

максаты) негизинде келип чыгат. Ракты пайда кылган коддоо катасы атайын жаратылган бир ката. Адамга анын алсыздыгын көрсөтүү, адамдын негизи канчалык кылдат тең салмактуулуктар менен жаратылганын жана ал тең салмактуулуктардын кичине эле бузулушу натыйжасында башына кандай кыйынчылыктар келиши мүмкүн экенин эскертүү үчүн Аллах тарабынан атайын, белгилүү бир даанышмандык менен жаратылган.

## ДНКнын өзүн жупташы

Белгилүү болгондой, клеткалар бөлүнүп көбөйүшөт. Адам денеси башында бир клетка болот, анан ал клетка бөлүнөт жана натыйжада 2-4-8-16-32... болуп эселенип көбөйөт.

Бул бөлүнүү процесси натыйжасында ДНКга эмне болот? Клеткада бир даана ДНК чынжыры бар. Бирок жаңы пайда болгон клетка да бир ДНКга муктаж болот. Бул жетишпестикти чечүү үчүн ар бир этабы өзүнчө бир керемет болгон кызыктуу бир катар процесстер жүрөт. Аягында клетка бөлүнөөрдөн бир аз мурда ДНКнын бир копиясы жасалат жана ал жаңы клеткага берилет.

Клетканын бөлүнүшүнө жасалган байкоолор клетканын бөлүнөөрдөн мурда белгилүү бир чоңдукка жетиши керек экенин көрсөтөт. Ал белгилүү чоңдук чегинен өткөн соң бөлүнүү процесси өзүнөн-өзү башталат. Клетканын формасы бөлүнүүгө ыңгайлашып жалпайып баштаганда, ДНК да жогоруда айтылгандай өзүн жуптап баштайт.

Мунун мааниси мындай: клетка бүтүндөй бөлүнүү «чечимин алып», клетканын ичиндеги бөлүктөр ошол бөлүнүү чечимине ылайык иш-аракет жасап башташууда. Клетканын мындай коллективдүү ишти жасай турган аң-сезими жок экени анык. Бөлүнүү процесси жашыруун бир буйрук менен башталат жана ДНК баш болуп бүт клетка ошого жараша иш-аракет кылат.

ДНК өзүн көбөйтүү үчүн алгач маңдай-тескей эки бөлүккө бөлүнөт. Бул кубулуш өтө кызыктуу ишке ашат. Формасы спираль бир тепкичке окшогон ДНК молекуласы ал тепкичтин баскычтарынын ортосунан сыдырма сымал экиге бөлүнөт. Эми ДНК эки жарым бөлүккө бөлүнгөн болот. Эки бөлүктүн тең кем болгон жарымдары (экинчи тараптары) айланадагы даяр турган материалдар менен толукталат. Ошентип эки жаңы ДНК молекуласы өндүрүлгөн болот. Операциянын ар бир этабында фермент деп аталган жана алдыңкы роботтордой иштеген адис белоктор кызмат кылат. Бир караганда жөнөкөйдөй көрүнгөнү менен, бул операция учурунда ишке ашкан ара процесстер ушунчалык көп жана татаал болгондуктан, кубулушту терең баяндап берүү көптөгөн бетти ээлейт.

Жупташуу учурунда келип чыккан жаңы ДНК молекулалары текшерүүчү ферменттер тарабынан кайра кайра текшерип чыгылат. Кетирилген бир ката бар болсо –ал каталар өтө маанилүү болушу мүмкүн- заматта аныкталып, оңдолот. Каталуу код жулуп алынып, туурасы алып келип, жабыштырылат. Бүт бул

процесстер ушунчалык тездик менен жасалгандыктан, мүнөтүнө 3000 баскычтуу нуклеотид өндүрүлүп жатканда, бир тараптан бүт ал баскычтар кызматкер ферменттер тарабынан кайра кайра текшерилип, керектүү оңдоолор жасалат. Өндүрүлгөн жаңы ДНК молекуласында тышкы факторлор натыйжасында демейкиге караганда көбүрөөк ката кетирилиши мүмкүн. Бул жолу клеткадагы рибосомалар ДНКдан келген буйрукка ылайык ДНК оңдоочу ферменттерди өндүрүп башташат. Ошентип ДНК да корголгон болот жана урпактын уланышы да коопсуздукка алынган болот.

Клеткалар да адамдар сыяктуу төрөлүп, көбөйүп, анан өлүшөт. Бирок клеткалардын өмүрү адам өмүрүнөн алда канча кыска болот. Мисалы, алты ай мурда денеңизди түзгөн клеткалардын көпчүлүгү бүгүн жок. Бирок өз убагында бөлүнүп ордуларына жаңыларын калтырганы үчүн сиз бүгүн жашап жатасыз. Ушул себептен клеткалардын көбөйүшү, ДНКнын копияланышы сыяктуу процесстер адам өмүрүн улантышы үчүн кичинекей да катага жол берилбеши керек болгон өтө маанилүү процесстер болуп саналат. Көбөйүү процесси ушунчалык кемчиликсиз иштегендиктен, ката деңгээли 3 миллиард баскычта бир баскыч гана. Бул жалгыз ката да кандайдыр бир маселеге себеп болбостон, денедеги жогорку контроль механизмдери тарабынан жок кылынат.

Күн сайын эртеден кечке, сиздин эч кабарыңыз да болбостон, денеңизде сиздин өмүрүңүз эч көйгөйсүз уланышы үчүн укмуш бир кылдаттык жана жоопкерчилик түшүнүгү менен сансыз процесстер жана көзөмөлдөр жасалып, чаралар көрүлөт. Баары өз кызматын кемчиликсиз жана ийгиликтүү жасайт. Аллах эң чоңунан эң кичинекейине, эң жөнөкөйүнөн эң татаалына чейин сансыз атом менен молекуланы сиз жакшы жана ден-соолукта өмүр сүрүшүңүз үчүн кызматыңызга берген. Ушул берешендик жана сый-жакшылыктардын өзү эле адамдын дайыма шүгүр кылышы үчүн жетиштүү эмеспи? Же адам акылы ордуна келиши үчүн сөзсүз бул кемчиликсиз системада бир катар көйгөйлөр жаратылышын күтүшү керекпи?

Эң кызыгы: ДНКнын өндүрүшүн камсыз кылган жана түзүлүшүн көзөмөлдөгөн ферменттер – бул кайра эле ДНКда жазылган маалыматтардын негизинде жана ДНКнын буйругу жана контролу астында өндүрүлгөн белоктор. Бул жерде баары бир-бири менен байланыштуу татаал бир система бар; мындай системанын баскыч баскыч келип чыккан кокустуктар натыйжасында мындай абалга келиши эч качан мүмкүн эмес. Себеби фермент болушу үчүн ДНК болушу, ДНК болушу үчүн болсо фермент болушу керек, экөө тең болушу үчүн болсо клетка мембранасынан баштап бүт башка комплекстүү органеллдерине чейин толугу менен бар болушу шарт.

Жандыктар биринин артынан экинчиси ишке ашкан «пайдалуу кокустуктар» натыйжасында «баскыч баскыч» келип чыккан деген эволюция теориясы ушул ДНК-фермент парадоксу тарабынан толугу менен жокко чыгарылууда. Себеби ДНК

менен фермент чогуу бир учурда бар болушу керек. Бул болсо Аллахтын бар экендигинин апачык далили.

## Эволюция жалганынын акыркы башпаанеги: мутациялар

Дарвин теориясын чыгарганда, бир түр ичиндеги көп түрдүүлүктүн себебин да, өз оюнан чыгарган «бир түр башка бир түргө өзгөрөт» деген көз-карашынын логикасын да түшүндүрө алган эмес. Түшүндүрүшү да мүмкүн эмес эле, себеби Дарвин ДНКдан кабарсыз болчу. Дарвин генетиканы да, биоматематиканы да, микробиологияны да билчү эмес. Бул илим тармактары Дарвин жашаган доордо жок болгондуктан, буларды билиши да мүмкүн эмес эле. Ал колундагы мүмкүнчүлүктөрү менен ар кайсы жаныбарларды союп, скелеттериндеги окшоштукка таянып илимий эмес, ойдон чыгарылган пикирлерин айткан. Жогорудагы илим тармактары али жарала элек болгондуктан, клетка жөнүндө изилдөө жасашы мүмкүн эмес эле.

Учурда өнүккөн технология менен адамдар клетканын кемчиликсиз жана комплекстүү механизмдеринен кабардар болушту. Алардын кокустан же убакыттын өтүшү менен өзүнөн-өзү пайда боло албашы аныкталды. Себеби бул комплекстүү системанын бүт бөлүктөрү бир учурда, бир жерде, кеми жана ашыгы жок, толугу менен пайда болушу керек эле. Болгондо да, бул система миңдеген түрдүү астыңкы системалардан турат. Андай болсо, бир учурда, бир жерде, кемчиликсиз бир системанын бир заматта пайда болушунун бир гана түшүндүрмөсү бар: «Жаратылуу». Ошентип адамдарды жаратылууну четке кагуу аркылуу Аллахтын жолунан буруу үчүн чыгарылган эволюция теориясынын канчалык чоң бир калп экени өнүккөн илим жана технология менен дагы бир жолу далилденди.

Бирок эволюция илимий бир чындык эмес, «Жаратылууну» четке каккан бүт идеологиялардын таянган бир пайдубалы эле. Ушул себептен кандай гана болбосун бул жалганды улантуу зарыл эле. Мунун чарасын башка бир жалгандан табышты: «мутация».

Эволюционисттер мутациялар натыйжасында примитивдик (жөнөкөй) түрлөр өнүккөн жана башка жаңы түрлөр келип чыккан деп чыгышты.

Мутация – бул жандыктын ДНКсында тышкы факторлор натыйжасында (химиялык заттар, рентген нурлары, радиация) келип чыккан өзгөрүүлөр. Бирок бул өзгөрүүлөр эч качан жаңы бир түр пайда кылбайт; себеби мутация генетикалык маалыматтын кемишине же орун алмашышына жол ачат. Генетикалык маалыматка жаңы бир нерселерди кошо алышпайт. Ар бир жандыктын генетикалык маалыматында өз түрүнө тиешелүү маалыматтар жазылган. Ошондуктан генетикалык өзгөрүү (мутация) ал жандык түрүндөгү орган жана түзүлүштөрдүн санын, өңүн жана формасын белгилүү бир деңгээлде өзгөртөт. Жандыкка эч качан жаңы бир орган же өзгөчөлүк кошо албайт. Болгондо да, мутациялардын 99,9%ы

жандык үчүн зыяндуу, ал тургай, анын өлүмүнө себеп болот. Калган 0,01%ы болсо таасирсиз же зыяны башында аныктала албаган мутациялар. Генетикалык жана физиологиялык түзүлүштөрү атайылап мутацияга ыңгайлаштырылган вирустардан тышкары, мутациянын пайдалуу эч кандай салымы жок.

ДНК дене жөнүндөгү маалыматы жана ал маалыматты сактоо дизайны менен өтө жогорку бир түзүлүшкө ээ. Мынчалык алдыңкы бир системага жасалган бир тышкы кийлигишүү сөзсүз түрдө системаны бузат. Татаал механизмдүү бир аспапты туш келди өзгөртүү ал аспапты андан да өнүккөн абалга алып келбейт, тескерисинче бузат. Же башка мисал келтирсек, бир жер титирөө бир шаарды оңдобойт, кыйратат; дал мутациянын ДНКга болгон таасири сыяктуу.

Ортодо бир пайдалуу мутация бар деп элестетели. Ар бир пайдалуу мутацияга миңдеген зыяндуу мутация туура келмек, жана жалпы таасир түрлөрдүн өлүшүнө же бузулушуна себеп болмок. Бүгүнкү күндө дүйнө жүзү майда-чүйдө мутацияга туш болгон миңдеген түрү суук жандыктарга толо болушу керек эле. Адамдардын кээ бирлери үч көздүү, кээ бирлери эки мурундуу болуп, мышыгыңыз беш буттуу балдарды туушу керек эле. Бирок мутациялар зыяндуу жана ошол эле учурда өтө сейрек болот; мына ошондуктан аларга жашоодо эч орун жок.

Мутациялар себеп болчу өзгөрүүлөр Хиросима, Нагасаки же Чернобльдагы адамдар кабылгандай өзгөрүүлөр гана болушу мүмкүн: б.а. өлүктөр, майыптар жана түрү сууктар...

Эволюцияны далилдөө үчүн лабораторияларда радиацияга тосулган эксперименттерде алынган жыйынтык буттары баштарынан өсүп чыккан мөмө чымындарынан ары бара алган жок. Ушул күнгө чейин **эч бир пайдалуу мутация мисалы байкала алган жок.** Байкоого алынган бүт мутациялар зыяндуу. Бул жагдайды Жашоонун тамырлары аттуу китептин автору доктор Махлон Б. Хогланд (Mahlon B. Hoagland) мындайча айткан:

Эстей турган болсоңуздар, бир организмдин ДНКсындагы бир өзгөрүү дээрлик дайыма ал үчүн зыяндуу болот; башкача айтканда жашоосун улантуу мүмкүнчүлүгүн азайтат. Бир салыштыруу жасайлы; Шекспирдин пьесаларына туш келди кошулган сүйлөмдөрдүн аларды жакшыртышы көп мүмкүн эмес... Негизи ДНКдагы өзгөрүүлөр мутация менен болсо да, биз сырттан билип туруп кошкон жат гендер менен болсо да, жашоону улантуу ыктымалдыгын азайтуу өзгөчөлүгүнөн улам зыяндуу болот.[6]

Учурдагы эң белгилүү эволюционисттердин бири Ричард Доукинс да ага бир интервью учурунда узатылган «Белгилүү бир пайдалуу мутация мисалы барбы?» деген суроону жоопсуз калтырып, бул суроого эволюцияга далил боло турган бир жооп бере албашынын өзүн канчалык тынчсыздандырганын да кыймыл-аракеттери аркылуу апачык көрсөткөн.[7]

Бул темада дагы бир көңүл буруу керек болгон жагдай мындай: мутациялар кийинки урпакка өтүшү үчүн сөзсүз көбөйүү клеткаларында пайда болушу керек.

Дененин кандайдыр бир клеткасында же органында келип чыккан өзгөрүү кийинки урпакка берилбейт. Мисалы, бир аял манжасынан ажырап калса, анын баласы ажырабайт, бир манжасы кем төрөлбөйт. Миң урпак бою ар бир туулган маймылга эки буттап басуу үйрөтүлсө, бир миң биринчи урпак туулганда бул өзгөчөлүк ага өтпөйт. Дагы бир мисал берсек; бир түрдүн сол колун он урпак бою кесип салсаңыз, он биринчи урпак кайра эле колу бар болуп туулат, колу эч качан жоголуп калбайт.

Көрүнүп тургандай, мутациялар эч качан жандыктардагы көп түрдүүлүктүн себеби боло алышпайт. ДНКдагы кемчиликсиз тизмек атайын пландуу жаратылган. Жана бул жаратуу улуу кудуреттүү Аллахка тиешелүү. Аллахтын кемчиликсиз жаратаары Куранда төмөнкүдөй кабар берилет:

**Аллах силерге жерди үй, асманды там кылды; силерге келбет берди, келбетиңерди эң сулуу (бир назиктикте) кылды жана силерге сонун-таза нерселерден ырыскы берди. Мына силердин Раббиңер – Аллах ушул. Ааламдардын Рабби Аллах кандай Улуу. Ал – Хайй (тирүү) туруучу. Андан башка кудай жок; демек бир гана Ага ыклас кылып, Ага дуба кылгыла. Ааламдардын Раббисине мактоолор болсун. (Момун Сүрөсү, 64-65)**

Аллахтын жаратканын тангандардын абалы да Куранда кабар берилген:

**Асмандардын жана жердин мүлкү Ага тиешелүү; (Ал) балалуу болгон эмес. Ага мүлкүндө ортоk жок. Бүт нерсени жараткан, ага бир калып берген, белгилүү бир өлчөө менен жараткан. Аны коюп, эч нерсе жаратпаган, тескерисинче өздөрү жаратылган, өздөрүнө да зыян да, пайда да тийгизе албаган, өлтүрүүгө, жашатууга жана кайрадан тирилтип-жаюуга күчтөрү жетпеген бир топ кудайларды (кудай) тутунуп алышты. (Фуркан Сүрөсү, 2-3)**

# КЛЕТКАДАГЫ БЕЛОК ӨНДҮРҮШҮ

Тамак аркылуу денеге кирген белоктор адам денесине ошол бойдон кошулушпайт. Алгач клеткадагы атайын лабораторияларга киргизилип, ал жерде «аминокислота» деп аталган майда молекулаларга бөлүштүрүлөт. Андан соң болсо ал аминокислоталар клетка ДНКсында коддору жазылган 200000дей белок түрүнөн ошол учурда керектүүлөрүн түзүү үчүн башкадан тизилишет. Ар бир баскычы өзүнчө бир керемет болгон бул татаал процесстер сериясы «белок синтези» деп аталат. Бул процесстердин ар биринде ондогон ара процесс жасалат. Адам күнүмдүк жашоосунда, эч сезбегени менен, денесиндеги 100 триллион клетканын дээрлик баарында бул процесстер тынымсыз кайталанып турат.

## Көзгө көрүнбөгөн ири завод

Бул теманы жакшыраак түшүнүү үчүн завод мисалын эстейли; клетканын ичинде белок өндүрүшү үчүн курулган системаны ири бир заводго окшоштурган элек. Бул ири завод жүздөгөн түрдүү продуктту, мисалы, реактивдүү учакты, телевизорду, космос унаасын, диализ аппаратын, болгондо да, булардын миңдегенин бир учурда өндүрө алат. Жер бетинде мынчалык көп түрдүү продуктту кемчиликсиз жасай ала турган бир завод, албетте, жок. Бирок биз клеткадагы өндүрүштүн кемчиликсиздигин түшүндүрө алуу үчүн клеткага окшош өзгөчөлүктөрү жана жөндөмдөрү бар фантастикалуу бир завод моделин элестетели.

Мындай теориялык бир завод төмөнкүдөй иштеши керек: завод сырттан келген бир буйрук менен, мисалы, бир согуш учагын жасоону чечет. Учактын техникалык эсептери, башка бүт продукттардын техникалык чен-өлчөм жана эсептери менен бирге, заводдун компьютеринде сакталган. Компьютер бүт ал эсеп менен чен-өлчөмдөрдү монтаж жана өндүрүш роботтору түшүнө ала турган пландарга жазат. Ал пландар атайын бир байланыш системасы аркылуу монтаж роботуна жөнөтүлөт.

Монтаж системасы кылдаттык менен учакты жасап баштайт. Учактын ар бир тетиги бир гана ошол тетиктен жооптуу адис тарабынан монтаж роботуна алып келинет жана тиешелүү жерлерге куралат. Кичине эле ката кетирилсе учак кулайт, бирок система ката кетирбейт. Чанда гана каталуу бир продукт өндүрүлсө, ал продукт кылдат контролдогучтар тарабынан заматта аныкталып, сөзсүз иштен чыгарылат. Болгондо да, каталуу продукт тетиктерге бөлүштүрүлүп, ал тетиктер жаңы өндүрүштөрдө кайрадан колдонулат. Эч нерсе ысырап кылынбайт. Завод бир жерде жүздөгөн учак, диализ аппараты, компьютер, автомобиль сыяктуу ар кандай продукттарды бир учурда өндүрө алат. Ал продукттардын кээ бирлерин өзү колдонуп, кээ бирлерин сыртка сатат.

Клеткадагы уюштуруу иши бул фантастикалуу мисалдан алда канча жогору. Башында да айтылгандай, адам денесинде 200000 белок түрү колдонулат жана булардын баары клеткаларда өндүрүлөт. Ар бир клеткада бүт белоктордун жасалуу пландары бар. Бирок, клетка өзүнүн ичинде колдоно турган жана сыртка экспорттой турган белоктордун маалыматын гана өз ДНКсынан тандап алып, өндүрүшүн ошого жараша жасайт. Өндүрүлгөн белоктордун араларындагы функционалдык (кызматтык) айырмалар болсо жок дегенде бир учак менен телевизордун арасындагы айырмачалык чоң.

## Белок өндүрүшү кантип жасалат?

- Денеде кандайдыр бир белокко муктаждык пайда болгондо аны өндүрө турган клетка же клеткалар бир катар комплекстүү иштерди жасоо ишине киришишет. Бул клетка өз ичинде колдоно турган же сыртта колдонулуу үчүн экспорттой турган бир белок түрү болушу мүмкүн. Өз ичинде колдоно турган бир белокту өндүрүүдө клетка өзү чечим чыгарса, сыртта колдонула турган бир белокту өндүрүү үчүн ал клеткага белок сыяктуу атайын элчилер аркылуу кабар келет.
- Ал белоктун түзүлүшү жөнүндө бүт маалыматтар клетканын ядросундагы ДНКларда коддолгон. Өндүрүлө турган белок жөнүндө керектүү бүт маалыматтар көптөгөн ферменттердин жардамы менен ДНКдан копияланып ДНК бетинде лента сымал бир РНК молекуласы алынат. Эми белок РНК ДНКдан копиялаган ушул маалыматтарга жараша өндүрүлө турган болгондуктан, ал РНК кабарчы (m) РНК деп аталат.
- Маалыматтарды алган кабарчы РНК клетканын негизги өндүрүш бөлүгү болгон рибосомалардын бирөөсүн көздөй жөнөйт. Рибосома кабарчы РНК лентасынын башталыш учунан маалыматтарды окуп баштайт. ДНКдагы үч тамгадан турган коддордун ар бири белок чынжырынын шакектеринен болгон бир аминокислотаны көрсөтөт.
- Рибосома кабарчы РНКдан үйрөнгөн катарда шакектерди (аминокислоталарды) бириктирип, чынжырды пайда кылат.
- Рибосомага шакектерди (аминокислоталарды) бир-бирден, ташыгыч РНК (t-RNA) деп аталган молекулалар алып келишет. Ар бир ташыгыч РНК өзүнө тиешелүү өзгөчө бир шакекти (аминокислотаны) ташыйт. Ташыгыч РНКнын бир учунда алып бараткан аминокислотасы, экинчи учунда болсо жүгүн таштай турган дареги жазылган код (антикодон) бар.
- Рибосомага келген ташыгыч РНК колундагы дареги сүрөттөгөн кабарчы РНК калыбына отурат. Үстүндөгү аминокислотасын калтырып, рибосомадан чыгат. Рибосома калып үстүндө бир код (үч тамга) койот. Колунда жаңы коддун дареги турган башка бир ташыгыч РНК келип калыпка отуруп, ал да өз аминокислотасын калтырат. Калыптагы бүт коддор окулганда аминокислоталар бир-бирлерине уланып, белок молекуласы пайда болгон болот.

Сиз да болжогондой, бул жерде бир канча сүйлөм менен үстүртөн гана баяндап берилген бул кубулуш чындыгында алда канча татаал ара процесстер натыйжасында ишке ашат. Терендеп караганда адам акылына сыйбас керемет процесстерди көрөбүз. Жана өтө маанилүү кээ бир суроолор туулат.

Биринчи суроо белок өндүрүшүнүн эң башында туулат. Көзгө көрүнбөгөн, аң-сезими жок молекулалардан турган клетка кайсы эрк менен бир нерселерди өндүрүүнү чечет? Себеби чечим чыгаруу жөндөмү ойлоно алган, анализ кыла алган аң-сезимдүү жандыктарга тиешелүү бир өзгөчөлүк. Көмүртек, суутек, кычкылтек, азот атомдорунан турган молекулалар кантип чечим алуу жөндөмүнө ээ боло алышат? Албетте, бул жөндөмдүн ээси аң-сезими жок молекулалар эмес, бул чечимди алып клеткага илхам кылган, клетканы да ошол чечимге жараша иштеткен башка бир күч бар.

Чечим алган соң кезек кабарчы РНКнын ДНКдагы маалыматтарды окушуна келет. РНКнын өндүрүшүнөн жооптуу фермент ДНК тепкичинен керектүү белокко тиешелүү маалыматты гана табат. «Табат» деп айтуу балким оңойдур, бирок бул процесс абдан татаал бир процесс. Себеби ДНКдагы керектүү маалыматты табуу 900 тепкичтүү бир маалыматты 5 миллиард тепкичтин арасынан таап чыгаруу деген мааниге келет. Бул 20 томдук бир энциклопедиянын кандайдыр бир бетине жазылган, жарым саптык өзгөчө бир маалыматты эч сүрөттөөсүз ошол учурда табууга окшош. Анткен менен, клеткада бул маселе кайра эле керемет бир ыкма менен чечилген жана керектүү шарттар түзүлгөн: ДНК бетиндеги керектүү бөлүк бир башталыш жана бүтүш кулпусу менен белгиленген. Фермент ошол кулпуларды табат.

Дагы бир суроо туулат; фермент гана түшүнө ала турган бул кулпуларды дал керектүү жерлерге ким коюп койгон? Же ферментти келечекте бул кулпуларды тааный турган сыпаттар менен жабдылган абалда ким жараткан?

Албетте, бул суроолордун жообу апачык: бул кемчиликсиз системаларды жараткан, ар бир бөлүктү керектүү жерге жайгаштырган жана булардын баарынын бир-бирине төп келип иштешин камсыз кылган – бул бүт жандыктардын Жаратуучусу чексиз илимдүү Улуу Аллах.

## Керектүү ар түрдүү чаралар

Ферменттер бул процесстер учурунда керектүү маалыматты таап эле тим болбой, ал маалыматтын тездик менен копияланышын да камсыз кылышат. Экинчи тараптан, кээ бир ферменттер болсо өтө татаал түзүлүштөгү ДНКнын копияланышы учурунда келип чыгышы мүмкүн болгон маселелердин алдын алышат. ДНКнын бүгүлүп, оролгон бир тепкич сыяктуу экенин айткан элек. Копиялоо учурунда ДНКнын ичиндеги маалыматтарды окуй алуу үчүн тепкичтер бир фермент тарабынан ачылат. Бул ачуу процесси ушунчалык бат болгондуктан, ДНКнын сүрүлүүдөн улам ысып күйүп кетүү коркунучу туулат. Бирок бул коркунучка карата

да алдын ала чара көрүлгөн. Атайын бир фермент ДНКнын окулган спиралын эки тарабынан кармап мындай сүрүлүүгө жол бербейт. Жана, ошондой эле, атайын ферменттер аркылуу ДНК копиялануу учурунда ачылганда бир-бирине аралашып, чалды-куйду болуп кетишинин алды алынат.

Мынчалык татаал жана оор ишти жасаган ферменттердин өздөрүнүн да белоктор экенин жана ушул эле ыкма менен, б.а. белок синтези аркылуу клетка тарабынан өндүрүлөөрүн унутпайлы. Бул өндүрүш бир эле жолу жасалышы үчүн да керектүү бүт ферменттердин, ферменттерди иштете турган витаминдердин, жардамчы белоктордун жана энергия булактарынын, керектүү генетикалык маалыматтын жана өндүрүш органелллдеринин баары бир учурда, чогуу бар болушу керек. Бирөөсүнүн эле кем болушу бүт механизмди ишке жараксыз кылып койот.

Ошондуктан дүйнөдөгү алгачкы клетка кемчиликсиз бойдон бир учурда «пайда болгон» болушу шарт. Албетте, бул клетка жаратылган деген мааниге келет. Бул «жашоо этап этап кокустуктар натыйжасында пайда болгон» деген эволюционисттер эч качан түшүндүрө албай турган жагдай. Эволюционисттердин бул чарасыздыгы эволюционист илимпоздор Фред Хойл (Fred Hoyle) жана Чандра Викрамансингх (Chandra Wickramansinghe) тарабынан мындайча моюнга алынган:

...Жашоонун башталышынын кокустук болушу мүмкүн эмес. Ааламдагы бүт маймылдарды бирден басуучу машинкага отургузсаңыз жана ал маймылдар туш келди ал машинканын клавишаларын басышса, ал маймылдардын бирөөсүнүн да Шекспирдин бир эмгегин пайда кылышы эч мүмкүн эмес. Ал тургай, иш жүзүндө туура эмес жазылгандарды салуу үчүн талап кылынган таштанды кутулары жетпегени үчүн да бул мүмкүн болбойт. Бул тирүү (жандуу) заттарга да тиешелүү. Жашоонун жансыз заттан өзүнөн-өзү келип чыгуу ыктымалдыгы 1 санынын жанына 40000 нөл жазыңыз. Жашоонун жансыз заттан өзүнөн-өзү келип чыгуу ыктымалдыгы ушул санда бир ыктымалдыкка барабар... Эгер адам коомдук ишенимдеринен улам же «илим эволюцияга ишениши керек» деген көз-карашынан улам стереотиптүү болуп калбаган болсо, бул жөнөкөй эсеп Дарвинди жана бүт теорияны көмүүгө жетиштүү деңгээлде ыктымалсыз бир сан. Бул планетада да, башка бирөөсүндө да эч кандай «алгачкы шорпо (первичный бульон)» жок эле жана жашоонун башталышы кокустук эмес, демек белгилүү бир максатты көздөгөн бир акылдын жаратканы.[8]

## Кааланбаган коддор табышмагы

Кээ бир клеткаларда РНК ДНКны копиялап жатканда таң калыштуу окуялар болот. РНКны өндүргөн фермент ДНКдагы өндүрүлө турган белок менен байланыштуу кодду катары менен окуп копиялап баратканда, кээде ал өндүрүш үчүн керексиз кээ бир коддорго жолугат. Ушул себептен, фермент копиялоо учурунда керектүү ДНК бөлүгүн катары менен окуп баратып, керексиз маалымат

бөлүгүн да окуганга мажбур болот. Жана унутпашыбыз керек; керексиз окулган бир эле маалымат өндүрүлө турган белокту бүтүндөй ишке жараксыз кылып койот.

Ферменттин алдындагы бул маселени бир аз жакыныраактан карайлы: айталы, 1000 аминокислоталуу бир белок өндүрүлөт. Ар бир аминокислота 3 код менен чагылдырылгандыктан, бул процесске жооптуу фермент ДНК бетинде катары менен 3 миң баскычтуу бир код чынжырын окушу керек болот. Бирок ДНКнын бетиндеги 3 миң коддун арасында ферментке керексиз, мисалы, 5 жүз код бүтүн бойдон ортого кирип калган. Фермент бул 5 жүз баскычтын үстүнөн аттап өтө албайт. Бирок кийинки маалыматтарга жетүү үчүн бул 5 жүз баскычтын үстүнөн аларды копиялабастан өтүшү керек. Бирок үстүнөн өтсө, кааласа каалабаса, ал керексиз маалыматтарды да копиялоого мажбур болот. Фермент ири ДНК молекуласын кесе албайт, үстүнөн аттай да албайт. Мунун чечүү жолун кайра сизден, акылдуу адам баласынан сурайлы. Сиз болсоңуз бул маселени кантип чечмексиз.

Илимпоздор жакынкы жылдары жасаган изилдөөлөрүндө бул маселенин өтө таң калыштуу жол менен чечилгенин байкашкан. ДНК молекуласы, б.а. фосфат, шекер (кант), көмүртек сыяктуу жөнөкөй заттардан турган ДНК молекуласы өтө таң калыштуу бир кыймыл-аракет жасайт. Экзон деп аталган окулбашы керек болгон код тизмегин сыртты көздөй ийет. Натыйжада катары менен окулушу керек болгон, бирок ортодо керексиз коддор турганы себептүү бир-биринен алыста калган эки код тизмегинин учтары биригет. Керектүү маалыматтар турган бөлүк интрон деп аталат. ДНК молекуласын окуп жаткан фермент сыртта калган керексиз маалыматты окубастан молекула ийилип бир-бирине жакындаган жерден аркы бетке өтүп, окууну улантат. Биз болжогондой, бул окуялардын ар бир этабында көптөгөн химиялык реакциялар жүрөт. Бирок бул реакциялар ишке ашкан кичинекей клетка ядросунун ичинде эч бир башаламандык же хаос болбойт.

Керексиз коддор маселесинин алдын алуу үчүн дагы бир ыкма да колдонулат. РНК алгач керексиз коддор да кошо генди башынан аягына чейин ДНКдан копиялайт. Андан соң, бир буйрукка баш ийгендей болуп, өзүндөгү керексиз коддорду бир шакек сымал сыртты көздөй ийет жана ал бөлүк жулунуп салынат. РНКга башында копиялап туруп, анан жулунуп салынган коддордун керексиз экенин ким кабар берет? Эң башта бул окуялар ишке ашышы үчүн колдонулган фермент, ДНК жана РНК бир-бирин өтө жакшы таанышы керек. Фермент кыла турган иши жөнүндө өтө терең «таалим» алышы керек болот. Өз милдетин билип, ишин жасай алышы үчүн башка ферменттер менен толук кызматташтыкта иштеши зарыл. ДНК болсо өзүнчө бир жандык сыяктуу чечим алып, өзүндөгү кээ бир маалыматтарды ферментке сунуп, шартка жараша кээ бирлерин жашырып, ферментке жол көрсөтүшү зарыл. Жана албетте ферменттер да, ДНК да өндүрүлө турган белоктун эмне ишке жарашын билиши, аны өндүрүүнү каалашы, бүт бул комплекстүү эсептерди жасап жана план түзүп, ийгиликтүү ишке ашырышы зарыл.

Бирок «билүү», «эсептөө», «каалоо» жана «жаратуу» сыяктуу касиеттердин бул кичинекей молекула жыйындыларында боло албашы анык. Бул касиеттер чексиз кудуреттүү Аллахтын сыпаттары. Аллах бул сыпаттарын бүт ааламда көрсөткөн сыяктуу, көзгө көрүнбөгөн бир клетканын ядросундагы жансыз бир молекулада да көрсөтүүдө. Бир аз акылы бар бир адам бул системанын жаратылганын жана ааламдагы башка бүт системалар сыяктуу клетканын да Аллахтын абсолюттук башкаруусунда экенин түшүнөт.

Куранда Аллахтын бүт нерселердин үстүндөгү өкүмдарлыгы төмөнкүдөй кабар берилген.

**Мен чындыгында, менин да Раббим, силердин да Раббиңер болгон Аллахка тобокел кылдым. Ал маңдайынан кармап-көзөмөлдөбөгөн эч бир жандык жок. Сөзсүз менин Раббим туптуура бир жол үстүндө (туптуура жолдогуну коргоодо). (Худ Сүрөсү, 56)**

## Буюртманын даярдалышы

Мурдакы бөлүмдө саналган процесстер натыйжасында буюртма (заказ) үчүн керектүү маалыматтар ДНКдан кабарчы РНКга (m-RNA) ферменттер аркылуу жазылат. Эми кезек рибосоманын ДНК ага берген буюртманы өндүрүшүнө келет. Рибосома ушундай бир завод; дал ага буюртма кылынган молекуланы жасайт. Буюртма кылынган молекуланын курулуш планы болсо m-RNA молекуласында. m-RNA ДНКдан өзүнө копиялаган маалымат менен бирге ядродон чыгат жана цитоплазма ичиндеги рибосомалардын бирөөсүнө барып ага жабышат. m-RNAдагы ар бир кодго туура келген аминокислота чөйрөдөн ташыгыч (t) башка бир РНК түрү тарабынан рибосомага алып келинет жана тиешелүү жерге жабыштырылат. t-RNAнын (ташыгыч РНКнын) бир учунда m-RNAдагы коддордон бирөөсүнүн жубу, экинчи учунда болсо ал код чагылдырган аминокислота молекуласы болот. Ошентип t-RNA өз кодуна туура келген m-RNA бетиндеги код менен бириккенде, автоматтык түрдө ал алып келген аминокислота да туура катарда жайгашкан болот.

Колдонулган 20 түрдүү аминокислота үчүн 20 түрдүү ташыгыч РНК бар. Ар бир аминокислота өзүнүн ташыгыч РНКсы менен гана бириге алат. Себеби бир-бирине туташа алышы үчүн үч өлчөмдүү түзүлүштөрү бир-бирине толук дал келиши керек. Миңдеген атомдон турган бир ташыгыч менен аминокислотанын бир-биринин формасына төп келе тургандай жаратылганы Аллахтын жаратуусундагы төп келүүчүлүк менен кемчиликсиздиктин далилдеринен. Себеби Ал **«кемчиликсиз жаратуучу» (Бари).** (Хашр Сүрөсү, 24)

Белок синтези жасалган рибосомалар аларга келген m-RNAнын бетинде жазылган маалыматка таянып жүздөгөн, миңдеген аминокислота молекуласын бир-бирине кошуп, керектүү полипептид чынжырын (белок молекуласын) курушат. Ал молекула ичинде m-RNAдагы планга кирбеген бир дагы аминокислота ашыкча

кошулуп калбайт. Же кандайдыр бир аминокислота пландагы ордунан башка бир жерге коюлбайт, эч бири кем да калтырылбайт. Мындай каталардын кандайдыр бирөөсү кетирилсе, керектүү белок молекуласы эмес, анын ордуна керексиз башка бирөө, б.а. жат бир белок өндүрүлгөн болот. Бирок жат белокторду көбүнчө организм менен клеткалар эч жактырбайт. Аларга каршы антителолор өндүрүп, аллергиялык реакция көрсөтүшөт.

Клеткадагы башка мүчөлөр сыяктуу рибосома да атомдордон турган жансыз бир жыйынды. Бирок бул белок жыйындысы өзүндө болушу мүмкүн болбогон бир акыл менен, б.а. Аллахтын жаратуусу менен миңдеген түрдүү продуктту көптөгөн татаал процесстер натыйжасында өндүрө алат.

Клеткада ДНКдагы маалыматка ылайык бир даана белокту өндүрүү үчүн бир-бири менен гармонияда иштеген эң аз 75 даана жардамчы молекулага муктаждык бар. ДНКдан маалымат копиялоо учурунда кызмат кылган ферменттер болсо мындан тышкары.

Жасалып бүткөн ар бир белок молекуласынын акыркы аминокислотасы да ордуна тагылып, баары бүткөнү клетканын (аныгыраагы рибосоманын) бир акыркы текшерүү кызматкери тарабынан тастыкталмайынча, бул синтез бүткөн болуп саналбайт. Эгер эң аягында бир ката табылса да, «ушунча болду, бул ушул бойдон чыга берсин» деп плансыз бир молекула чыгарып жиберилбейт. Себеби мындай бир толеранттуулук клеткадагы белок синтезин пландан чыгарып, эсепсиздикке түртөт, контроль системасын бузат жана клетканы кыйратуучу бир анархияга түртөт. Клеткада мындай жагдай патологиялык учурларда, балким өлүп бараткында гана болушу мүмкүн.

Кадимки шарттарда жана ден-соолугу ордундагы бир клеткада формасы толук жана катасыз болбогон молекула тездик менен бир бузуучу ферментке тапшырылат. Жана ал фермент анын көпчүлүк же бүт пептид байланыштарын үзөт. Б.а. молекуланы аминокислоталарга же өтө кыска жана зыянсыз полипептид чынжырчаларына бөлөт. Башка синтездерде колдонула ала турган курулуш материалдарына айлантып эркин койо берет.

Клеткадагы бул система эволюционисттерди да таң калтырууда. Эволюционист бир илимпоз жана клетка адиси профессор, доктор Муаммер Билге да төмөнкү сөздөрүндө таң калганын жашыра албоодо:

Бүт бул жыйынтыктарды талап кылынгандай камсыз кыла алган, өзү үчүн коркунуч жана жоготуу жаратпаган, туюк көчөлөргө кирбеген клеткада белок синтези өнөр-жайы эч кемчиликсиз бир уюшкандык менен жана кемчиликсиз бир алдын ала көрөгөчтүк менен жасалууда десек болот... Клеткада булардын баары ушундай болот. Бирок кантип мындай кыла алышат? Али муну толук түшүнө алган жокпуз. Жыйынтыктарды гана көрүп жатабыз жана ал жыйынтыктарды камсыз кылган кемчиликсиз уюштуруунун кээ бир бөлүктөрүн гана байкай алдык.[9]

## Жашоонун кокустан келип чыгышы мүмкүн эмес

Эволюция теориясы жашоонун алгачкы этабы болгон белоктун кантип пайда болгонун кандайча түшүндүрүшүүдө?

Жооп жөнөкөй; эволюция теориясы белоктун кантип пайда болгонун эч кандай түшүндүрө албайт. Эволюционисттер «белок бир кокустук натыйжасында пайда болгон» деген сөздү гана айтышат.

Бул көз-караштын логикасыздыгын карап чыгуу бизге эволюциянын канчалык чоң бир алдамчылык экенин таптак көрсөтөт.

Ой жүгүртүү керек; алгачкы замандай эң контрольсуз шартта «алгачкы» белок молекуласы эволюционисттердин көз-карашы боюнча кокустан кантип пайда болгон болду экен? Аминокислота тизмеги ар кандай терс таасирлер бар болгон алгачкы дүйнө шарттарында кантип «кокустан» түзүлө алат эле?

Болгондо да, бир белоктун пайда болушу да жетпейт, мындай контрольсуз шартта эч кырсыкка туш болбой, өзү сыяктуу дал ошондой шарттарда кокустан пайда боло турган дагы бир молекуланы күтүшү керек болмок. Клетканы түзө турган миллиондогон ылайыктуу жана керектүү белоктордун баары «кокустан» бир жерде жанаша пайда болгонго чейин... Мындан тышкары, башында пайда болгон белоктор да ал шарттарда ультра-кызгылт нурларга, күчтүү механикалык факторлорго карабастан, эч бузулбай, сабырдуулук менен миңдеген, миллиондогон жыл жанында башка белоктордун кокустан пайда болушун күтүшү керек эле. Анан жетиштүү санда жана бир жерде пайда болгон, толугу менен кокустуктар натыйжасында келип чыккан деп айтылган бул белоктор керектүү формада биригип клетканын органелллдерин түзүшү зарыл эле. Араларына эч бир жат зат, зыяндуу молекула, ишке жараксыз белок чынжырын да кошпошу керек эле. Анан ал органелллдер өтө гармониялуу жана уюшкандык менен, бир план жана тартипке ылайык чогулуп, бүт керектүү ферменттерди да жандарына кошуп, бир мембрана менен оронуп, ал мембрананын ичи болсо аларга идеалдуу шартты камсыздай турган атайын бир суюктукка толушу керек эле.

Бүт ушул ыктымалсыз окуялардын баары ишке ашса да, пайда болгон молекула жыйындысына баары бир жан кирмек эмес.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, жашоо башталышы үчүн жандыктарда болушу керек болгон заттардын чогулушу жетиштүү болбойт. Жашоо үчүн керектүү бүт белокторду топтоп бир эксперимент идишине салып койсок, баары бир андан бир жандык келип чыкпайт.

Себеби жашоо (тирүүлүк) – организмди түзгөн бөлүктөрдүн же молекулалардын чогуу болушунан алда канча жогору, метафизикалык бир түшүнүк. Жашоо – бул Аллахтын «Хайй» (Тирүү, Жашоо ээси) сыпатынын бир чагылуусу. Анын каалоосу менен гана башталып, уланат жана аяктайт. Бүт нерсе сыяктуу жашоо да Аллахтын бир «Бол» деген буйругу менен болот.

Эволюция теориясы жашоо үчүн керектүү материалдын кантип пайда болгонун да, бириккенин да түшүндүрө албай келет, жашоонун кантип башталганын да...

Биз ошентсе да бир саамга бул ыктымалсыздыктарды кабыл алалы; миллиондогон жыл мурда жашоо үчүн бүт материалдарды топтой алган бир клетка пайда болду жана кандайдыр бир жол менен «жашап баштады» дейли. Бирок эволюция көз-карашы кайра эле кыйрайт: ал клетка белгилүү убакытка чейин жашай алса да, аягында өлөт жана өлгөн соң эч нерсе жок болуп калат, баары кайра эң башына кайтат. Себеби генетикалык системасы болбогон ал алгачкы жандуу клетка өзүн көбөйтө албаганы үчүн өлгөн соң жаңы бир урпак калтыра албайт, жашоо да анын өлүмү менен кошо токтойт.

Генетикалык система болсо ДНКдан эле турбайт. ДНКдан ал кодду окуй турган ферменттер, ал коддорду окуудан келип чыккан mRNA, mRNA ал код менен барып өндүрүш үчүн үстүнө туташа турган рибосома, рибосомага өндүрүштө колдонула турган аминокислоталарды ташый турган бир ташыгыч РНК жана ушул сыяктуу сансыз ара процесстерди жасаган өтө комплекстүү ферменттер да ал жерде болушу керек. Ошондой эле, мындай шарттар, клетка сыяктуу, керектүү бүт чийки зат жана энергия мүмкүнчүлүктөрү бар, бүт тараптан изоляцияланган жана бүтүндөй контрольдуу бир жерде гана болушу мүмкүн...

Бир органикалык зат бүт органеллдери менен бирге толук жабдылган бир клетка абалында болгондо гана өзүн көбөйтө алат. Бул болсо клетканын укмуш комплекстүү түзүлүшү менен бирге «бир учурда» пайда болушу деген мааниге келет.

Комплекстүү бир түзүлүштүн «бир учурда» пайда болушу эмне мааниге келет?

Бул суроону мындай бир мисал менен да узаталы. Клетканы комплекстүүлүгү жагынан заманбап бир машинага окшотсок болот. (Ал тургай, клетка, мотору жана бүт техникалык жабдыктарына карабастан, машинадан алда канча комплекстүү жана өнүккөн бир системаны камтыйт.) Эми сурайлы: бир күнү эч адам буту баспаган бир токойдун ичинде кыдырып баратып, дарактардын арасында жаңы модельдеги бир машина көрүп калсаңыз, оюнузга эмне келет? Токойдогу ар түрдүү элементтер миллиондогон жыл ичинде кокустан чогулушуп ушундай бир продуктту жасады деп ойлойсузбу? Машинаны түзгөн бүт чийки заттар; темир, пластмасса, каучук (резина) жана башкалар топурактан же анын продукттарынан алынат. Бирок бул жагдай сизде бул материалдар «кокустан» синтезделип, анан биригишип, аягында ушундай бир машинаны пайда кылышкан деген ой жаратабы?

Албетте, акылы жайында болгон ар бир адам машинанын аң-сезимдүү, пландуу бир дизайндын, б.а. бир заводдун продуктусу экенин ойлоп, анын токойго кантип келип калганына кызыгат.

Кайрадан клеткага кайтсак, мындай деп айта алабыз: комплекстүү бир түзүлүштүн туруп туруп, бир кезде толугу менен пайда болуп калышы анын аң-сезими бар бир зат тарабынан жаратылганын көрсөтөт. Болгондо да, клеткадай татаал бир түзүлүштө бул апачык көрүнүп турат. Ишке жарактуу бир белоктун кокустан пайда болуу ыктымалдыгы нөл чыгып жатканда, мындай кыялдагы белоктордун миңдеген түрүнөн миллиондогонунун чогулуп клетканы пайда кылышынын канчалык мүмкүн эмес экенин айтууга сөз да табуу кыйын.

Болгондо да, ыктымалсыздыктар чынжыры булар менен эле бүтпөйт. Адам денеси үчүн керектүү миллиондогон белок кокустан пайда болуп, кокустан бир жерге чогулган деп кабыл алсак дагы, бул бир көк тиреген имараттын ташы, цементи, курулуш материалдарынын бир жерге чогулушу деген гана мааниге келет. Бүт бул материалдардын өтө татаал бир план жана долбоорго ылайык, кылдат өлчөлүп, эсептелип, системалуу, акылдуу жана так көзөмөл менен, жана башчынын буйругун угуп бириктирилишинен гана бир көк тиреген имарат курула алат.

Бирок ушундай адамдар бар; көк тиреген имараттарды көргөндө «ким тарабынан курулган» деп сурашып, жандыктарга келгенде болсо «кайсы кокустук натыйжасында пайда болгон» деп кызыгышат. Бул чындыгында түшүнүү кыйын болгон бир сокурдук. Муну Куранда берилген маалымат аркылуу гана түшүнүүгө болот. Аллах Куранда кээ бир адамдар жөнүндө мындай деп кабар берген:

**«(Алардын) Жүрөктөрү бар, муну менен аңдап-түшүнө алышпайт; көздөрү бар, муну менен көрө алышпайт; кулактары бар, муну менен уга алышпайт. Булар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Аьраф Сүрөсү, 179)**

Кээ бир адамдардын көз алдында турган апачык чындыктарды көрө албашы жана Жаратуучубузду танышы Аллахтын кереметтеринин бири. Жана башка кереметтер сыяктуу таң калыштуу. Дүйнөнүн, күндүн жана бүт ааламдын жаратылуусу Аллахтын чексиз кудурети менен илимин көрсөткөн сыяктуу, айланасындагы сансыз далилдерге карабастан, «Аллах жок» деген бир адамдын жаратылуусу да Аллахтын бүт нерсеге кудуреттүүлүгүн көрсөтөт:

**Эгер таң кала турган болсоң, чыныгы таң кала турган нерсе – бул алардын: «Биз топуракка айланганда, чындап биз кайрадан тирилтилебизби?» деген сөздөрү. Мына ошолор Раббилерин тангандар, мына ошолор моюндарына (оттон) шакектер кийгизилгендер жана мына ошолор ичинде түбөлүк кала турган оттун достору. (Рад Сүрөсү, 5)**

## Башка кээ бир парадокс мисалдары

Илим дүйнөсү тирүү клетканын адамзат көргөн эң комплекстүү түзүлүш экенин бир оолдон кабыл алат. Бир салыштыруу боюнча; көз-карандысыз жашай алуу өзгөчөлүгү бар, эң жөнөкөй тирүү организм болгон бир прокариот бактерия клеткасы да ушунчалык татаал түзүлүштө болгондуктан, космос унаасы анын жанында технологиялык жактан артта калган бир продукт болуп калат.

Эми эч мүмкүн эмес нерсени бир саамга кабыл алалы; бир саамга клетка кокустан пайда боло алган деп кабыл алалы жана мунубуздун канчалык туура экени жөнүндө ойлонолу. Анда; айланабызда көргөн жана клеткадан алда канча жөнөкөй түзүлүштөгү сансыз буюм менен каражаттардын көпчүлүгү (клетка кокустан пайда болуу үчүн жандалбастап жатканда) кокустуктар натыйжасында миңдеген жолу оңойураак жолдор менен пайда болушу керек эле. Себеби эң жөнөкөй логика эрежелери боюнча, татаал бир нерсенин кокустуктар натыйжасында келип чыгышы андан алда канча татаал бир нерсенин кокустуктар менен келип чыгышынан бир топ оңой болот. Эгер мындай эң комплекстүү түзүлүш да өзүнөн-өзү пайда боло алса, ал шарттарда андан жөнөкөйлөр бир топ оңой жана бир топ көп санда пайда болушу керек эле. Ошондуктан, кокустуктардын бир күчү бар деп элестетсек, алгачкы дүйнө шарттарында бир телевизордун, бир машинанын, бир микрочиптин же болбосо бир плеердин эч бир өндүрүүчүсүз, кокустан пайда болуу ыктымалдыгы теориялык жактан бир клетканын пайда болуу ыктымалдыгынан алда канча жогору. (Албетте, чындыгында клетка да кошо, бүт баары үчүн кокустан пайда болуу ыктымалдыгы нөлгө барабар, бул толугу менен ойдон чыгарылган бир мисал.)

Дагы бир парадокс (карама-каршылык) жөнүндө ой жүгүртөлү.

Тирүү клетка пайда болушу жана көбөйүп урпагын улантышы үчүн көп бөлүгү белоктордон турган тетиктери да, генин урпактарга өткөрө турган ДНКсы да бир учурда, бирге бар болушу керек дедик. Бир саамга белоктор жана алардан турган фермент, органелл, клетка мембранасы жана башкалар, жана ДНК да кокустуктар натыйжасында бир жерде пайда болгон деген жиндиче бир пикирди кабыл алдык дейли... Бирок бул да клетканын пайда болушу үчүн жетиштүү болбойт. Себеби бул жерде чоң бир кооптуулук бар; ДНК ал белокторго эч качан тийбеши керек. Себеби тийгенде ДНК кислота, белоктор болсо база эффектин көрсөтүп, заматта реакцияга кирип, бир-бирин жок кылышат. Ушул себептен, ДНК нуклеотиддери жана белоктор эволюционисттер тарабынан «алгачкы шорпо» деп аталган кыялдагы бир шарттарда кандайдыр бир жол менен пайда болгондо да, кийинки этапка өтө албастан, бир-бирин тузга айлантып салышмак.

Мунун дагы бир кереметтүү тарабы мындай: бир кислота менен бир база бириккенде сөзсүз реакцияга кирет, бирок бул экөө клеткада укмуш бир кызматташтык жана гармонияда чогуу кызмат кылышат. Өндүрүш жасашат. Ал эми, клетка сыртындагы эркин чөйрөдө биригиши экөөнүн тең өлүмүнө себеп болот.

Бирок бул система да, бүт тараптагы сыяктуу, толугу менен пландалып, бүт чаралардын баары көрүлгөн. ДНК молекулалары клетканын эң коопсуз бөлүгү болгон ядрого жайгаштырылган жана айланадагы зыян тийгизе турган нерселерден өзгөчө, кылдат ыкмалар менен изоляцияланган. Копиялоо сыяктуу процесстер учурунда ДНК менен фермент белокторунун жолугуусу ушунчалык контрольдуу жана эсептүү бир тартипте жүргөндүктөн, эки тарап тең жабыркабастан, максимум натыйжа алышат.

## Молекулалардын аң-сезими жок

Авторлору эволюционисттер болгон биология китептеринде да дайыма басым жасалган орток бир жагдай бар: бул жерге чейин баяндалган окуялардагы «кызматкерлердин» өтө аң-сезимдүү кыймыл-аракет жасашы. Биз да бул жерге чейин көп жерде клетка жөнүндө да, ДНК же РНК жөнүндө да, ферменттер жөнүндө да, органеллдер жөнүндө да «окуйт», «чечим алат», «тандайт», «көзөмөлдөйт», «оңдойт», ... деген сыяктуу этиштерди колдондук. Мындай кыймыл-аракеттерди аң-сезими, акылы жана эрки бар жандыктардын гана жасай алаары анык. Бирок бул жерге чейин сөз кылынгандар эч бир ойлонуу, чечим чыгаруу, акыл жүгүртүү сыяктуу касиеттери жок ар кандай атомдор менен молекулалар гана.

Мурдакы бөлүмдөрдө да айтылгандай, ар кандай молекулалардын ар кандай катышта биригишинен түзүлгөн клетка, канчалык татаал жана керемет түзүлүшкө ээ болбосун, акылдуу жана аң-сезимдүү болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан бул клетканын же кандайдыр бир бөлүгүнүн каалашы, чечим алышы, чечимин ишке ашырышы, контрольдошу сыяктуу бир жагдай да эч мүмкүн эмес.

Мына ушул себептен клеткадагы бөлүктөрдүн аң-сезимине жана акылдарына шилтеме жасалган «чечим алат», «көзөмөлдөйт», «оңдойт» деген сыяктуу сөздөр чындыгында буларды Жаратканга айтылган болот.

Мисалы, «бул китеп мындай дегиси келип жатат» дегенде, ал китептин автору жөнүндө сөз болуп жатканы белгилүү. Бул сөздөн китептин түздөн-түз өзү, барактары жана бойогу менен, ойлонуп бир нерселер айткысы келип жатат деген маани келип чыкпайт.(Мындай маани чыгаруу болсо ал кишинин акылында олуттуу бир кемчилик бар экенин көрсөтөт.)

Ошол сыяктуу китептин көп жеринде колдонулган «каалайт», «чечим алат», «эсептейт» деген сыяктуу сөздөр да окуяларды сүрөттөп, түшүндүрүү үчүн тандалган сөздөр. Сөздөргө көздөлгөн мааниден тышкары, туура эмес маанилерди жүктөө адамды терең жаңылыштыкка алпарат. Каалаган, чечим алган эрктин бул аң-сезими жок молекула жыйындылары эмес экени анык. Мындай өзгөчөлүктөр бул молекула жыйындыларына мындай аң-сезимдүү, эсептүү иштерди жасаткан жана аларды кылган ишине ылайыктуу кылып жараткан күчтүн, б.а. Аллахтын Өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөр. Каалаган да, чечим алган да, жасаткан да Аллах.

Мындай түшүнүктөр менен эч байланышы жок заттардын андай керемет иштерди жасашы адамдын алардын артындагы чыныгы күч менен акыл ээсин оңойураак байкай алышы үчүн.

Бул жерге чейин айтылгандар клеткада жана адам денесинде болуп жаткан кереметтердин бир канчасы гана. Буларды көргөн абийирдүү бир адам өз табиятындагы кереметтүүлүктү байкай алат жана Аллахты таанып Ага жакындай алат.

Аң-сезими жана абийири бар бир адам «бул кемчиликсиз система эмнеге, эмне үчүн жаратылган, буларды ким жасаган» деген суроолорду сурайт. Мындай системанын адам денесинде триллиондогон клетканын ар биринде өз-өзүнчө иштешинин бир гана максаты бар: адамдын Аллахтын чексиз акылын, илимин, күчүн, өтө керемет жаратуусун жана аны дайыма карап-өмүр берээрин байкап түшүнө алышы... Аллахтын каалабастан жана Анын кабарысыз, бир адамдын басышы же сүйлөшү мындай турсун, ал адамдын бир даана клеткасынын ичиндеги бир молекула бөлүгүнүн да кыймылдай албашын адам түшүнүшү керек.

Бир даана клеткага 5 миллиард маалыматтын батырылышы, дүйнөдө башка эч бир керемет жок деп кабыл алсак дагы, аң-сезими жана абийири бар бир адамдын ыйман келтиришине жетиштүү бир далил болот. Бирок ушул эле далил ага мындай маалымат келген соң Аллахтан жүз бургандардын кыямат күнү азапка айдалышы үчүн зыянына болот.

Чексиз мээримдүү Аллах чексиз далилдерин ушул кичинекей клеткада эле эмес, ааламдын бүт тарабында көрсөтүүдө. Ыйман келтирген (ишенген) киши бул далилдер аркылуу ыйманын бекемдей алат. Атеист болсо баарын танганы, аларды «бош жана жалган» дегени үчүн жазасын дүйнө жана акыретте алат. Бир аятта мындай деп айтылат:

**«Биз асманды, жер жүзүн жана экөө арасындагы нерселерди негизсиз (жөн гана) жараткан жокпуз. Бул чындыкты тангандардын күмөнү. Оттон (көрө турган азаптан) улам ал каапырлардын абалы оор.» (Сад Сүрөсү, 27)**

# КЛЕТКА ИЧИНДЕГИ СИСТЕМАЛАР

Белок өндүрүшүнүн кантип башталаарын, кайсы процесстерден тураарын карадык. Бирок өндүрүш жасоо үчүн эң керектүү нерсенин чийки зат экени баарыбызга белгилүү. Ал чийки заттар өндүрүш процессине кошула алышы үчүн белгилүү процесстерден өтүп, тазаланып, колдонууга ыңгайлуу абалга алып келиниши керек. Мисалы, пластмасса сыяктуу көп продукттар мунайзаттан алынганы менен, өндүрүш этабына келгенге чейин тазаланып, химия лабораторияларында көптөгөн ара процесстерден өткөн соң өндүрүшкө даяр чийки затка айланат.

Ушул эле технологиянын мындан да татаалы клеткада колдонулат.

## Клеткадагы лаборатория

Клеткага кирген азыктар өтө масштабдуу химиялык процесстер натыйжасында майдаланып, жаңы өндүрүштөр үчүн чийки затка айландырылат. Натыйжада эми аларды ар кайсы тармакта колдонууга болот. Ал чийки заттар синтезделе турган белокторду түзө турган аминокислоталарды эле эмес, клетка ар кандай иштеринде колдоно турган химиялык заттарды да камтыйт.

Ичинде бул процесстер жасалган «лизосома» аттуу органелл өтө жогорку технологиялуу бир химия лабораториясын эске салат. Лизосомада болжол менен 36 түрдүү фермент ар кандай азык заттарды сиңирүү үчүн кызмат кылат. Мисалы, белок сиңирүү үчүн 5, нуклеиндик кислоталар үчүн 4, полисахариддер үчүн 15, липиддер үчүн 6, органикалык сульфаттар үчүн 2, органикалык фосфаттар үчүн 4 түрдүү фермент ишке киришет. Бир эле ферменттин химиялык түзүлүшү, физикалык өзгөчөлүктөрү, кылган татаал иштери менен укмуш ылдам кыймылдашы эске алынганда, 36 түрдүү ферменттин болжол менен 1 микрондук (миллиметрдин миңден бири) бир органеллде кызмат кылышынын канчалык чоң бир керемет экени жакшыраак көрүнөт. Мынчалык күчтүү майдалоочулар ушунчалык гармонияда, клеткага да, бир-бирлерине да эч зыян тийгизбестен иштешет.

## Клетка ичи транспорт

Клетканын ичинде өндүрүлгөн продукттар жана ал продукттардын чийки заттары болсо «эндоплазмалык ретикулум (тармак)» деп аталган каналдар аркылуу ташылат. Белок өндүргөн рибосомалар да көбүнчө ушул транспорттук линиянын жакын жерлерине жайгаштырылган. Заводдордун атайын автожол, темир жолу жана деңиз жолуна жакын жерлерге курулушу сыяктуу.

## Клетканын пакеттөө системасы

Клетканын ичиндеги ар бир майда-бараттын улуу бир акыл менен, өтө аяр жаратылганы ачык көрүнүп турат. Мунун дагы бир мисалын клетканын ичиндеги «пакеттөө системасын» караганыбызда көрө алабыз.

Заманбап соода жана өнөр-жайда өндүрүлгөн бир товар үчүн эң негизги маселелердин бири – бул пакеттөө, экинчиси болсо керектөөчүгө жеткирүү. Өзгөчө тамак-аш өнөр-жайында продукттун бузулбастан, көп убакытка чейин чыдай турган кылып пакеттелиши шарт. Учурдагы технология бул маселелерге акыркы бир канча он жылда гана чечүү жолун таба алды. Ал эми клеткаларда болсо жогорку технологиялуу бир пакеттөө, ташуу жана кампалоо системасы адамзат жаратылгандан баштап миңдеген жылдан бери, миллиарддаган адамдын ар биринин триллиондогон клеткасында дайыма иштеп келатат.

Бул пакеттөө ишин гольджи аппараты деп аталган бир клетка органелли жасайт. Чыгарылган заттарды чогултуп, кичинекей вакуольдор абалында пакеттейт. Пакеттелген ал заттар муктаждыкка жараша же сакталат же болбосо сыртка чыгарылат.

# КЕРЕМЕТ МОЛЕКУЛАЛАР: БЕЛОКТОР

Белоксуз жашоо мүмкүн эмес. Себеби белоктор, бир жагынан, дененин негизги материалын, экинчи жагынан, адам жашоосунда өтө зор мааниге ээ болгон фермент менен гормондордун материалын түзүшөт. Фермент менен гормондор – бул денеде белгилүү кызматтарда жана реакцияларда адистешкен белок молекулалары. Алар дене ичиндеги координацияны камсыз кылуудан негизги жашоо функцияларынын улантылышына чейин көптөгөн маанилүү кызматтарды аркалашат.

Бул бөлүмдө белоктордун керемет түзүлүштөрүн жана белоктордон турган бул механизмдердин дене ичинде жасаган укмуш татаал иштерин карайбыз. Ар көз ирмем сайын ичибизде бул процесстердин миллиарддаганы болуп жатканын эске алсак, адам денесинин акылга сыйбас комплекстүү бир система экенин жакшыраак түшүнөбүз.

Белоктордун курамында 20 түрдүү аминокислота болот. Негизи табияттагы бул жыйырма түрдүү аминокислотанын ар кандай санда жана ар кандай катарда тизилишинен чексиз түрдүү белок түрү пайда боло алат. Белокторду бир чынжырга окшотсок, аминокислоталар ал чынжырдын шакектери болот. Тирүү жандыктарда кездешкен белок түрлөрүнүн курамындагы аминокислоталардын саны 100 менен 3000 арасында өзгөрөт. Бир белокту түзгөн тизмектердеги аминокислоталардын бирөөсүнүн туш келди алып салынышы, кошулушу же катарынын өзгөртүлүшү көбүнчө белоктун бүтүндөй ишке жараксыз, ал тургай, зыяндуу болуп калышына себеп болот.

Аминокислоталардын орду менен санынан тышкары, ал аминокислоталар түзгөн белоктун үч өлчөмдүү формасы да өтө маанилүү. Аминокислоталар керектүү санда жана катарда тизилип эле тим болбой, белгилүү чекиттерде бүгүлүп, белок өз кызматын аткарышы үчүн талап кылынган үч өлчөмдүү формасын да аныкташат. Буга шарт түзүү үчүн бүгүлүү чекиттериндеги аминокислоталар белгилүү бир бурчта бүгүлүүгө мүмкүндүк бере тургандай, башкаларынан алсызыраак байланыштар менен байланыш түзүшөт. Эгер мындай болбой, бүт аминокислоталар бир-бири менен бирдей күчтө байланыш түзгөндө, түптүз, сапатсыз жана ишке жараксыз бир белок чынжыры пайда болмок.

Бирок, үч өлчөмдүүлүк белоктор үчүн өтө маанилүү бир касиет. Өзгөчө ферменттер үч өлчөмдүү формалары аркылуу гана бир катар реакцияларды башкарып, көзөмөлдөшөт же ылдамдата алышат. Кыскасы, туура санда жана туура катарда тизмек түзүлсө да, керектүү геометриялык форма түзүлө албаса, ал белок ишке жараксыз болуп калат. Ал үчүн болсо аминокислоталардын арасындагы

тартылуу күчтөрү да керемет бир контроль жана кылдаттык менен бир-бирден жөнгө салынып, бүт майда-чүйдөлөрү атайын белгиленүүдө.

Көрүнүп тургандай, бир даана белок молекуласы да сансыз процесс жана көзөмөлдөр натыйжасында жасала алууда. Учурдагы технология менен бир белок молекуласын лаборатория шарттарында да жасалма жол менен синтездөө мүмкүн эмес.

Бирок эволюционисттер, кадимки сезбестик жана сокурлуктары менен, мындай бир молекуланын алгачкы дүйнө атмосферасында кокустуктар натыйжасында пайда болгонун айтышууда.

Эми бир белоктун кокустан пайда боло алуу ыктымалдыгын жана бул ыктымалсыздык алдында эволюционисттердин чарасыздыгын карайлы.

## «Чексизде бир ыктымалдык»

Эволюциянын белгилүү жактоочуларынан орус илимпоз А.И. Опарин *"Origin of Life" (Жашоонун келип чыгышы)* аттуу китебинде белоктордун кокустан пайда болушунун мүмкүн эместигин төмөнкүдөй айтат:

Ар бири белгилүү формада жана өзгөчө абалда тизилген миңдеген көмүртек, суутек, кычкылтек жана азот атомун камтыган бул заттардын эң жөнөкөйү да өтө комплекстүү бир түзүлүшкө ээ. Белоктордун түзүлүшүн изилдегендер үчүн бул заттардын өзүнөн-өзү бириккен болушу Римдик акын Вергилийдин белгилүү «Энеида» ыр саптарынын айланага чачылган тамгалардан туш келди келип чыгышындай ыктымалсыз көрүнүүдө.[10]

Канчалык эволюцияны жактаган көз-караште болсо да, бул белгилүү илимпоздун жогорудагы сөзү өзү жактаган теориясын толугу менен жараксыз кылган бир моюнга алуу. Ошол эле учурда эволюционисттердин парадоксалдуу логикасын да көрсөткөн маанилүү бир мисал. Себеби чындап эле бир белоктун кокустан пайда болуу ыктымалдыгы бул илимпоз айткандай жок; бирок эволюционист илимпоздор муну көрүп туруп «кокустукка» болгон негизсиз ишениминен кайтпай келишүүдө.

Түркиянын белгилүү илимпоздорунан эволюционист профессор, доктор Невзат Бабан белоктун пайда болушунда математикалык жактан кокустуктун мүмкүн эмес экенин төмөнкүчө айтат:

Молекула салмагы 34000 болгон, курамында 288 аминокислотасы бар жана 12 түрдүү аминокислотадан турган теориялык бир белок молекуласынын 10 даражасы 300 түрдүү формасы болушу мүмкүн экени эсептелген. Мындай ар кандай формалардагы бирден молекуланын чогулушунан түзүлгөн массанын салмагы 10 даражасы 280 грамм. Бирок дүйнөбүздүн бүт массасынын болгону 10 даражасы 27 грамм гана экени эске алынса... Түзүлүшүндө белоктордун курамында кездешкен 20 аминокислота түрүнүн баары орун алган 61 аминокислотадан жасалган полипептиддин изомер саны 5х10 даражасы 79 экени эсептелет... бул боюнча,

ааламдагы ар бир атомго түзүлүшү жогоруда айтылган 61 аминокислотадан турган полипептид молекуласынын изомеринен 6 даанасынын туура келээри түшүнүктүү болот.[11]

Бабан да айткандай, 61 аминокислотадан турган кичинекей бир белоктун шакектеринин туш келди тизилиши натыйжасында келип чыга турган вариацияларды түзүүгө ааламдагы бүт атомдордун саны жетишсиз болуп калат. Болгондо да, орточо бир белок молекуласы 61 эмес, 400 аминокислотадан турат. Мунун бир мааниси мындай: ааламдагы бүт атомдор бардык иштерди таштап, бир эле ушул белокту пайда кылуу үчүн эч токтобостон туш келди биригишсе, аалам пайда болгондон бери өткөн миллиарддаган жыл жана ааламдагы бүт атомдордун саны бир белок молекуласынын «кокустан» пайда болуу ыктымалдыгына жетишсиз болот.

Кыскасы, 400 аминокислотадан турган орточо бир белок молекуласынын кокустан пайда болушу, бир сөз менен айтканда, мүмкүн эмес. Болгондо да, жашоонун келип чыгышында кийинки этапты караганыбызда, бул «мүмкүн эмес» деген сөздүн да жетишсиз болуп калаарын көрөбүз. Себеби бир даана белоктон эч нерсе чыкпайт. Ушул кезге чейин белгилүү болгон эң кичинекей бактериялардын бири Mycoplasma Hominis H 39'дун да 600 түрдүү белогу бар экени аныкталган. Демек, бир даана белок үчүн жасалган жогорудагы ыктымалдык эсептөөлөрүн 600 түрдүү белок үчүн жасашыбыз керек болот. Мындан чыккан сандар адам акылына сыйбас масштабдарга жетет.

Бир даанасынын да кокустан келип чыгышы мүмкүн эмес болгон бул белоктордон орточо бир миллион даанасынын кокустан керектүү абалда чогулуп, кемчиликсиз бир адам клеткасын пайда кылышы болсо мындан да миллиарддаган эсе мүмкүн эмес. Болгондо да, клетканын курамында белоктордон тышкары, углевод, липид, суу, электролиттер (анион жана катион) жана витаминдер бар, баары көптөгөн түрдүү органеллдин ичинде курулуш материалы жана жардамчы молекулалар катары колдонулууда.

Бул клеткалардан 100 триллионунун кокустан пайда болуп, адамдын ички жана тышкы органдарын кемчиликсиз түзө турган абалда жана тартипте биригишинин канчалык ыктымалсыз экенин түшүндүрүү үчүн, тилекке каршы, ылайыктуу бир сөз табуу мүмкүн эмес.

Көрүнүп тургандай, эволюция жападан жалгыз «сөзү (түшүндүрмөсү)» болгон кокустук пикири менен клетка мындай турсун, клеткадагы миллиондогон белоктун бир даанасынын да пайда болушун бизге түшүндүрө албайт. Белок этабын да түшүндүрө албай жатып, жашоонун жана жандыктардын кантип келип чыкканы жөнүндө сценарийлер жазууга аракеттенген бир теориянын маанилүүлүгү менен ишенимдүүлүгүнүн канчалык экени белгилүү.

Жашоонун кайсы этабы же кайсы бөлүгү каралбасын, бул «кокустук» пикири бир «жиндинин тантык сөзүнө» айланууда. Мисалы, сол-жактуу белокторду карайлы.

Бүт аминокислоталардын омурткасын бир көмүртек атомуна байланган суутек жана бир азот атомунан турган бир бөлүк түзөт. Бул омуртканын түзүлүшү бүт аминокислоталарда бирдей. Бирок бул омурткага уланган жана «R-тобу» деп аталган кошумча бир бөлүк бар; бул топ ар аминокислотада ар түрдүү. Аминокислотага жеке өзгөчөлүгүн ушул R-тобу берет. R-тобу атомдору түзүлүшү жагынан негизги омуртканын оң же сол тарабында боло алат. Алардан R-тобу сол тарапта жайгашкандары L-levo (сол-жактуу) аминокислоталар, оң тарапта жайгашкандары болсо D-dextro (оң-жактуу) аминокислоталар деп аталат. Жана бул экөөнүн ар биринин пайда болуу ыктымалдыгы 50%га барабар. Бир эле молекуланын оң-жактуу жана сол-жактуу формалары бир-бирлеринин «оптикалык изомерлери» деп аталат. Оптикалык изомерлердин арасындагы айырма бир буюм менен анын күзгүдөгү көрүнүшүнүн арасындагы айырма сыяктуу. Бирдей атомдордон, бирдей бөлүктөрдөн, окшош бир тартипте түзүлгөнү менен, бул молекулалар оң кол менен сол кол сыяктуу үч өлчөмдүү симметриялык бир түзүлүштө болушат.

Жансыз дүйнөдө бул изомерлер бирдей көлөмдө (50-50% катышында) кездешет. Жана адам денесинде колдонулган 20 негизги аминокислотанын ар бири табиятта levo же dextro формасында кездешет.

Бирок жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө таң калыштуу бир чындык аныкталган: эң жөнөкөй организмден эң комплекстүү организмге чейин бүт өсүмдүк жана жаныбарлардагы белоктор levo (сол-жактуу) аминокислоталардан гана турат. Ал тургай, кээ бир эксперименттерде бактерияларга dextro (оң-жактуу) аминокислоталардан берилген, бирок бактериялар ал аминокислоталарды заматта талкалашып, кээде болсо ал бөлүктөрдөн кайрадан өздөрү колдоно ала турган levo (сол-жактуу) аминокислоталарды жасашкан.

Эволюционисттер мындай өзгөчө жана пландуу бир тандоону эч түшүндүрө алышпоодо. Эгер жашоо кокустуктар натыйжасында келип чыккан болсо, мындай тандоонун болбошу керектигин көрсөткөн ортодо жетиштүү себептер бар. Табиятта эки түрдүү аминокислота тең бирдей санда кездешет жана эки топтогу аминокислоталар тең экинчиси менен эч кыйынчылыксыз бириге алат. Андай болсо, бүт тирүү организмдердеги белоктордун бир гана levo аминокислоталардан тураарын кантип түшүндүрүүгө болот?

Сиз да байкагандай, белоктордун бул жаңы касиети эволюционисттердин «кокустук» туюгун андан да татаалдаштырды: ишке жарактуу бир белок пайда болушу үчүн бир аз мурда да айтылгандай, аны түзгөн аминокислоталардын белгилүү бир санда, катасыз бир катарда жана өзгөчө бир үч өлчөмдүү формада биригиши да эми жетиштүү болбойт. Бүт булардан тышкары, бул

аминокислоталардын баарынын сол-жактуулар (levo) арасынан тандалып, араларында бир дагы оң-жактуу аминокислота болбошу да шарт. Бул болсо кокустук түшүнүгүн дагы бир жолу жокко чыгарган бир жагдай.

Бул жагдай эволюциянын сокур бир жактоочусу Britannica илимий энциклопедиясында төмөнкүдөй айтылат:

Негизи, дүйнө жүзүндөгү бүт тирүү организмдердеги аминокислоталардын баары белоктор сыяктуу татаал полимерлердин курулуш блоктору бирдей асимметрия тибинде. Дээрлик баары сол-жактуу. Бул, кандайдыр бир маанide, миллиондогон жолу өйдөгө ыргытылган тыйындын дайыма герб тарабы менен түшүшүнө, эч экинчи бети менен түшпөшүнө окшошот. Молекулалардын кантип сол-жактуу же оң-жактуу болоору түшүнүксүз. Бул тандоо түшүнүксүз абалда жер жүзүндөгү жашоонун булагынан көз-каранды.[12]

Бир тыйын миллиондогон жолу өйдөгө ыргытылып, дайыма герб тарабы түшүп жатса, муну кокустук менен түшүндүрүү логикалуураак болобу же бирөөнүн атайын абага ыргытылган тыйынга кийгилишип жатканын кабыл алуубу? Жооп белгилүү: пландуу, атайын бир кийлигишүү бар. Бирок эволюционисттер бул апачык чындыкка карабастан, Аллахтын жандыктарды жаратып-башкарып тураарын кабыл алгылары келбегени үчүн гана, кокустукту башпаана кылышууда. Бул болсо, бир аз мурда айтылгандай, жаңылууга гана алып барат.

Аминокислоталардагы сол-жактуулук кубулушуна окшош бир жагдай нуклеотиддер, б.а. ДНК менен РНКнын курулуш материалдарына да тиешелүү. Мисалы, тирүү (жандуу) организмдердеги бүт аминокислоталардын тескерисинче, булар оң-жактуулардан гана тандалышкан.

Жыйынтыгында; жашоонун келип чыгышын кокустуктар менен түшүндүрүүнүн мүмкүн эместиги башынан бери каралган ыктымалдуулук эсептери менен толук далилденүүдө: 400 аминокислотадан турган орточо чоңдуктагы бир белоктун сол-жактуу аминокислоталардан гана тандалуу ыктымалдыгын эсептесек, 2 даражасы 400дөн, б.а. 10 даражасы 120дан 1дик бир ыктымалдыкты алабыз. Бир салыштыруу жасоо үчүн, ааламдагы электрондордун санынын бул сандан бир топ төмөн бир сан, болжол менен 10 даражасы 80 экенин да айта кетели. Бул аминокислоталардын керектүү катарда тизилип, ишке жарамдуу форманы пайда кылуу ыктымалдыгы болсо мындан да алда канча чоң сандарды көрсөтөт. Бул ыктымалдыктарды да кошуп, бирден көп сандагы жана бир канча түрдөгү белоктун пайда болушун да эсептерге кошконго аракет кылсак, эсептер өтө татаалдашат. Булардын баарынан соң дагы бир нерсени эскерте кетүү керек.

Жогоруда айтылган бүт ыктымалсыздыктарды бир саамга унутуп, пайдалуу бир белок молекуласы «кокустан» өзүнөн-өзү пайда боло алган деп элестетели. Бирок бул жерде эволюция дагы бир жолу сазга тыгылат. Себеби ал белок аман калышы үчүн ошол замат айланасындагы табигый шарттардан изоляцияланып, атайын шарттарда корголушу керек болот. Антпесе, ал белок дүйнөдөгү

шарттардын таасиринен талкаланат же башка аминокислоталар менен химиялык заттарга кошулуп, өз касиетин жоготуп, пайдасыз, ал тургай, зыяндуу бир затка айланат.

Бул жерге чейин айтылгандар жашоонун келип чыгышында жандуу бир клетканын пайда болушу үчүн керектүү белоктордун куралышында эволюционисттик көз-караштардын толугу менен чыкпас бир туюкта экенин көрсөттү. Демек жалгыз чындык мындай: бүт бул кереметтүү тең салмактуулуктарды курган жана системанын иштешин уланткан, керектүү бүт заттарды керектүү жерлерде пайда кылган жана ошентип белокторду жараткан чексиз илимдүү жана кудуреттүү Аллах.

## Ферменттер

Денебиздин ичинде ар бир секунда сайын көптөгөн татаал кубулуштар жүрүүдө. Булар ушунчалык татаал болгондуктан, дээрлик ар бир этабында бүт башаламандыкты көзөмөлдөөчү, тартипти камсыз кылуучу жана окуяларды ылдамдатуучу «супер текшерүүчүлөрдүн» кийлигишүүсү талап кылынат: ферменттер... Ар бир жандуу клеткада өзүнө бөлүнгөн ишти жасоочу, мисалы, азык заттарын майдалоочу, азыктардан энергия өндүрүүчү, жөнөкөй молекулалардан чынжыр жасоочу жана ушул сыяктуу сансыз иштерди кылуучу миңдеген ферменттер бар.

Эгер бул ферменттер болбосо, эң жөнөкөйүнөн эң татаалына чейин дээрлик эч бир функцияңыз иштебей калмак, же өтө жай болуп калмак. Экөөндө тең жыйынтык өлүм болмок. Дем ала албай, эч нерсе жей албай, сиңире албай, көрө албай, сүйлөй албай, кыскасы жашай албай калмакпыз.

Ферменттердин окуяларды ылдамдатышына күнүмдүк жашоодон бир мисал берсек болот. Эгер «ферментсиз» калганыбызда; кадимки шарттарда бир канча секундада окуй турган бир сүйлөмдү окуу болжол менен он жылга созулмак. Ферменттер денедеги реакцияларды эң аз ушул мисалдагычалык ылдамдатышат. Ферменттердин белок синтезинен энергия өндүрүшүнө чейин клетканын бүт функцияларында өтө зор мааниси бар.

Фермент менен ал таасир берген заттын арасындагы байланышты кулпу менен ачкычтын арасындагы байланышка окшотсок болот. Фермент менен ал кошула турган зат үч өлчөмдүү татаал бир геометрияда бир-бирине кийилет. Экөө тең бир-бирине толук дал келе тургандай абалда өзгөчө жаратылышкан. Болгондо да, бул дал келүү өтө чоң ылдамдыкта жүрөт. Бул ылдамдык ушунчалык чоң болгондуктан, бир фермент кээде бир секундада 300 зат менен белгилүү бир кезекке жараша бир-бирден биригип, ал затты керектүү формага салып, андан бөлүнүп чыгат.

Кыскасы, клетка ферменттер урматында жашайт. Бирок ферменттер клеткада өндүрүлөт. Ар бир клетка өзүнө керектүү ферментти керектүү санда өзү өндүрөт.

Булардын баары бир адамдын оюнда суроолор жаратышы керек: бир клетка кантип бир нерсени керек деп чече алат, муктаждыгын кантип эсептейт? Көптөгөн татаал иштерди жасаган, бир роботтон батыраак иштеген фермент деп аталган машиналарды клетка өзү пландап жасаганбы? Мунун планын түзгөн акыл каерде?

Аң-сезимдүү бир адамдын бара турган жообу да белгилүү. Булардын баары «клетка» деп аталган микроскопиялык түзүлүштүн жана анын ичиндеги андан да кичине бөлүктөрдүн чыгармасы болушу мүмкүн эмес. Чындык апачык көрүнүп турат: булардын баары Аллахтын **«...бүт нерсени бир-бирине ылайыктуу кылып, карама-каршылыксыз жана дал келбөөчүлүксүз жаратышы...»** (Мүлк Сүрөсү, 3) натыйжасында болуп жатат.

## Гормондор

Көп клеткалуу организмдер болгон жаныбарлар менен адамдар формасы жана кызматы жагынан ар түрдүү болгон клеткалардан турушат. Дененин бүтүндүгү ушул клеткалар арасындагы татаал, бирок өтө гармониялуу байланыштардан көз-каранды. Адам денесиндеги 100 триллион клетка бир-бирин тааныгандай кыймыл-аракет жасашат. Өздөрүнө тапшырылган кызматтарын аягына чейин эч тоң моюндук жана жалкоолук кылбастан орундатышат. Мына ушул кемчиликсиз координацияда гормон деп аталган кабар ташыгычтарга клеткаларга буйрук ташуу милдети жүктөлгөн. Дененин чоңойушу, көбөйүүнүн жөнгө салынышы, денедеги ички тең салмактуулук, нерв системасындагы координация жана дагы көптөгөн процесстер гормондордун тиешелүү клеткаларга жеткирген кабарлары аркылуу ишке ашат. Көрүнбөгөн бир акыл гормондор аркылуу клеткаларга буйруктарын билдирет. Сиздин эч кабарыңызсыз ичиңизде укмуш бир буйрук берүү системасы түзүлгөн.

Бул улуу акыл, кайра эле сиздин кабарыңызсыз, ичиңиздеги бүт нерсени контрольдоп турат. Бул системага сиз эч кийлигише албайсыз. Мисалы, денеңиздин чоңойушу: сиз канчалык каалабаңыз, боюңузду белгиленгенинен ашыкча узарта албайсыз. Эмне гана кылбаңыз ичиңиздеги клеткаларга «бөлүнгүлө, көбөйгүлө жана мени чоңойткула» деген сыяктуу буйруктарды бере албайсыз. Бирок клеткалар сиз үчүн белгиленген бойду жана дене формасын билишет жана ошол белгилүү формага жеткенге чейин көбөйүп денени чоңойтушат. Анан дал керектүү учурда чоңойууну токтотушат.

Албетте, клеткалар буларды өз акылы жана эрки менен кыла алышпайт. Аларга бул кемчиликсиз буйрук берүү чынжырын илхам кылган жана кызматтарын кемчиликсиз жасаткан – бул Улуу Аллах.

## Табышмактуу контроль

Денеңизди башкара албашыңызга дагы бир мисал берели.

Кандагы кант (шекер) көлөмүнүн белгилүү лимиттер ичинде болушу адам өмүрү үчүн шарт. Бирок күнүмдүк жашоодо канттуу тамак-аштарды жеп жатканда бул кылдат тең салмактуулукту сиз эсептей албайсыз, албетте. Анткен менен, «сиз үчүн» бул эсеп жасалат. Каныңыздагы канттын көлөмү жогорулаганда карын астындагы без (pancreas) деп аталган органыңыз инсулин деген атайын бир затты чыгарат. Ал зат боор менен денедеги башка клеткаларга кандагы ашыкча кантты алып кампалап коюу буйругун берет. Натыйжада кандагы канттын көлөмү эч качан кооптуу деңгээлге көтөрүлбөйт.

Эми кааласаңыз бир аракет кылып көрүңүз. Өзүңүзгө өзүңүз буйрук берип, бооруңуздагы клеткалар баш болуп денеңиздеги тиешелүү клеткаларга «канымдагы кантты алып койгула» деген команда бериңиз. Алар сиздин сөзүңүздү угуп кантты жыйып башташсын!... Албетте, мындай кыла албайсыз.

Аларды башкаруу мындай турсун, күнүмдүк жашоодо сиздин карын астындагы безден да, инсулинден да, боордон да кабарыңыз болбойт. Каныңыздагы канттын көтөрүлгөнүн байкабайсыз, ал тургай, алдыңызга канттын көлөмдөрү ар кандай болгон эки шише кан коюлса, алардын арасындагы айырманы да биле албайсыз. Ал үчүн лабораториялар, алдыңкы технологиялуу шаймандар талап кылынат. Бирок сиз эч качан көрбөгөн жана билбеген кээ бир клеткаларыңыз кандагы кантты мындай лаборатория жана шаймандардан бир топ так өлчөп, эмне кылуу керек экенине чечим чыгарышат. Анан керектүү чаралар көрүлүп, клеткалар кандагы кантты таанып, айырмалап, кармашат. Бир торт жегени үчүн кыска убакытта кант кризисине кирип өлүп калышы ыктымал болгон бир адам ушул кемчиликсиз система урматында аман калат.

Бул кемчиликсиз система үчүн кимге карыздар?

Эволюционисттер, көнгөн адатынча, бул системаны эволюция процесси менен «кокустан» пайда болгон дешет.

Бирок бул көз-караштыкабыл алуу акыл менен логикага туура келбейт; себеби эволюциянын башка пикирлери сыяктуу бул дагы бир сөз менен айтканда тантырактык.

Эволюция адам денеси миллиондогон жылдык бир процесс менен бүгүнкү абалына келген дейт. Мунун мааниси мындай: адам денесиндеги органдардын бир бөлүгү бир кездерде жок эле, кийинчерээк эволюциялашып пайда болгон. Демек, кандагы кант тең салмактуулугун контрольдогон карын астындагы безди жана ал чыгарган инсулинди да эволюциянын этаптарынын бирөөсүндө пайда болгон деп кабыл алышыбыз керек.

Бирок бул, албетте, эволюционисттер жагынан бир логиканын жоктугун көрсөтөт. Себеби карын астындагы бези менен инсулини жок бир адам денеси жашай албайт. Карын астындагы бези жок бир жарым-адамды миллиондогон жыл мурда дүйнөдө басып жүргөн деп элестетели. Ал эмнеге туш болмок?.. Жөөп жөнөкөй; тапкан биринчи канттуу тамактан, мисалы, бир кант камышынан көп-көп

жемек жана заматта ошол жерде кант комасына кирип өлмөк. Өзүнө окшогон башка курдаштары да ошондой болмок, баары себебин түшүнбөстөн, кант комасынан өлүшмөк.

Биз ошентсе да, кээ бирлери өтө «пландуу» бир диета кармап –негизи бул мүмкүн эмес, себеби жеген тамактарыбыздын өтө көп бөлүгүндө кант (шекер) бар- аман калышты деп элестетели. Анда мындай суроо туулат: бул «адамдын байыркы аталары» карын астындагы безге жана инсулинге кантип ээ болушкан?

Күндөрдүн бир күнү бирөөсү чыгып, «эми бул кант маселесин чечишибиз керек, эң жакшысы ашказандын астына бир жерге бир орган жайгаштыралы, ал орган кандагы кантты тең салмактай турган бир гормон чыгарсын» деген болду бекен? Жана анан өзүн кыйнап ашказанынын астына чындап бир карын асты без жасаганбы? Инсулиндин кандай формулада болушу керек экенин эсептеп, анан ал формуланы карын астындагы безге үйрөткөнбү?

Же күндөрдүн бир күнү өтө «ийгиликтүү» бир мутация болуп, ал карын астындагы бези жок «жарым-адамдардын» бирөөсүнүн ДНКсындагы бир бузулуу натыйжасында кокустан бүт кемчиликсиз функциялары менен бир карын астындагы без менен инсулин гормону пайда болуп калганбы?.. Бирок мындай мутациянын болушу мүмкүн эмес; себеби мурдакы бөлүмдөрдө айтылгандай, мутациялардын мындай пайдалуу таасирлери жок. Болгондо да, мындай окуя турмушка ашкан деп кабыл алсак да, баары бир бул дагы жарым-адамдарды аман алып калууга жетмек эмес. Себеби, мындан тышкары, кандагы канттын көлөмүн тынымсыз контрольдоп тура турган, керек болгондо карын астындагы безге инсулин чыгаруу буйругун жөнөтө турган, керегинче инсулин чыгарылган соң «токто» деген буйрукту бере турган бир чечим механизми мээнин бир бурчунда башка бир «кокустук» натыйжасында пайда болушу керек эле.

«Эволюциялык логика» менен ой жүгүртүлгөн бул эки «түшүндүрмө» тең, албетте, логикасыз. Эволюционисттер болсо дал ушундай болгон деп ишенишет. Бирок мунун канчалык чоң бир жалган экенин өздөрү да билишкендиктен, бул темалар жөнүндө сөз кылбаганга жана мүмкүн болушунча кыска айтып өтүп кеткенге аракет кылышат.

Эволюциялык логикалардын инсулин мисалында апачык көрүнгөн мындай байкуштугу бизди бир гана жыйынтыкка алпарат: алгачкы адамдын да дал биздики сыяктуу бир карын астындагы бези бар эле. Бул органдын «эволюциялашкан» болушу такыр мүмкүн эмес.

Албетте, инсулин мисалын денедеги башка органдарга, миңдеген гормонго, жүздөгөн ар кандай системаларга жана сансыз процесстерге да колдонууга болот. Себеби дененин ичинде, жок дегенде инсулинчелик, ал тургай, андан да маанилүү миңдеген гормон жана ферменттер бар. Алардын ар бири адам өмүрү үчүн сөзсүз керектүү болгон шарттар жана көпчүлүгү инсулин тең салмактуулугунан бир топ

татаал. Мисалы, кан басымын (давление) жөнгө салган система карын астындагы без системасынан бир топ комплекстүү эсептер менен процесстерди камтыйт.

Негизи дененин кайсы органын карабайлы, бир эле нерсени көрөбүз. Бөйрөктөрү жок бир адам максимум үч күн жашайт. Өпкөсү жок болсо бир-эки мүнөттөн ашыкчага чыдай албайт. Тамак сиңирүү системасы жок, ал тургай, ичке ичегиси жок бир адамдын бир жума жашашы бир керемет болот. Боордун эки жүзгө жакын функциясы бар жана ал жок болсо адам бир-эки саат гана жашай алат. Жүрөк жок болсо, үч-беш секундадан ашык жашоо жок. Мээни айтуунун деле кажети жок болсо керек эми.

Бул органдардын эч биринин «эволюция процессинде» «этап этап» келип чыккан болушу мүмкүн эмес. Эч бир адам денеси «мутация натыйжасында» бөйрөктүү болуу үчүн миллиондогон жыл күтө албайт. Ошондуктан, бул жерде анык бир чындык бар: алгачкы адам биздин денебиздин дал өзүндөй дене түзүлүшүнө ээ болгон. Б.а. бүт жандыктардын өкүмдары Аллах адамды кемчиликсиз бир дене менен бирге жараткан.

Адам жөнүндөгү бул жагдай, албетте, бүт башка жандыктарга да тиешелүү. Дүйнөдө жашап өткөн алгачкы кабылан менен бүгүнкүсү арасында эч бир айырма жок. Пил, кит, бүркүт же жылан Аллах аларды башында кандай жараткан болсо, дагы эле ошол бойдон.

## Белгисиз нерсе үчүн коротулган өмүр

Жогоруда сөз кылынган жана эволюция үчүн чыкпас бир туюк болгон инсулин дене ичиндеги гормондордун бирөөсү гана, негизи. Башка гормондорду караганыбызда болсо жок дегенде инсулиндей ачык далилдерге жолугабыз.

Клеткалар өзү өндүргөн кээ бир ферменттер менен гормондорду өздөрү колдонбой, сыртка жөнөтүшөт. Алар клетка тааныбаган жана эч качан биле албагандай алыстагы такыр башка клеткалар тарабынан колдонулат. Аралык ушунчалык алыс болгондуктан, клетка өндүргөн заттын сапары биздин көлөмүбүздө миңдеген километрге созулган болот. Клетка ушунчалык кылдаттык менен, кыйналып өндүргөн заттарынын каерде жана качан колдонулаарын билбейт. Бирок бул белгисиз максат үчүн, эмне ишке жараарын билбеген татаал продукттарды бүт өмүр бою өндүрүүнү улантат.

Мисалы, мээнин астында жайгашкан гипофиз аттуу туу бездеги клеткалар өндүргөн атайын бир гормон бөйрөктүн ишин жөнгө салат. Гипофиздеги бир клетка бөйрөктүн кандай нерсе экенин, эмнеге муктаж экенин биле албайт. Эч билбеген жана өмүр бою биле албаган бир орган болгон бөйрөктүн түзүлүшүнө толук туура келүүчү бир затты кантип өндүрө алат? Бул суроонун жалгыз жообу бар: Аллах гипофиз безин ушул ишти жасашы үчүн жараткан.

Клеткадагы мындай «белгисиз максатты көздөгөн» гормон өндүрүшүнө бир мисал келтирсек болот: жүздөгөн адамдар бир заводдо өмүр бою өтө маанилүү бир

электрондук шаймандын атайын, татаал бир тетигин жасап жатышат деп элестетиңиз. Бирок ал адамдар бир жолу да шайманды көрүшкөн эмес жана анын эмне ишке жараарын да билишпейт. Ал тургай, ал адамдар ичинде жашап жаткан заводдон башка эч нерсе көрүшкөн эмес. Бүт өмүрлөрүн арнап, көп кыйынчылык менен өндүргөн татаал тетиктерди заводдун сыртына жөнөтүшөт. Кээ бирлери болсо ал тетиктерди алып миңдеген километр алыстагы башка бир заводдо жаңы кээ бир тетиктер менен бириктирип, ал шайманды жасашат. Биринчи заводдогулар өмүрлөрүн эмнеге арнашканын да билбестен, эч чарчабастан, өтө элпектик менен жыйырма төрт саат иштешет.

Мындай завод кантип пайда болгон деген суроого бир гана жооп бар: албетте, эки заводду тең билген жана башкарган бир күч белгилүү бир эмгек бөлүштүрүүнү пландап, биринчи заводго ошол электрондук тетикти гана өндүрүү милдетин тапшырган. Ал өндүрүштүн кантип жасалаарын да өтө терең сүрөттөп, үйрөткөн. (Себеби чыгарылган продукттун толук абалын билбеген биринчи заводдун өз чечими менен мындай өндүрүштү жасашы мүмкүн эмес.) Фермент жана гормон өндүрүүчү клеткалар да мына ушундай иштешет. Эч качан биле албаган бир жер үчүн тынымсыз өндүрүш жасап, бүт өмүрлөрүн ошого арнашат. Эч өзүмчүлдүк кылып, тажап же каприздик кылышпайт, себеби аларга ошондой үйрөтүлгөн, анызыраагы ошол жумушту жасай турган кылып жаратылышкан. Ааламдагы бүт жандыктар жана бүт нерселер сыяктуу алар да ааламдардын Рабби Аллахтын буйругуна моюн сунушкан. Башка жолдору да жок. Бир Куран аятында мындай моюн сунуучулук төмөнкүдөй айтылат:

**...Жок, асмандарда жана жердегилердин баары Аныкы, баары Ага чын көңүлдөн моюн сунушкан. Асмандарды жана жерди (өрнөксүз) жараткан. Ал бир иштин болушун кааласа, ага «Бол» деп гана айтат, ал ошол замат болуп калат. (Бакара Сүрөсү, 116-117)**

# КЛЕТКА МЕМБРАНАСЫ

Башында илим чөйрөлөрүндө эң кичине жандык бирдиги катары клетка кабыл алынган эле. Бирок кийинчерээк клетканы орогон жана көлөмү жагынан андан бир топ кичине болгон клетка мембранасы изилдөөчүлөрдүн алдына жаңы бир жандык түрүндөй болуп чыкты. Себеби клетканы толук ороп турган бул мембрана (кабыкча) бир жандыктын, болгондо да, аң-сезимдүү бир жандыктын, б.а. адамдын негизги өзгөчөлүктөрүнөн болгон чечим алуу, эстөө, анализ кылуу сыяктуу касиеттерди көрсөткөн. Калыңдыгы 1 милиметрдин жүз миңден бириндей болгон бир мембрана мындай касиеттерге кантип жеткен?

Биз өмүр бою эч сезбестен жашаган бул мембранадан 100 триллион даанасы тынымсыз денебизде чечимдер алып, азыр да аларды турмушка ашырышууда.

Клетка мембранасы клетканын айланасын чектеп турган бир жапкыч. Бирок кызматы клетканы ороп туруу менен эле чектелбейт. Ал мембрана коңшу клеткалар менен байланышты камсыз кылат, жана эң негизгиси, клеткага кирип-чыгууларды өтө кылдат көзөмөлдөйт. Ушунчалык ичке болгондуктан, кадимки микроскоп менен эмес, электрондук микроскоп менен гана айырмалана алат. Курамынын кош тараптуу май катмары менен катмардын бетинде ар кайсы жерде жайгашкан белоктордон тураары аныкталган. Бир жандыктын касиеттерин көрсөтүү менен эле чектелбестен, бул мембрана жогорку чечим алуу жөндөмү, эс-тутуму жана акылы себебинен клетканын мээси деп кабыл алынат. Эми май жана белок сыяктуу аң-сезими жок молекулалардан турган бул ичке кабыктын жасаган иштерин, б.а. аны «жандуу» жана «акылдуу» дедирткен өзгөчөлүктөрүн карайлы.

Алгач ушунча ишти жасай алган клетка мембранасынын түзүлүшүнө бир көз жүгүртөлү. Мембрана кош тараптуу, ичти да, сыртты да караган май молекулаларынан турган учу-кыйырсыз бир дубалга окшошот. Бул май бөлүкчөлөрүнүн арасында клеткага кирип-чыгууну камсыз кылган эшиктер менен мембрананын сырткы чөйрөнү таанышын камсыз кылган сезгичтер (кабылдагычтар) бар. Ал эшиктер менен кабылдагычтар белок молекулаларынан жасалган. Клетка дубалынын бетинде жайгашышат жана клеткага болгон бүт кирип-чыгууларды өтө кылдат көзөмөлдөшөт.

## Контроль кимде?

Клетка мембранасынын биринчи кызматы – бул клетканын органеллдерин ороп, чогуу кармап туруу. Бирок мындан алда канча татаал дагы бир жумушту жасайт; ал органеллдердеги процесстер менен клетканын өмүрү уланышы үчүн керектүү заттарды тышкы чөйрөдөн камсыз кылат. Клетканын сыртындагы чөйрөдө сансыз химиялык заттар бар. Ал алардын арасынан клеткага керектүүлөрүн таанып, ошолорду гана ичкери киргизет. Өтө сарамжалдуу; клеткага керектүү көлөмдөн

ашыкчасын эч качан киргизбейт. Муну менен эле чектелбейт; бир тараптан клетканын ичиндеги зыяндуу калдыктарды заматта аныктап, эч убакыт жоготпостон аларды сыртка чыгарат. Мембрананын дагы бир кызматы – бул мээден же дененин ар кайсы аймактарынан гормондор аркылуу алып келинген кабарларды тездик менен клетканын борборуна жеткирүү.

Бул иштерди жасай алышы үчүн клетканын ичиндеги бүт иш-аракеттерди жана болуп өткөндөрдү билиши, керектүү же ашыкча заттардын тизмесин чыгарышы, запастарды контрольдошу, жана жогорку бир эс-тутум жана чечим алуу жөндөмүнө ээ болушу зарыл.

Кайсы «кокустук» ушундай «акылдуу» бир май жыйындысын пайда кыла алат?...

Бүт эволюция теориясын бир өзү бир заматта кыйраткан бул суроодон да татаал бир суроо узаталы; бул процесстер учурундагы «акыл» мембранага тиешелүү бир акылбы?

Көңүл буруңуз; бул саналган иштерди жасаган – бир компьютер же робот эмес, болгону клетканын айланасын орогон, майдан түзүлгөн жана бетинин ар кайсы жеринде белоктор жайгашкан бир жапкыч (кабык) гана. Ушунчалык татаал ишти катасыз жасай алган клетка мембранасында бир ойлонуу борборун же мээ издеп да убара болбоңуз. Таба албайсыз. Себеби аты айтып да тургандай ал болгону бир «кабыкча».

Эч бир ойлонуу жөндөмү болушу ыктымалсыз болгон ушундай бир түзүлүштө мынчалык жогорку касиеттерди көрсөткөн Аллахтын адамдарга Өзүнүн бар экенин далилдеген мынчалык ачык дагы бир далилди сунушу көрүп туруп Аны тангандарды дагы бир жолу шылтоосуз калтырууда.

## Клетканын эшиктери

Клетка мембранасында кээде бир насос, кээде болсо бир эшик сыяктуу кызмат аткарган механизмдер бар. Алар клеткага керектүү заттарды таанып, тандап, көп аракет менен ал заттарды клетка ичине киргизишет. Бул бир сүйлөм менен айтып өтүп кете турган нерсе эмес, себеби бул процесс учурунда дагы көптөгөн кереметтер болот. Бул өткөрүү процесстериндеги көп кубулуштун сыры дагы эле чечиле алган жок. Клетка өмүрүн улантышы үчүн мембраналардан өтүшү керек болгон заттардын арасында электрон жана ал тургай, фотондор, моноатомдук протондор, иондор, суу сыяктуу кичинекей молекулалар, аминокислота жана шекер сыяктуу орто көлөмдөгү молекулалар, белоктор жана аягында ДНК сыяктуу макромолекулалык түзүлүштөр да бар. Кээде эшиктен бир топ чоң бир молекула көп аракеттер менен, көптөгөн ферменттердин жардамы менен, өтө аяр клетканын ичине киргизилет. Кээде өткөрүлө турган зат өтө турган эшиктен ушунчалык чоң болуп; бул ийненин тешигинен аркан жипти өткөрүүгө окшошот. Аны өткөрүү үчүн

алгач тешик кеңейтилет, анан кайра мурдакы абалына кайтарылат. Бул процесс учурунда эшикке да, өткөн затка да, клеткага да эч бир зыян тийгизилбейт.

## Клетканын жутушу

*Пиноцитоз жана экзопиноцитоз;* Клетка өз мембранасынан чөйчөкчөлөр жасайт. Ал чөйчөкчөлөр аркылуу кампалоо жана транспорттук иштер жасалат. Пиноцитоз деп аталган процессте клетка мембранасы бир аз чукурайат, пайда болгон чуңкурдун ичине клетка сыртындагы молекулалар кирет. Ал чуңкур ичкери көздөй жакшылап сүңгүп, клетка ичине киргизилип, бир чөйчөкчө пайда кылынат. Кандайдыр бир мааниде клетка өзүнө керектүү заттарды жуткан болот.

Экзопиноцитоз деп аталган процессте болсо клетка өз ичинде бир чөйчөкчө жасайт. Калдык заттарга ал чөйчөктү толтуруп, клетка мембранасынан сыртка чыгарат. Ушундайча чөйчөкчөдөгү заттар сырткы чөйрөгө чыгарылат.

## Кемчиликсиз гармония жана кызматташтык

Денедеги триллиондогон клетка бир-бири менен укмуш кызматташтык кылышат. Мисалы, чачтарыңыздын баарынын бирдей узарышы баш териси клеткаларынын кызматташтыгы себептүү болот.

Мындай тыгыз байланыш клетка мембранасында жайгашкан жана башка клеткалар менен байланышты камсыз кылган атайын белоктор менен илмектерге окшогон бутактар аркылуу жасалат. Бул механизмдер адам эне курсагында бир түйүлдүк кезде эле пайда болуп баштайт. Бөлүнүү учурунда кээ бир клеткалар белгисиз себептен бир заматта башкача белокторду өндүрүп башташат. Мындай башкача өндүрүштүн натыйжасында клеткалар арасындагы түзүлүштүк айырмалар келип чыгат. Бул өзгөрүү клетка мембранасына да таасир тийгизет жана сырткы бетинде илмек сыяктуу бутактар пайда болот. Ал бутактар аркылуу өз тибиндеги клеткаларга гана тутуна алышат. Ошентип миллиардаган окшош клеткалар чогулуп органдарды түзүшөт.

Бул илмектердин эмне себептен жана кантип пайда болоору болсо эволюция теориясынын дагы бир туюгу. Себеби алар пландуу бир жаратуу бар экенин дагы бир жолу көрсөтүүдө.

## Уюшкан 100 триллион кызматчы:

Бир автомобиль заводунун кантип иштээрин элестетели. Заводдогу мисалы миң жумушчунун баары дисциплиналуу жана гармонияда иштеши керек. Муну уюштуруу үчүн көптөгөн көзөмөл системасы менен башчылык чынжыры курулган. Ар бир бөлүм андан талап кылынган тетикти өндүрөт. Мисалы, бир жерде мотор бөлүктөрү, башка бир бөлүмдө болсо эшиктер жасалат. Баары кайсы продукттун каерде колдонулаарын билет. Бүт нерсе контрольдонуп турат.

Бирок, эгер ушул эле заводго машина өндүрүшүнөн эч кабары жок, такыр билими жок миң адам киргизилип коюлса жана алардан эмнени кантип өндүрүүнү өзүңөр тапкыла деп талап кылынса, чоң бир башаламандык менен хаос келип чыгаары анык.

Ал эми адам денесинде болсо миң эмес, 100 триллион «жумушчу» өтө гармониялуу иштешет. Демек булар – бир заводдогу жумушчулардан алда канча аң-сезимдүү жана билимдүү клеткалар. Алардын ичиндеги керемет процесстер эле эмес, бир-бири арасындагы координация дагы өтө укмуш. Бир-бирлерин мембраналарындагы таануу системалары менен таанышат. Ашказан клеткасы ашказан клеткасын, чач клеткасы чач клеткасын тааныйт.

Бул жерде дагы суроолор туулат: эки мембрана бир-бирин кантип тааныйт? Бул жумушчуларды ким окуткан? Кандайча болуп өз жумуштарын өтө берилүү менен жасашат?

100 триллион клетканын ар бири дене үчүн андан талап кылынганды жасайт. Ар бир клетка тынымсыз эмне кылышы керек экенин кайдан билет? Мисалы, бөлүнүшү талап кылынган аймактагы клеткаларга мээ «бөлүн» деген буйрук берет. Бул үчүн чыгарылган гормон деп аталган атайын элчилер бар. Ар бир гормон тиешелүү клеткага барып мээнин сөзүн жеткирет. Элчи клеткага келгенде кабарын клетка мембранасында жайгашкан кабылдагыч белокко билдирет. Белок алган кабарын борборго билдирет. Клетка болсо ал буйрукту түшүнүп, чечим алып, ошого жараша ишке киришет.

Сизден кайра сурайлы; бир май деңизинин бетиндеги белок аралынын берилген буйрукту түшүнүшү, аны клетканын борборуна кабар бериши, клетканын ал буйрукка моюн сунушу жана өмүрүн каерде колдонулаарын билбеген бир затты өндүрүүгө арнашы катардагы, жөнөкөй бир маалыматпы? Албетте, андай эмес.

Болгондо да, бир аз мурда да айтылгандай, мембрана бетинде жайгашкан жүздөгөн өтүү пункттары, кабылдагычтар, контролерлор баары бир-биринен кабардар, өтө гармониялуу иштешет.

Бирок булардын баары аң-сезими жок белоктор. Клетка мембранасынын бул саналган өзгөчөлүктөргө өз башынча жетпегени, бул системанын башка бирөө тарабынан жаратылганы анык.

Мындай бир система, албетте, бир максатта жаратылган. Мындагы максат – бул адамдын аны жаратккан чексиз мээримдүү жана боорукер Аллахтын бар экенин жакшыраак түшүнө алышы. Абийирдүү жана акылдуу бир адам бул далилдерди көрүп, Аллахты жакшыраак тааныйт. Куранда ыймандуулардын мындай көз-карашы төмөнкүдөй айтылат:

**Күмөнсүз, асмандардын жана жердин жаратылышында, түн менен күндүздүн алмашышында таза акыл ээлери үчүн чындыгында аяттар (белгилер) бар. Алар турганда да, отурганда да, жатканда да Аллахты эстешет**

**жана асмандардын жана жердин жаратылышы жөнүндө ой жүгүртүшөт. (Жана айтышат:) «Раббибиз, Сен муну максатсыз жараткан жоксуң. Сен – абдан Улуксуң, бизди оттун азабынан сакта.» (Али Имран Сүрөсү, 190-191)**

## «Кандуу» согуш, жакындан жолугуу

Адам денесинин иммундук системасында көзгө көрүнбөгөн чоң бир согуш болуп өтөт. Ал согуш күн сайын, мүнөт сайын, ал тургай, секунда сайын болуп турат. Уруш денени коргоочу клеткалар менен денеге сырттан кирген микроб, вирустар арасында болот. Согуш эң күчтүү болгон кез – бул жакындан жолугуу болгон учур.

Бул жакындан жолугуу учурунда кээ бир коргонуу клеткаларынын мембраналары маанилүү роль ойнойт. Согуштун алдыңкы саптарында кызмат кылган бул клеткалар ар кандай жат затты кармап жутууга милдеттүү. Муну болсо мембраналары аркылуу жасашат. Иммундук клеткалардын мембраналары денеге кирген зыяндуу жат заттарды аныкташат. Мембрананын бутактары керек учурда узарып, бактерияларды, микробдорду кармайт. Душман кармалган соң мембрананын ичинен өткөрүлүп, клетка тарабынан жутулат. Клетка мембранасы бул согушта душманды таанып, кармап, жутат. Клетка душманды сиңирет жана андан чыккан заттарды кайра колдонуп денеге пайдалуу абалга алып келет. Кээде атайын кээ бир клеткалар жат затка жабышып, аны кыймылдай албас кылып коюшат. Ушундайча душманды жоокер клеткаларга таанытып коюшат. Бул согуштун этаптары, албетте, бул жерде жазылгандай жөнөкөй эмес. Ар бир этапта кабар алуу, анализдөө, жана архивдөө сыяктуу алдыңкы «маалымат топтоо» ыкмалары колдонулат.

Көрүнүп тургандай, бул жерде өтө комплекстүү бир согуш механизми жана өтө жогорку бир технология иштөөдө. Адам акылы учурдагы алдыңкы технология, илим деңгээли менен да туурай албаган бул механизм миңдеген жылдан бери эч кемчиликсиз иштеп келе жатат. Мындан кандай жыйынтыкка барабыз? Микроскоп менен да көрүү кыйын болгон жана көпчүлүгү май молекулаларынан гана турган клетка мембранасы адамзаттан акылдуураакпы? Же бул мембрана да, эң жогору, эң акылдуумун деген адам да алардан алда канча жогору бир акылдын аларга илхам кылганын жасап жатышабы? Мына чындык ушундай, жана муну мындай эмес деген бир адам клетканын акылынын анын акылынан өйдөлүгүн кабыл алууга мажбур болот.

Кээ бир адамдар болсо бүт баарын мээге байланыштырып, «буйруктарды берүүчү бир мээ бар, баарын ошол башкарат» деген сыяктуу бир пикирди айтышып өз ойлорунда бүт окуялардын жообун таптык деп ойлошот. Ушул жөнөкөй логика менен чоң бир сырды чечтим деп ишенген адам калганын ойлонуунун кажети жок дейт. Убактылуу өзүн жоошуткан болот. Өзүн тынчсыздандырган абийирин белгилүү убакытка басып койгон болот. Тереңирээк ойлонсо, кайрадан ичинен чыга

албай турган суроолорго туш болоорун түшүнөт: «Мээ деп аталган бул орган да ошол эле клеткалардан турат го? Мээ берген буйруктарды мээдеги ошол микроскопиялык май менен белок жыйындылары чечип жатабы? Эгер ушундай болсо мээнин кайсы клеткалары буйрук берип жатат? Же бир бөлүгү чогулуп орток чечимдер алып жатышабы? Бул акылсыз, аң-сезими жок клеткалар чогулганда, бир заматта кабар алуу, чечим чыгаруу, буйрук берүү сыяктуу абстракттуу түшүнүктөрдү кайдан үйрөнүп, аны турмушка ашырып башташат?..»

Адам али жалгыз клетка кезинде жана мээ деген нерсе жок убакта ал клетканын бөлүнүшүн, бөлүнгөн клеткалардын ар кандай түрдө болушун, алардын арасындагы укмуш координацияны кайсы мээ башкарат? Энесинин мээсиби? Бирок эненин каны да наристеникине аралашпайт... Дагы эле ынанган жок дейли. Анда, сыртта уруктандыруу аркылуу жалгыз клетка кезинде банкада өрчүп баштаган бир «идиштеги наристе» буйруктарды кайсы мээден алат. Же тоок үстүнө отуруп жылыткан уруктанган бир жумуртка кичинекей бир жөжөгө айланганга чейин кайсы мээ тарабынан башкарылат? Жалгыз клеткадан жөжөнү же адам баласын мээси менен бирге жараткан башка бир жашыруун мээ барбы?...

Атеист, каапыр адам ойлонуп баштаганда ушул сыяктуу суроолорго жолугаарын жана аягында Аллахтын апачык бар экенин жана бүт нерсени жаратканын түшүнөөрүн билет. Ушул себептен окуяларды терең жана кеңири масштабдуу ойлонуудан дайыма качат.

Себеби атеисттиктин (каапырдыктын) логикасы дайыма Аллахка жолугуудан качууга, Аны эстеткен, Ага алып барган, Анын бар экенин далилдеген бүт нерсеге көзүн жумууга жана Анын ордун толтурат деп ойлогон кичинекей бир ыктымалдыкка да болгон күчү менен жабышууга таянат. Ушул себептен Аллахты таанybаган атеист, каалаcа каалабаса, өзүнүн жаратылуусун жана өмүрүнүн уланышын триллиондогон клеткага, ал тургай, аларды түзгөн молекулаларга жана атомдорго таяйт же башкача айтканда, ушунча көп санда кудайлар тутунуп алган.

Жогоруда баяндалган кемчиликсиз координацияны камсыз кылган жана булагын биз эч жерден көрө албаган буйруктар болсо, ал буйруктардын каяктан жана эмне үчүн келээри бир аятта төмөнкүдөй кабар берилет:

**Аллах жети асманды жана жерден да алардын окшошун жаратты. Буйрук булардын арасында токтобостон түшүп турат; силердин чынында Аллахтын бүт нерсеге кудуреттүү экенин жана чынында Аллахтын илими менен бүт нерсени курчаганын билишиңер, үйрөнүшүңөр үчүн. (Талак Сүрөсү, 12)**

# ЭНЕ КУРСАГЫНДАГЫ ӨРЧҮҮ

Бүт адамдардын өмүрүндө өтө кызыктуу бир окуя, сөзсүз, бар болушу керек. Бирок ал окуя канчалык кызыктуу болсо да, башыбыздан өткөн жана учурда көп адамдар сезип да койбогон чоң окуяга салыштырмалуу өтө жөнөкөй болуп калат. Ал окуя башталган күнү – өмүрүңүздөгү эң маанилүү күн. Мектепке окуп баштаган күнүңүз, жумушка кирген күнүңүз, үйлөнгөн күнүңүз, жана ушуларга окшогон бүт күндөрдөн алда канча маанилүү бир күн. Ал күн сиз «бөлүнүп» баштаган күн.

Азыр канча жашта болбоңуз, бүгүнкү датадан жашыңызды жана болжол менен тогуз айды кемитсеңиз, ошол бөлүнүү күнүнө жетесиз. Ал кезде сиз бир гана клеткадан турчусуз. Энеңиздин курсагында жаңы уруктанган бир даана жумуртка клетка азыркы «мен» деген нерсеңизди түзчү. Анан бөлүнүп, эки жаңы клетка болдуңуз. Анан кайра бөлүндүңүз, төрт клетка болдуңуз. Бул бөлүнүү тездик менен уланды. Белгилүү убактан соң –эмбрион деп аталган- бир тиштем эт болдуңуз. Анан сөөктөрүңүз, тамырларыңыз, жүрөгүңүз, териңиз, көзүңүз, кулагыңыз, ички органдарыңыз пайда болду. Белгилүү убактан соң жүрөгүңүз согуп баштады. Көрүп, угуп, сезип, сүйлөп жана ойлоно турган абалга келдиңиз.

Жана булардын баары көзүбүзгө көрүнбөгөн бир клетканын бөлүнүп башташынан келип чыкты. Жер жүзүндө жашаган жандыктардын баары, адам денесинен бир атка, пилге же бир чиркейге чейин баары бир кездерде жалгыз клетка гана эле. Бирок ар жолкусунда ал жалгыз клетка бөлүнүп көбөйдү жана аягында ошол алгачкы клеткадан 100 миллион эсе чоң, 6 миллиард эсе оор болгон адамдар дүйнөгө келишти.

## Адамга «калып жана келбет» берилиши

Жогоруда сөз кылынган «бөлүнүү» процесси, албетте, жөнөкөй бир иш эмес. Бөлүнүп көбөйүү үчүн алгачкы клетка өзүнүн копиясын жасашы, ал копиялар да кезеги келгенде бөлүнүп өзүнө окшош копиялар жасашы, ошентип убакыттын өтүшү менен бир клеткадан миллиондогон копия пайда болушу керек. Бирок бул процесстердин баары көрүнгөндөн алда канча татаал жана табышмактуу. Себеби бөлүнүү процессинин бир этабында копияланган клеткалардын кээ бирлери кайдан келгени белгисиз болгон бир буйрук менен башка «бир туугандарынан» айырмаланып, такыр башка формада болуп башташат. Натыйжада орток бир баштапкы клеткадан келип чыккан клеткалар бөлүнүү процессинде акырындап бир-биринен айырмаланып башка башка кыртыштарды жана орган системаларын түзүшөт. Кээ бирлери жарыкты сезүүчү көз клеткаларын, кээ бирлери боор клеткаларын, кээ бирлери ысык-суукту же ооруну кабылдоочу нерв клеткаларын же үн толкундарын сезе турган клеткаларды түзүшөт.

Мындай эмгек бөлүшүү кантип жасалат; бир клетка өз башынча көз клеткасы болууну чече албайт, андай болсо бул чечим кимге тиешелүү?

Бул клеткалардагы ДНК, б.а. генетикалык маалымат бирдей. Ортодогу айырма болсо – алар өндүргөн белоктордо. Башка башка белокторду өндүргөн эки клетка түзүлүшү жагынан да ар түрдүү болуп калат. Бул бир тууган клеткалар бир клеткадан келип чыгып, бирдей генетикалык маалыматка ээ болуп туруп, кантип бир кезде башка башка белокторду өндүрүп, түзүлүшү жана өзгөчөлүктөрү жагынан бир-биринен айырмаланып башташат? Толугу менен бир-биринин копиясы болсо, аларга башка башка белокторду өндүрүү буйругун ким берген?

Бул суроолордун баары, албетте, бул жерде бир жаратуу бар экенин апачык көрсөтүүдө. Куранда бизге адамдын жаратылуусу төмөнкүдөй баяндалат:

**Ант болсун, Биз адамды сүзүп (тандалып) алынган бир ылайдан жараттык. Кийин аны бир суу тамчысы абалында бекем корголгон бир жерге жайгаштырдык. Кийин ал суу тамчысын бир алак (эмбрион) кылып жараттык; анан ал алакты бир тиштем эт кылып жараттык; андан соң ал бир тиштем этти сөөк кылып жараттык; ошентип сөөктөргө эт кийгиздик; андан соң башка бир келбетте аны жасадык. Жаратуучулардын эң сонуну болгон Аллах кандай Улук. (Мүминун Сүрөсү, 12-14)**

Адам клеткаларынын бөлүнүү процессинде кемчиликсиз бир эсеп жана гармонияда адам денесин пайда кылышынын сыры жогорудагы аяттарда айтылган жаратуу сырынан, Аллахтын чексиз кудуретинен келип чыгууда. Ар бир клетка Аллах ага тапшырган кызматты орундатып, Ал ага «Бол» буйругу менен эмне болууга буйруса, ошого айланууда. Ушул себептен адамдын денеси Аллахтын эрки менен, эч бир эрки жок клеткалар тарабынан кооз келбетте жасалат. Клеткалар бөлүнүп көбөйүшүп, кемчиликсиз бир адам мурдун, колун, көз кабагын же бөйрөктү пайда кылышат. Керегинче көбөйүп, өз убактысында токтошот. Бул клеткалардын контрольсуз көбөйүүнү уланта бербеши, мисалы, адам мурдун бир пилдин мурдундай кылып салбашы алардын контрольдонуп тураарын апачык көрсөтөт. Б.а. бул аң-сезими жок, аңкоо жандыктардын өтө ылдам бөлүнүшү натыйжасында ички органдары жагынан да, тышкы көрүнүшү жагынан да, кемчиликсиз, келбеттүү бир адамдын келип чыгышы Аллахтын чексиз кудуретинин далилдеринен.

Адамды жараткан эрк бул клеткаларга тиешелүү эмес. Жаратуучу бир гана Аллах; Ал бүт ааламды Өзүнө моюн сундургандай, адам денесиндеги эң кичине бөлүктү да буйругуна моюн сундурган. Куранда мындай деп айтылат:

**Күмөнсүз, жерде жана асманда Аллахка эч нерсе жашыруун калбайт. Жатындарда силерге каалагандай келбетти Ал берген. Андан башка кудай**

**жок; улуу жана кудуреттүү, өкүмдар жана даанышман. (Али Имран Сүрөсү, 5-6)**

Башка бир аятта адамдарга төмөнкүдөй кабар берилет:

**Аллах жер бетин силер үчүн бир тегиздик, асмандарды бир там кылды; силерге келбет берди, келбетиңерди эң кооз (бир көрүнүш жана чеберчиликте) кылды жана силерге кооз-таза нерселерден ырыскы берди. Мына силердин Раббиңер – Аллах ушул. Ааламдардын Раббиси Аллах – кандай Улук. (Момун сүрөсү, 64)**

Башка аяттарда болсо Аллах мындай деп билдирет:

**Оо инсан, сени Улук Раббиң жөнүндө (туура ойлонуудан) эмне алдап-жаңылтып койду? Ал сени жаратып, келбетиңди келиштирген эле. Жана Ал сени Өзү каалаган сүрөттө калыптандырган. (Инфитар Сүрөсү, 6-8)**

Адамдын Аллах тарабынан жаратылганы апачык көрүнүп турат. Кайсы жакты караса да, жаратуунун издерин көрө алат. Бирок адамдын ойлорун бүдөмүккө салган жана аны бул улуу чындыкка карата сокур кылган, жогорудагы аятта айтылгандай «алдап-жаңылткан» бир нерселер бар. Эволюция – мына ушул «алдап-жаңылтуучулардын» алдыңкыларынан. Бирок ааламдын эң улуу акыйкатын жокко чыгарууга аракеттенген бул теория, жашоонун ар бир этабы каралган сайын, табигый түрдө дагы бир жолу кыйроого туш болууда.

Жогоруда каралган клетканын бөлүнүү процесси да ушулардын бири. Эволюциянын өжөр жактоочуларынан немец илимпоз Гоймар фон Дитфурт (Hoimar von Ditfurth) эне курсагындагы табышмактуу өрчүү жөнүндө мындай дейт:

Жалгыз жумуртка клеткасынын бөлүнүшүнүн кантип бир-биринен ушунчалык айырмалуу сансыз клетканын келип чыгышына жол ачаары, ал клеткалар арасында табияттан бар болгон байланыш жана кызматташтык илимпоздордун акылы жетпеген окуялардын башында турат. Учурда окуяларды аздыр-көптүр түшүндүрө ала турган теориялык негиздер түзүлгөнү менен, окуя толугу менен бир суроолор жыйындысынан турууда.[13]

Фон Дитфурт эволюциянын жеңилүүсүн жашыруу үчүн керектүү «теориялык негиздер» бар деген мааниси жок бир кошумча жасаганы менен, окуянын эволюция тарабынан эч түшүндүрүлө албашын кабыл алууга мажбур. Эволюциянын башка алдыңкы жактоочулары да бир клетканын өрчүп, ар башка орган, кыртыштарды түзүп, 100 триллион клеткалуу бир адамга айланышын түшүндүрө албай, бул кереметти эволюциянын караңгы бир чекити дешүүдө.

## Өтө маанилүү чечим

Жогоруда клеткалардын бөлүнүү жана ар башка клеткаларга айлануу процессинен үстүртөн гана сөз кылдык. Иш жүзүндө бул окуя өтө татаал жана детальдуу.

Бөлүнүү натыйжасында бир-бирине опокшош эки клетка келип чыгат. Ал эки клетка да чоңоюп бөлүнүп, бир-бирине окшош төрт клетка пайда болот жана бул процесс ушундайча уланат. Эгер бул «нормалдуу» процесс улана берсе, эне курсагынан бир наристе эмес, чоң бир эт жыйындысы чыгат.

Бирок кээ бир бөлүнүүлөрдөн соң түзүлүшү жана функциясы жагынан бир-биринин копиясы болушу керек болгон клеткалардын бирөөсүндө бир ачкыч буралгандай болот. Жана клетка бөлүнүүнү улантуунун ордуна бир заматта өз түзүлүшүн аныктай турган өзгөчө бир белокту өндүрүп баштайт. Берки клетка болсо эгиз бир тууганындай болуп бир нерсе өндүрбөйт жана бөлүнүүсүн уланта берет. Андан төрт-беш бөлүнүүдөн соң келип чыккан клеткалардын бири дагы бир заматта башкача болуп калат. Ал да такыр башка бир белок өндүрүп баштайт. Ошентип бирдей түзүлүштөгү клеткалардан бир-биринен башка башка өзгөчөлүктүү жүздөгөн клетка келип чыгат.

Эволюционисттер айткан «илим» бүт бул окуяларга байкоо жүргүзө алат, бирок логикасын түшүндүрө албайт. Эволюционисттер кабыл алгысы келбеген бир Эрк убактысы келгенде клеткага бөлүнүү же башка клеткага айлануу буйругун берүүдө. Бирок, китептин башында айтылган пульт менен башкарылчу машина мисалындагы сыяктуу, эволюционист бул процессти тантык ойлору менен «түшүндүрүүгө» аракет кылат. Бул окуяларды «табият кереметти» деп атоо сыяктуу.

Башка башка клеткаларга айлануу процессинде клеткалар өз кызматын билгендей кыймыл-аракет жасашат. Өндүргөн белоктору эле эмес, өз формалары да келечектеги кызматына ылайык өзгөрөт. Нерв клеткасы боло турган клеткалар электрдик сигналдарды өткөрүүгө мүмкүн боло тургандай, созулган форманы алышат. Муун клеткалары болсо басымга чыдамкай болгон тоголок форманы тандашат.

Сөөк клеткалары да башкалар сыяктуу эмбрион этабында пайда болот. Кадимки көрүнүштөгү кээ бир клеткаларда көзгө көрүнөөрлүк эч бир себепсиз кальций чогулуп баштайт жана натыйжада өтө катуу бир кыртыш келип чыгат. Бул катуу кыртыш өтө күчтүү, канчалаган килограмм салмакты өмүр бою көтөрүп жүрө ала турган касиетте жасалган. Сынган кезде өзүн кайрадан оңдой алат. Андай чыдамкайлыктагы бир затка салыштырмалуу бир топ жеңил. Ичиндеги боштуктар жеңил, ийкемдүү жана чыдамкай болушуна шарт түзөт.

Эгер сөөктүн ичинде бул боштуктардын ийкемдүүлүгү болбогондо, кичине эле соккуда сөөк сынып кетмек. Учурдагы заманбап курулуштарда колдонулган «тор (капас) системалары» сөөктөгү ушул кемчиликсиз түзүлүштү тууроодон келип чыккан. Булар сөөктөгүдөй чыдамкайлык менен ийкемдүүлүктү камсыз кылышат.

## Алдын ала белгилүү убак – келечекти билүү

Эне курсагында акырындап пайда болгон ар түрдүү клеткалардын эмбрион өрчүгөн сайын бир-бирине муктаж экени ачыкка чыгат. Булчуң клеткалары аларга кычкылтек ташый турган кызыл кан клеткаларына муктаж. Кызыл кан клеткалары болсо пайда болуу үчүн жилик чучугу клеткаларына муктаж болушат.

Бирок эмбриондун өрчүү этабында колдоно турган булчуңу да, булчуңга муктаждык жарала турган бир шарт да болбойт. Кан клеткаларын ташый турган бир айлануу системасы да жок. Ушундай шартта эне курсагындагы «бир тиштем эт» келечекти көрүп, келечекте кабыла турган чөйрөгө, муктаж боло турган өзгөчөлүктөргө жараша керектүү материалдарды алдын ала ойлонуп өндүрөт. Мындай өндүрүштү жасоо үчүн клетканын маалымат кампасы болгон ДНКдагы керектүү маалыматтардын файлдары (гендери) алдын ала белгилүү бир убакта ачылышы керек. Мындай убакыт пландоосун клеткалардын жасай албашы, бул системанын клетка ичинде программаланган абалда даяр тураары анык. Жана албетте, ар бир программанын бир программисти болгон сыяктуу, клетка ичинде программаланып даяр турган бул системанын ээси – бул бүт нерсенин Жаратуучусу Аллах.

## Клетканын убакыт жана орун планы

Адам денесинин өрчүшүн бир имараттын курулушуна окшоштурган элек. Имараттын курулушу сыяктуу клетканын жасалышында да белгилүү бир план колдонулат. Бирок организмди куруу үчүн курулуш планынын өзү эле жетиштүү болбойт. Ошол эле учурда кайсы иштин качан, кандай кезек менен жасалаарын көрсөткөн бир убакыт планы да талап кылынат. Курулуштун каерде жана качан башталаарын жана пландын ар бир бөлүгүнүн кандай кезек менен жасалаарын көрсөткөн долбоорлор жок болсо, эң жакшы план да бир ишке жарабайт. Бир имаратты куруп жатканда пайдубалдан баштап, дубалдар бүткөн соң эң аягында чатырды коюу керек экенин билебиз. Бирок электр менен сууну тартып бүтпөй туруп шыбакка өтө албайбыз. Дубал курулуп жаткан кезде эле кийин электрдик кабельдер менен суу түтүктөрү ичинен өтө турган керектүү боштуктар калтырылышы керек болот.

Ар кандай курулушта колдонулган бир курулуш планынан тышкары, кылдат бир убакыт жөнгө салынуусу да бар.

Адамдын курулушу менен клеткалар үчүн да ушундай бир пландоо талап кылынат. Бирок клеткаларда кайсы пландын беркисинен мурдараак жасалаары жөнүндө дээрлик эч маалымат жок. Клетканын колундагы пландын кайсы бөлүгүн качан токтотушу керек экенин жана муну кимдин контроль кылаарын биологдор алигече таба алышкан жок. Кээ бир гендер, б.а. ар бир өзгөчөлүк менен органга тиешелүү файлдар дал керектүү учурда жана туура убакта тосулуп, кээ

бирлериндеги кулпулардын кантип алып салынаары, басып туруучу гендер менен басымды алып салуучу гендерди ишке киргизүүчү буйруктарды кимдин берээри илимпоздор үчүн толугу менен белгисиз, жооп күткөн суроолор болууда.

Көзгө көрүнбөгөн бир бийлик гендердин керектүү убакта жана керектүү жерде, кантип, качан ишке киришиши керектигин аныктоодо. Натыйжада ар бир клетка өзү адистеше турган тармагында өндүрүштү баштап, керектүү белокторду жасайт. Мисалы, тери клеткалары кератин деп аталган өзгөчө бир белокко бай. Кератин териге атайын коргоо касиетин берүүчү белок. Булчуң клеткалары миозин деп аталган бир белок менен оролгон. Бул белоктун өзгөчө касиети – бул анын башка белок менен өз ара таасирге кирип узундугун өзгөртө алышы. Ушундайча булчуң жипчелеринин жыйрылышына шарт түзөт. Мээ клеткалары болсо электрдик заряд өткөрүүгө көмөкчү белокторду камтышат. Башка бүт адистешкен кыртыштардын клеткалары клетканын өзгөчө мүнөзүн аныктоочу өзгөчө белокторду өндүрүшөт.

Ошентип кээ бир клеткалар тери клеткасы болуу үчүн кератин өндүрүп, башкалары булчуң клеткасы боло алуу үчүн миозин өндүрүп башташат. Негизи бүт клеткалардагы ДНКларда кератин үчүн да, миозин үчүн да керектүү бүт гендер болот. Башкача айтканда, гендер колдонууга даяр абалда күтүшөт. Бирок тери клеткаларында кератин үчүн керектүү гендер колдонулуп, миозин менен байланыштуу гендер аттап кетилет. Кабарчы РНКны өндүргөн фермент ДНКдан кератин менен байланыштуу гендерди гана окуп, аларды клетканын өндүрүш борбору болгон рибосомага алпарат. Натыйжада клетка миозин же өзүнө тиешесиз башка кандайдыр бир белокту эмес, кератинди өндүрөт. Эми башка кайсы бир клетка эмес, тери клеткасы абалына келген болот. Булчуң клеткаларында болсо ДНКнын миозин өндүрүүчү гени окулат, кератин менен байланыштуу ген аттап кетилет.

Эмбрион өрчүп жатканда, ДНК программалуу бир кезек менен гендеринин ар бирин кезеги келгенде колдонуп, калгандарын аттай алышы керек болот. Белгилүү түрдөгү бир клетканын пайда болушу жүздөгөн белок талап кылат. Башкача айтканда, бул клеткаларда бир канча ген колдонулуп, бир топ көбү болсо (башка клеткалар адистешкен белокторду коддогон гендер) колдонулбайт. ДНК бүт гендер менен бирге ал гендердин качан ишке кошулаарын, качан кошулбашын да билиши керек. Эгер ДНКнын мындай контролу болбосо, б.а. клеткалар муктаж болгон гендер менен бирге керексиз башка гендер да ишке киришсе, дене бир-бирине аралашып кеткен ар кандай түрдөгү клеткалардан турган бир эт тобуна айланат.

Натыйжада кайра эле бир чындыкты көрөбүз. Бул жерде керемет бир план менен акыл бар, бирок көрүнүштө мындай акылы бар эч нерсе жок. Бул бизге төмөнкү чындыкты көрсөтөт: бүт бул пландын жана керемет системанын ээси ааламдардын Рабби Аллах жана Андан башка Кудай жок.

## Керемет сапар

Эне курсагындагы өрчүү учурунда миллиарддаган клетканын ар бири өзүнө тиешелүү жерге жайгашышы керек. Бул үчүн клеткалар эмбрион ичинде пайда болгон жерден өзүнүн ордун көздөй таң калыштуу бир сапарга чыгышат. Бул «клетка көчү» деп аталат. Бул сапар учурунда бара турган даректин тууралыгы да, убакыт да өтө маанилүү. Эне курсагындагы бул өрчүү учурунда миллиметрдин жүздөн бириндей кичинекей бир орун жаңылыштыгы, же секунданын жүздөн бириндей бир убакыт жаңылыштыгы буттарды баштан, кулактарды көкүрөктөн чыгарып коюшу мүмкүн. Бирок система ушунчалык керемет иштегендиктен, эч бир ката кетирилбейт.

Клеткалар бара турган жерине чейин эмбрион ичинде узун сапар жасайт, бул сапарда атайын бир жолдо жүрүшөт. Бара турган жерине жеткенде ал жерди таанып токтошот. Б.а. миллиарддаган клетка жүрө турган жолдорун, бара турган жерлерин алдын ала билишет жана, ал тургай, жолго чыгууну, өз ордуна жеткенде болсо токтоону чечишет. Бул процесстердин натыйжасында, мисалы, эч качан ашказан клеткалары менен боор клеткалары бир-бирине аралашпайт. Эч кемчиликсиз иштеген ички органдар, колдор, буттар, б.а. адам денесиндеги органдар аралашып, бир эт жыйындысына айланышпайт. Башындагы бир тиштем эт ошентип акырындап адам формасына келет. Бүт бул процесстер учурунда кичинекей бир башаламандык да, тартипсиздик да болбойт.

Бул кубулушта көчкөн клеткалар менен алар жеткен жерде кармана турган клеткалар бир-бирлерин тааныгандай кыймыл-аракет жасашат. Мисалы, нерв системасы өрчүп жатканда миллиондогон нейрон (нерв клеткасы) бир-бири менен байланыш куруу үчүн түгөйлөрүн табууга аракет кылаары байкалган. Түгөйлөрүн таап эле тим болбой, пайда кыла турган органдын формасын жана түзүлүшүн курай турган укмуш бир инженерия долбоору негизинде катасыз биригишет. Мисалы, мээ клеткалары араларында керектүү маалыматтык байланышты камсыз кыла турган болжол менен 120 триллион электрдик байланышты түзүшөт. Бул эч теңдешсиз, керемет электрондук жабдыкта бир эле туура эмес байланыштын же чукул туташуунун (короткое замыкание) эмнеге алпараарын болжолдоо кыйын эмес.

Триллиондогон клетканын бир-бири менен гармонияда кыймыл-аракет жасаарын, жана триллиондогон клетканын катасыз бир эсеп жана план менен түгөйлөрүн табаарын айттык. Бирок эч кандай ойлонуу, пландоо, жолун табуу сыяктуу жөндөмдөрү болбогон клетканын мындай башаламандыктан өз алдынча чыгышы жана жолун таап туура жерге жетиши мүмкүн эмес. Ага жолун көрсөткөн, барышы керек болгон жерге жеткирген, бүт нерсени контрольдоп, башкарып турган бир күчтүн жол башчылыгы астында кыймылдаары апачык көрүнүп турат. Ушул себептен жолунан адашпайт, жаңылып башка жерге барбайт же түгөйлөрүнөн жаңылышпайт.

## Өрчүүдөгү керемет гармония

Эне курсагындагы өрчүүдө байкалган дагы бир керемет болсо – бул органдардын бир учурда, бирдей катышта чоңоюшу.

Ар бир органдын белгилүү бир чоңдугу бар. Ал чоңдукка эч кем же ашыкчасыз жете алышы үчүн болсо өрчүүнүн убактысы абдан жакшы жөнгө салынышы керек. Кол, бут, кулак, көз сыяктуу бүт жуп органдар бир учурда калыптанып баштап, чоңоюшу бир учурда токтошу керек, чоңоюу токтогондо бирдей чоңдукка жеткен болушу зарыл. Ошондой эле, пайда болгон органдардын симметриялуу болушу да клеткалардын бирдей, туура мөөнөттө кыймыл-аракет жасашы натыйжасында келип чыгат.

Органдардын бир убакта чоңоюшунун канчалык улуу жана маанилүү бир керемет экенин мунун тескерисин ойлогондо жакшыраак түшүнөбүз. Органдар ар кандай ылдамдыкта, бир-биринен көз-карандысыз чоңойот деп элестетели. Мындан келип чыга турган балээни элестете аласызбы? Мисалы, мээнин аны ороп турган баш сөөгүнөн ылдамыраак чоңоюп жатканын элестетиңиз. Көлөмү жетиштүү деңгээлде чоңойбогон баш сөөгү мээни кысып, анын эзилишине, натыйжада наристенин кыска убакытта өлүмүнө себеп болмок. Же болбосо, мээ баш сөөгүн талкалап чыгып чоңоюшун улантмак, аягында мээси да, баш сөөгү да жабыркаган бир түрү суук көз жармак. Же тери дене сөөгүнө караганда жайыраак өрчүсө, бат чоңойгон скелет менен кол-буттар терини алгач чоюп, белгилүү убактан соң айрып чыгып чоңоюуну улантышмак. Аягында бетинде оңдоого мүмкүн болбогон тери бөлүктөрү бар, жамактуу жана жийиркеничтүү бир көрүнүштөгү бир дене келип чыкмак. Бул багытта клетка мембранасы менен клетка органеллдеринин гармониялуу өрчүшүнөн скелет менен ички органдар арасындагы тең салмактуу чоңоюуга чейин көптөгөн мисалдарды берүүгө болот.

Бул саналган балээлердин баарынын «кокустуктар натыйжасында» боло турган бир өрчүүнүн табигый натыйжалары болоорун унутпаш керек. Башкача айтканда, эгер адам эне курсагында «кокустуктар натыйжасында» өрчүп жаткан болсо, жогоруда саналган өлүмчүл кырсыктардын келип чыкпашына эч бир себеп жок. Булардын келип чыкпашынын жана биздин дүйнөгө келбеттүү бир адам кейпинде келишибиздин жалгыз себеби – Аллах тарабынан контрольдонгон бир жаратуу менен жаратылышыбыз. Куранда адамдын жаратылуусу жөнүндө мындай деп айтылат:

**Аллах силерди энеңердин курсагынан эч нерсе билбеген абалыңарда чыгарды жана шүгүр кылышаар деп угуу, көрүү (сезүү органдарын) жана көңүлдөр берди. (Нахл Сүрөсү, 78)**

Башка бир аятта болсо адамдын жаратылуусу төмөнкүчө баяндалат:

**Силерди бир напсиден (жандан) жаратты, анан андан өз жубайын жаратты жана силер үчүн малдардан сегиз жуп түшүрдү. Силерди энелериңердин курсактарында, үч караңгылык ичинде бир жаратылыштан соң (башка бир) жаратылышка (айлантып) жаратууда. Раббиңер Аллах мына ушул, мүлк Аныкы. Андан башка кудай жок. Ошого карабастан, кантип бурулуп (адашып) жатасыңар? (Зүмер Сүрөсү, 6)**

Эне курсагындагы өрчүү жүрүп жатканда, жогоруда айтылгандардан да керемет бир окуя болот: бөлүнгөн клеткалар көбөйүүнү улантып жатышканда кээ бир клеткалар өздөрүн өлтүрүп оргaндардын бир формага келишине шарт түзүшөт. Мисалы, кол же буттун өрчүшү учурунда кээ бир клеткалардын белгилүү бир калыпка жараша өлүшү манжалардын келип чыгышына шарт түзөт.

Албетте, бул жерде мындай суроо туулат: бул өлгөн клеткалар кол менен буттун формасын алдын ала билишип, келечекте төрөлүп жашап баштай турган жандык аларды колдонсун деп өздөрүн өздөрү өлтүрүп, башка бирөө үчүн өз жанын кыйышабы? Өлгөн клеткалар эмне үчүн өлгөнүн эле билип тим болбостон, ал үчүн өлгөн оргaндын түзүлүшүн, формасын, ал тургай, ал оргaндын иштөө механизмдерин да билүүлөрү керек.

Бир саамга булардын баарын алдын ала абдан жакшы билишет деп кабыл алалы. Бул жерде да эволюциянын логикасын тамырынан кыйраткан бир жагдайды көрөбүз. Эволюция ар бир жандык жашоо үчүн күрөшөт деген көз-карашка таянат. Бул жерде болсо кээ бир клеткалар адамдарда да сейрек кездешүүчү мындай бир жан аябастык сезимине кантип жетишишкен?

Чындыгында, бүт нерселер сыяктуу адамдын дене өзгөчөлүктөрү да Аллахтын эрки жана буйругу менен пайда болот. Бир аз мурда айтылгандай, колуңузду сиз бир эмбрион кезиңизде Аллах аларга өлүүнү буйруган клеткалардын өлүмдөрү натыйжасында колдун формасын пайда кылышына карыздарсыз. Адамдын жүзүнүн формасы, аны бой көтөрткөн сулуулугу, бою жана өзүмдүкү деп ойлогон башка бүт өзгөчөлүктөрү «клетка» деп аталган кичинекей жандыктарга Аллах тарабынан жасатылган кыймыл-аракеттер натыйжасында келип чыгат.

Бир аятта Аллахтын жаратуусу төмөнкүчө сүрөттөлөт:

**«Ал Аллах, жаратуучу, кемчиликсиз пайда кылуучу, «калып жана келбет» берүүчү.» (Хашр Сүрөсү, 24)**

Бул жаратуу ушундай керемет болуп; бир эт жыйындысынын бир канча миллиметрлик бир жапкыч (тери) менен оролушу натыйжасында эң сулуу жандык болгон адам келип чыгат.

Бүт адамдардын мурду дээрлик бирдей чоңдукта болот. Мунун миңдеген жылдан бери дээрлик бирдей калышынын себеби – мурун калыптанып жатканда

клеткалардын белгилүү убактан соң бөлүнүүнү токтотуп органдын белгилүү бир чоңдукта калышына шарт түзүшү. Натыйжада эч кимдин мурду пил мурдундай узун да болбойт, эч кимдин бетинде толук өрчүп бүтпөгөн жарым бир мурун да болбойт. Бүт органдар бир-бири менен гармонияда дайыма аларга буйрулганчалык чоңоюшат.

Көлөмдөрү бирдей болгонуна карабастан, бүт адамдардын жүзүнүн ар кандай болушу өзүнчө бир керемет. Бүт адамдардын эки кулагы, эки көзү, эки кашы, бир мурду жана бир оозу бар, бирок дүйнөдө жашаган миллиарддаган адамдын ар биринин жүзү ар башка. Б.а. бул кемчиликсиз уюштуруу ар адамда ар башка болуп, сансыз көп түрдүүлүк келип чыгат.

Аллах кээде бул кемчиликсиз системанын канчалык чоң бир жакшылык экенин эскертүү үчүн адамга сабак болчу нерселерди да көрсөтөт. Аллахтын бул пландоону кичине өзгөртүшү натыйжасында олуттуу майыптыктар, ал тургай, түрү суктар келип чыгат. Ошондой эле, Аллахтын буйругу менен клеткалар бөлүнүүнү токтото албай, көбөйүүнү улантышканда болсо рак деп аталган оору келип чыгат. Мындагы даанышмандыктардын бири – адамга колундагы бүт нерсеси үчүн Аллахка шүгүр кылышы керектигин эскертүү. Эгер Ага шүгүр кылбаса **«...сени топурактан, анан бир тамчы суудан жаратткан, анан сени жарашыктуу бир адам кылганды тандыңбы?»** (Кехф Сүрөсү, 37) суроосуна туш болуп, акыретте тангандыгынын (каапырдыгынын) жазасын тартат.

## Рак

Көзүңүз менен эч качан көрө албаган, күнүмдүк жашооңузда эч сезбеген, маани да бербеген кандайдыр бир органыңыздагы кайсы бир клетка... Бул клетка башка триллиондогон достору менен гармонияда жашап жатканда, бир заматта эмнеден келип чыкканы белгисиз бир катанын себебинен кылбашы керек болгон бир нерсени кылып баштаса эмне болот? Бул кичинекей жандык ошол күнгө чейин 24 саат өз милдетин жасап жатып, бир заматта башка бир ишке киришсе, болгондо да, бөлүнбөшү керек болгон бир учурда бөлүнүп баштаса жана айланасына эч маани бербестен көбөйүүнү улантса эмне болот?

Сиз эч сезбеген мына ушул кичинекей жандык миллиондогон адамдын өлүмүнө себеп болгон рак клеткасы болуп калат.

## Оорулуу клеткалар

Рак – жалпысынын айтканда, клетка тарабынан жасалган жана себеби али аныктала албаган анормалдуу бир кыймыл-аракет. Бул анормалдуу кыймыл-аракет дененин ар кайсы жеринде кандайдыр бир клеткада жана ар кандай убакта башталышы мүмкүн.

Рак клеткалары кошуна жайгашкан нормалдуу клеткаларга караганда ылдамыраак көбөйүшөт. Мурдакы бөлүмдөрдө каралгандай, нормалдуу

клеткалардын чоңоюу этаптары бар, бирок бул кийинчерээк жетилген кезде токтойт. Рак клеткалары болсо азык тапса эле, эч качан бөлүнүүнү токтотушпайт.

Рак клеткалардын айланаларындагы клеткалар менен болгон кадимки мамилелеринде бир өзгөрүү болот. Мурдакыга караганда көз-карандысыз, «өзүмчүл», ал тургай, «жаман кошунадай» мамиле жасашат. Мисалы, клетка жабышчаактыгын жоготушат. Мындай жабышчаактык өрчүүнүн эң негизги факторлорунун бири; бөлүнгөн клеткалар беттериндеги атайын белоктор аркылуу кошуналары менен бир-бирине жабышуу тенденциясында болушат. Нормалдуу клеткалардын бул негизги касиетинин жоголушу зыяндуу өсүүгө, б.а. ракка себеп болчу маанилүү бир жагдай болот.

Жогорудагы эки өзгөчөлүктүн биригиши, б.а. клетка бөлүнүшүнүн ылдамдыгынын өсүшү менен бирге, клетка жабышчаактыгынын жоголушу өлүмгө алпарат. Бул жаңы жана тоң моюн, кызыктай бир кыртыштын пайда болгон жеринен тездик менен жайылып чоңоюшу деген мааниге келет. Мындан да жаманы болушу мүмкүн; рак клеткалары «метастаз» кылышы мүмкүн, башкача айтканда, кан айлануу аркылуу дененин башка жерлерине барып, ал жерде жаңы рак клеткалары колонияларын пайда кылышы мүмкүн. Акырындап бул зыяндуу клеткалар ичинде пайда болгон денени өлтүрүшөт.

Нормалдуу клеткаларда бөлүнүү программасын токтотуучу чектөөлөр менен тыюулар бар. Клетка бөлүнүшүнө клеткалар белгилүү бир боштукту толтурганда же алдын ала белгиленген бир жыйынды массага жеткенде тыюу салынат. Бул чектин эмнелиги, кантип иштеши, бөлүнүүнүн башталыш жана бүтүү буйруктарынын кайдан келээри медицинада азырынча белгисиз. Бул тыюулардын жоюлушунун рак башталды деген мааниге келээри гана белгилүү.

Рак клеткалары азык тапса эле болду, чексиз көбөйө беришет. Азык булагын болсо ичинде жашап жаткан дене камсыз кылат. Денеде 100 триллион клетканы азыктандырган кан айлануу системасы, б.а. кан рак клеткаларга да азык алпарат. Рак клеткалары тездик менен көбөйүп, тамырлар бул ач көз жандыктарды азыктандырууга жетишсиз болуп калат. Бирок рак клеткалары бул тоскоолдуктан да өтүшөт. Жакындарындагы тамыр клеткаларын жаңы кан тамырларды өндүрүүгө мажбурлашат. Кан тамырлары натыйжада рак массасынын ичине чейин узарып, рак клеткалары кайрадан бөлүнүп башташат. Кан тамырлары чоңоюп, көбүрөөк азык ташыган сайын рак массасы да барган сайын чоңойот. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр рак клеткаларынын кан тамырларынын чоңоюшуна себеп болчу бир секреция чыгараарын көрсөтүүдө. Бул секрециянын эмне экени, өзгөчөлүктөрү жана клеткаларга кандайча таасир берээри медицина тарабынан али аныктала элек.

Бул чындап өтө таң калыштуу нерсе. Рак клеткасы өмүрүн улантуу үчүн заманбап технология менен синтезделе албаган, ал тургай, эмнелиги да эч аныктала албай жаткан бир затты чыгарууда. Ушундайча тамыр клеткаларына таасир

тийгизип, өзүнө азык ташый турган жаңы тамырларды жасатууда. Бул жерде сөзсүз мындай бир суроо туулат: рак клеткасы бүт бул маалыматтарга кантип жеткен?

Бул ишти «өз башынча» жасай алышы үчүн тамыр клеткасынын көбөйүү механизминдеги биз билбеген сырларды түшүнүп, жана ал маалыматтардын негизинде өндүргөн затын чыгарып, тамыр клеткаларын ишке киргизиши жана өзүнө кызмат кылдырышы керек. Анда, рак клеткасын бизден өтө акылдуу деп кабыл алышыбыз керек болот.

Унутпаш керек болгон дагы бир маанилүү жагдай бар: денедеги ракты баштаган алгачкы оорулуу клетка да негизи жаралган кезден баштап рак клеткасы болбойт. Нормалдуу клетка кезинде бир заматта кайдан келгени белгисиз бир буйрук менен бузулат жана бир рак клеткасына айланат. Андай болсо, бир рак клеткасына кийин айланса, тамыр клеткаларына таасир тийгизип, ракты азыктандыра турган жаңы тамырларды өндүрүүчү жогоруда айтылган ал «укмуш» суюктуктун формуласын кайдан үйрөнүүдө?

Албетте, Аллахтын ушундай жол менен ракты жаратышынын артында улуу бир план жана маанилүү бир максат бар. Аллах рак аркылуу жараткан системасындагы кичинекей эле өзгөрүүнүн кандай оор натыйжаларга алып бараарын көрсөтүп, адамдарга Аллахтын алдындагы алсыздыгын эске салууда.

Ким билет, балким мындан белгилүү убакыт өткөн соң медицина ракты айыктырууну чарасын табат чыгаар. Бирок бул чара табылганда, Аллах жараткан системанын канчалык керемет экени дагы бир жолу көрүнөт. Эгер бул көйгөй чечиле алса, жаратылган бир механизм тереӊ изилденип, Аллахтын жаратуу чеберчилигиндеги назиктик, кемчиликсиздик, улуу акыл жана илим дагы бир жолу көз алдыга тартууланган болот.

## Рак жана мутация

Бир клетканын мындай токтотула алгыс болуп калышына эмнелер себеп болушу мүмкүн? Бул алигече белгисиз. Мындай бурулуунун машаасына эмненин басаары чоӊ бир суроо. Бирок денеде рактын башталыш формасы жөнүндө алынган кээ бир ачылыштар мутацияны, башкача айтканда, жалгыз (бир даана) клетканын ДНКсындагы бир өзгөрүүнү эске салууда.

Ракты мутация менен байланыштырган бул ачылыштар төмөнкүдөй:

1) Рак дайыма бир даана клеткадагы кокус бир өзгөрүү натыйжасында башталат.

2) Клетка оорулуу болуп калган соң андан чыккандардын баары оорулуу болушат. Б.а. жаман касиет клеткадан клеткага өтүүдө.

3) Рак клеткалары, белгилүү болгондой, алардан келип чыккан кадимки клеткаларга салыштырмалуу чыдамкайыраак болушат жана өмүрүн улантууда артыкчылыктуу болушат.

4) Ракка себеп болгон заттардын көпчүлүгү, мисалы, химиялык заттар, рентген нурлары жана ультра-кызгылт нурлар мутацияга да себеп болушат.

Ошондуктан рактын эң ыктымалдуу себеби – бул ДНКдагы бир өзгөрүү, б.а. мутация. Албетте, муну тескерисинче айтууга да болот; б.а. ДНКда өзгөрүүгө себеп болгон бир мутация адамдын рак болушуна себеп болот.

Бул болсо эволюция теориясын дагы бир жолу кыйраткан маанилүү бир далил. Себеби, эсиңизде болсо, эволюционисттер жандыктардын кантип бир тамырдан (бир «атадан») келип чыгып, ушунча көп түрдүү болуп калганын түшүндүрүү үчүн колдонгон эң негизги түшүндүрмөсү – бул мутация. Мутациялар жандыктарда «туш келди» өзгөрүүлөргө себеп болгон жана ал кокустуктардын кээ бирлери «пайдалуу» болгон; натыйжада пайдалуу бир өзгөчөлүк кошулган жаңы жандык түрлөрү келип чыккан дешет. Бирок, мурдакы бөлүмдөрдө да каралгандай, эволюционисттер мындай дегени менен, чындыгында «пайдалуу мутация» деген түшүнүк жок. Мутациялардын дээрлик бардыгы рак деген өлүмгө себеп болчу оорулар менен, Хиросима, Нагасаки, Чернобльдагы сыяктуу жарааттар менен аяктоодо. Көрүнүп тургандай, эволюционисттер түрлөрдүн келип чыгышын түшүндүрүү үчүн колдонгон акыркы чарасы мутациялар колдогу даяр системаны бузууда.

Мутациянын мындай зыяндуу өзгөчөлүгү натыйжасында ДНКда жазылган миллиондогон коддук маалыматтын кереметтүүлүгү дагы бир жолу көрүнөт. Өтө кылдат тактыкта жазылган ДНКнын өзгөрүшү жандыктын өлүмүнө себеп болушу мүмкүн. Бир эле өзгөрүүнүн да ракка себеп болушу адамдын ДНКсынын жана натыйжада денесинин эч бир бөлүгүнүн кокустан пайда боло албашын дагы бир жолу апачык көрсөтөт.

Кыскасы, ден-соолук «кокустан» пайда боло албайт. Атайын жаратуунун натыйжасы, Аллах тарабынан берилген бир немат-жакшылык. Бул үчүн болсо Аллахка шүгүр кылуу керек. Себеби Аллах кааласа бул ден-соолукту оңой гана алып койо алаарын, дененин белгисиз бир жеринде өлүмгө алпарчу бир оору жаратып койоорун бизге күн сайын мисалдары менен көрсөтүүдө.

Адамдын милдети – ага ден-соолук берип, аны **«келбеттүү бир адам кылган»** (Кехф Сүрөсү, 37) Аллахка шүгүр кылуу. Ооруганда болсо оорунун да, шыпаанын да Андан келээрин билип, Аз. Ибрахим сыяктуу **«ооруганымда мага шыпаа берүүчү Ал»** (Шуара Сүрөсү, 80) деп Аллахтан жардам сурашы керек.

# КЛЕТКАДАГЫ ЭНЕРГИЯ ӨНДҮРҮШҮ

Энергия бүт тармакта адамзат үчүн мажбурлуу бир муктаждык. Технология, өнөр-жай, транспорт, байланыш сыяктуу көптөгөн негизги тармактарда эң негизги ролду ойнойт. Ушунчалык зарыл бир муктаждык болгон энергиянын наркы да, албетте, жогору. Ири дамбалар, мунайзат иштетүүчү заводдор, ал тургай, атомдук электрдик станциялар (АЭС) ушул максатта курулат. Өлкө каражаттарынын көпчүлүгү энергияга бөлүнөт. Күнүмдүк жашоодо колдонгон бир автоунаанын күйүүчү майы үчүн да канчалаган көлөмдө акча сарптайбыз.

Энергия табуу ушунчалык чыгымдуу; андай болсо, сизди алып жүргөн, ойлонушуңуздан сүйлөшүңүзгө жана басышыңызга чейин көптөгөн иштериңизди жасаган денеңиз кайсы энергияны кайсы булактан алып, кантип өндүрүп, кантип колдонууда?

## Клетка жана энергия

Клетка дене муктаж болгон энергияны өндүрүү үчүн «митохондрия» деп аталган жүздөгөн кичинекей энергия станцияларынан пайдаланат. Бул станцияларда азыктардан алынган химиялык энергиялар клетка колдоно ала турган энергия пакеттерине айландырылат. Ал пакеттер АТФ (ATP) деп аталат. Клетканын ичиндеги бүт окуялар митохондрияларда өндүрүлгөн колдонууга даяр турган ушул энергия пакеттери менен ишке ашат.

Бул энергиянын наркы кандай?

Бир салыштыруу жасоо үчүн автоунааңызга күйүүчү май катары колдонгон бензинди карайлы. Бул бензин алгач жердин терең түбүнөн чийки мунайзат абалында чыгарылат. Анан кемелер менен мунайзат иштетүүчү заводдорго жеткирилет. Ал заводдордо көптөгөн татаал химиялык процесстерден соң бензин алынат. Унааңыздын мотору менен ал жерде колдонулган бензин бир-бирине туура келе тургандай кылып өндүрүлгөн. Унааңыз башка бир күйүүчү зат менен иштебейт. Ошол сыяктуу электровоздорду кыймылдаткан электр энергиясы да көп кыйынчылыктар жана чыгымдар менен дамбаларда өндүрүлөт. Бул иш үчүн гидроэлектрдик станциялар (ГЭС) курулган. Бул эки мисалда тең көп илим жана алдыңкы технологиялар колдонулууда.

## Клетканын энергия станциясы

Клеткада бул жогоруда айтылгандардан алда канча жогору бир система бар. Колдонула турган энергиянын биринчи булагы – бул күн. Өсүмдүктөр күн нурларын колдонуп азык жасашат. Тагыраагы күн нурунун энергиясын өндүргөн азыктарынын ичине кампалашат. Дене болсо бул өсүмдүктөрдөн жана алар менен азыктанган жаныбарлардан алган азыктарды өтө майда бөлүктөргө бөлөт. Энергиянын чийки заты болгон бул кичинекей бөлүкчөлөр клетка тарабынан

кармалып, клетканын «энергия станциясы» болгон митохондрияга алып барылат. Митохондрия бул чийки заттарды эң майда молекулаларына чейин майдалап ичтеринде сакталган энергияны чыгарат. Ал тургай, ал энергияны клетка колдоно ала турган бир «күйүүчү майга» АТФга айлантат. Клеткадагы бүт иштер ушул «күйүүчү майдын» энергиясы менен жасалат. Бул жерге чейин айтылгандар ал процесстердин өтө кыскача бир баяны гана. Митохондрия деп аталган бул станциялардагы энергия өндүрүшү учурунда өтө татаал химиялык кубулуштар болуп өтөт. Ал химиялык кереметтер миллиметрдин 100дөн бириндей болгон клетканын ичинде, б.а. кыялга сыйбас кичинекей бир жерде болуп өтүүдө.

Клеткада энергия өндүрүүдө башкы ролду кычкылтек ойнойт. Энергия өндүрүүнүн дээрлик ар бир этабында көптөгөн ар кандай ферменттер кызмат кылышат. Бир этапта өз кызматын жасап бүткөн ферменттер кийинки этапта ордуларын башкаларга өткөрүшөт. Ошентип ондогон ара процесстер, ал процесстерде кызмат кылган жүздөгөн түрдүү ферменттер жана сансыз химиялык реакциялар натыйжасында азыктарда кампаланган энергия клетканын ишине жарай турган абалга алып келинет.

Демек, клетканын ичиндеги «энергия станциясын» бир мунайзат иштетүүчү заводдон же гидроэлектрдик станциядан комплекстүүрөөк деп айтууга болот.

Бул жагдай клетканын башка функциялары сыяктуу бул жерде да өтө зор бир керемет бар экенин көрсөтүүдө. Себеби бир мунайзат иштетүүчү завод мунайзаттын эмнелигин билген, чийки мунайзатты лабораторияларда анализ кылган жана ошол илимий маалыматтарды колдонгон инженерлер тарабынан курулат. Мунайзаттын эмнелигин билбеген адамдар бир мунайзат иштетүүчү завод кура алат деп ойлоо болсо, албетте, күлкүмүштүү. Бул мүмкүн эмес.

Бирок ушундай мүмкүн эмес нерсени клетканын ичиндеги энергия станциясы, б.а. митохондрия жасай алууда. Себеби клетка эне курсагында пайда болуп, көбөйөт жана анан адам денесин пайда кылат. Клетканын энергия станциясы митохондрия өмүрүндө бир жолу да тышкы дүйнөнү, бир даана өсүмдүктү да көрбөйт. Бирок, өсүмдүктүн ичиндеги энергияны кантип чыгарууну билет жана бул татаал ишти эч катасыз жасайт.

Мындай системаны митохондрия кайдан үйрөнгөн?

Негизи эч бир клетка органеллинин биологиялык бир функцияны «үйрөнүү» мүмкүнчүлүгү жок. Себеби клетканын калыптануу учурунда мындай функцияны жасай турган өзгөчөлүккө ээ болбой, кийинки жашоо процессинде муну жасай ала турган жөндөмгө ээ болуу мүмкүнчүлүгү жок. Мындай учурларда денеде тиешелүү система жашоо башталган кезден эле толук бойдон бар болушу зарыл. Антпесе энергия өндүрүүдө негизги ролду ойногон «кычкылтек» клетканы заматта талкалайт. Демек клетка пайда болгон кезде эле кычкылтектен коргой турган кемчиликсиз бир система менен да жабдылган болушу шарт. Ошондо гана өзүн жок

кыла ала турган бул газды алып, анын жардамы менен эң негизги муктаждыгын, б.а. энергияны өндүрөт.

Митохондриянын максаты – бул кычкылтек колдонуу аркылуу энергия өндүрүү. Муну, жогоруда айтылгандай, кезек менен иштеген ферменттер системасысыз жасай албайт. Бул ферменттер бир жандыкта же толугу менен бар же жок. Кийинки урпакка тукум куучулук жолу менен, б.а. ДНКда жазылган маалымат аркылуу өткөрүлүүшөт. Эч бир жандык өз алдынча мындай системаны үйрөнө албайт. Бул ушунчалык кылдат жасалган, татаал бир система болгондуктан, адамзат мээси да учурдагы бүт мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп мындай системаны кура албайт.

Митохондриядагы бул керемет системанын бир учурда пайда болгон болушу керектигин эволюционист илимпоздор да кабыл алууга мажбур болушкан. Бул багытта белгилүү эволюционисттерден профессор, доктор Али Демирсойдун төмөнкү сөздөрү өтө жакшы мисал болот:

Суроонун эң негизги жери – митохондриялар бул касиетке (б.а. кычкылтекти энергия алуу механизминде колдонуу) кантип ээ болгондугунда. Себеби бир эле индивиддин да кокустуктар натыйжасында мындай өзгөчөлүккө жетиши акылга сыйбай турган ыктымалдыктардын биригишин талап кылат. Бул жерде эволюциялык бир маселе жаралууда. Клетка келечектеги абалды билип ошого ылайыкташканбы? Же ал шарттар келе электе, кокустуктар натыйжасында бул касиеттерди алып жүргөн бир клетка ийгиликтүү ыңгайлашкан беле?.. Дем алууну камсыз кылган жана ар этапта ар кандай катализаторлор катары кызмат кылган бир катар ферменттер механизмдин маңызын түзөт. Бул ферменттер жыйындысынын же баары толугу менен бир клеткада болот, же болбосо кээ бирлеринин болушунун эч мааниси болбойт. Себеби ферменттердин кээ бирлери кем болсо мындан эч натыйжа чыкпайт. Бул жерде илимий көз-карашка өтө карама-каршы келүү менен бирге, мындан да догматикалык бир түшүндүрмө жана спекуляция жасабаш үчүн бүт дем алуу ферменттеринин клетка ичинде бир жолуда жана кычкылтекке жолугаардан мурда, толугу менен пайда болгонун, кааласак каалабасак, кабыл алууга мажбурбуз.[14]

Бул сөздөр эволюциялык логиканын жеңилүү мисалдарынын бири. Бүт бул чындыктарга карабастан, эволюционисттер канчалык кабыл алгысы келбесе да, мунун бир гана түшүндүрмөсү бар: митохондрия өсүмдүктөрдүн түзүлүшүн да, адам денесин да бүт майда-чүйдөсүнө чейин билген бир акылдын Ээси тарабынан жаратылган. Башкача айтканда, митохондрияны жараткан күч **«илими жагынан бүт нерсени курчаган»** (Энъам Сүрөсү, 80) Аллах.

Башка бир аятта болсо бул чындык мындайча айтылат:

**«Көңүл бургула; чындыгында Ал бүт нерсени ороп-курчап турат» (Фуссилет Сүрөсү, 54)**

# ВИРУСТАР

Клеткалардын эң негизги душманы – бул вирус деп аталган микроскопиялык жандыктар. Көзгө көрүнбөгөн бул эки жандык арасындагы согуштун адам жашоосунда мааниси өтө чоң. Вирустар кээде сасык тумоо (грипп) сыяктуу жанды кыйнай турган ооруларга себеп болсо, кээде СПИД, келте (тиф) сыяктуу өлтүрүүчү ооруларга алып келишет.

Вирустардын клеткага чабуулу өтө күчтүү, жана чабуул ыкмалары жагынан өтө таң калыштуу. Вирустун «стратегиясынын» негизинде клеткага анын өзүнүн курал-жарагы жана мүмкүнчүлүктөрү менен сокку берүү турат. Өз копияларын өндүрүү үчүн жасаган бул чабуулу негизи кандайдыр бир мааниде өзүн-өзү өлтүрүү чабуулу болот. Урпагы уланышы үчүн өзүн да, клетканы да курмандыкка чалат. Клеткалар өмүрүн улантышы үчүн ДНКларындагы маалыматтардын негизинде белок өндүрүшү керек экенин жогоруда айткан элек. Вирустар мына ушул белок өндүрүшүнүн жолун тосуп, клетканы белок менен бирге вирус да өндүрүүчү бир заводго айлантышат.

## Жансыз, бирок акылдуу душмандар

Вирустар – табияттагы эң кызыктай касиеттери бар органикалык түзүлүштөрдүн бири. Тирүү (жандуу) бир денелери жок жана тукум куучулук механизмден гана турушат. Бир вирус белоктон бир кабыкча жана кабыкчанын ичинде өзүнө тиешелүү маалыматтарды камтыган генетикалык коддордон (ДНК же РНК) гана турат. Өз башынча тирүүлүк (жашоо) белгисин көрсөткөн кандайдыр бир функциясы же органелли жок. Бир организмдин ичине киргенде гана жанданып, активдүү абалга өтөт. Бир клеткага тийгенден баштап тирүү организм өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп баштайт; чабуулчу жана ал тургай, акылдуу бир жандыкка айланат.

Вирус адам денесине карата мүмкүн болгон эң акылдуу чабуул ыкмасын колдонот. Клеткалардын бирине баруудан мурда буттары менен ал клетканын өзүнө ыңгайлуу же эмес аныктайт. Эгер ыңгайлуу деп тапса, өз ДНКсын –б.а. кабыкчасын эске албасак өзүн- клетканын ичине киргизет.

Бул процесс натыйжасында клетканын ичиндеги механизмдер вируска алданып калышат. Клеткага кирген бул жаңы ДНКнын «жат» экенин билбей, аны ДНКнын клеткадагы ордуна, б.а. түз эле ядронун ичине жеткиришет. Ядрого жеткен вирустун ДНКсы ал жердеги ДНКнын ичине аралашат. Андан соң клетка белок өндүрүп жатам деп ойлоп, бул жаңы вирус ДНКсын көбөйтүп баштайт. Вирустун ДНКсы клетканын ДНКсына ушунчалык ылайыкташып жашырынгандыктан, клетка байкабастан өндүрүшүн уланта берет.

Муну байкоо да чындыгында өтө оор: бир клеткага чумкуган вирустун ДНКсын калган сансыз ДНК молекуласынан айырмалоо жыйырма томдук бир энциклопедиянын кандайдыр бир бетине жазылган жарым беттик бир сүйлөмдү издеп табууга окшошот. Вирус ушундай «эпчил» ыкмасы аркылуу клетканын өзүнө тиешелүү программалоо механизмдерине аралашып, клеткага тиешелүү бир бөлүккө айланууда.

Бир текстте белгилүү бир абзацтан соң кошулган бир сүйлөм бир абзацтын маанисин толугу менен тескериге буруп салышы мүмкүн. Вирус да мына ушундай олуттуу өзгөртүү жасап, клетканын бүт өндүрүш иш-аракетин чыныгы максатынан адаштырат: вирустун ДНКсы клетканын ядросундагы «өндүрүш текстинин» маанисин бүтүндөй өзгөртө ала турган маанилүү бир жерге кошулат.

Кадимки учурда өзүнө керектүү жана ДНКда коддору атайын кулпулар менен белгиленген белоктордон тышкары эч бир белоктун кодун –башка клеткаларга тиешелүү белоктордукун да- окубаган клетка, сыйкырлангандай болуп, өзүн кармана албай вирус ДНКсын окуп ал вирусту өндүрүп баштайт. Вирустун кайсы күч менен клетканын өндүрүш механизмдерин, ферменттерин башкарып алаары жана өз кодун копиялатып өз белокторун өндүртөөрү алигече белгисиз өтө табышмактуу көрүнүш.

Бул окуя клетканын өлүмүнө негиз даярдайт. Өлүп бараткан клетка ядродогу туура эмес коддолгон программаны өндүрүү үчүн бүт энергиясын аягына чейин колдонот. Аягында өлүп, талкаланат. Талкаланган соң клетканын «канын соруп» көбөйгөн вирустар калган клеткаларга жайылып, өздөрүнө жаңы курмандыктарды табышат. Вирустардын мындай чабуулу тездик менен уланат.

Бул чабуул, эгер дененин коргонуу (иммундук) механизми болбосо, бир адамды бир канча күндө өлтүрө тургандай ылдамдыкта жүрөт. Бирок иммундук механизм вирустун денеге киргенин кыска убакыт ичинде байкап, тездик менен каршы чабуулду баштайт. Мунун урматында эң жөнөкөй бир суук тийүү вирусу менен да өлүп кала турган адам аман-эсен өмүрүн улантат.

Вирустун бул кызыктуу окуясы таң калыштуу жана, ошондой эле, ойго салат.

Эң биринчиден мындай суроо туулат: кантип табияттагы вирус адам денесине кирип, аны басып ала турган бир маалыматка ээ боло алат? Вирус мындай жөндөмгө ээ болуу үчүн адам клеткасын өтө жакшы таанып, өз ДНКсын адам ДНКсынын арасына кире ала тургандай кылып түзүшү керек болот.

Бирок муну ойлоонун өзү да акылсыздык. Жогорудагы сүйлөмдө «вирустун» өз ДНКсы» деген сөздү колдондук. Бирок вирус ансыз да бир ДНК менен аны ороп турган бир кабыкчадан гана турат. Адам денесин таануу, ошого жараша өзүн формага салуу сыяктуу бир «жөндөмү» болушу мүмкүн эмес.

Бул жерде апачык бир чындык бар: вирус атайын адам денесине кирип, анын ДНКсына сүңгүй турган кылып жаратылган.

Муну бир мисал менен түшүндүрөлү: ээн талаада баратып алгач өтө жогору технологияда жасалган бир эшик кулпусун, анан белгилүү убактан соң бир ачкыч таап алдыңыз дейли. Ачкычты кулпуга салсаңыз, аны ачса, кандай жыйынтыкка барасыз? «Кандай кокустук, бул бир кесим темир кокустан бул кулпуну ачып жиберди» дейсизби, же колуңуздагы ачкычты атайын ошол кулпу үчүн жасалып, бирок экөө эки башка жерге таштап коюлуптур деген жыйынтык чыгарасызбы? Албетте, акыл экинчи вариантты кабыл алууну талап кылат.

Вирус менен адам денеси арасында да ушундай «кулпу-ачкыч» байланышы бар. Адам клеткасы менен эч байланышы жок, жана ошол бойдон он миңдеген жыл бою табиятта өлүү абалда турган вирус адам денесинин ичине кандайдыр бир жол менен кирип, ошол замат барып клетканын «кулпусун» ачат. Алгач клетканын дубалын тешет; себеби ал дубалды теше ала тургандай кылып жасалган. Анан барып клетканын ДНКсынын арасына кошулат; себеби ошол ДНКга туура келе тургандай кылып жаратылган.

Башкача айтканда, вирус адам денесине кирип ооруга себеп болсун деп жаратылган. Аллах адамды ооруй турган болушун каалаган. Себеби, бой көтөрүүгө өтө жакын болгон адам баласы ушул сыяктуу кыйынчылыктар натыйжасында гана Аллахка муктаж жана алсыз бир жандык экенин түшүнүүдө.

Бирок Аллах оору менен бирге шыпааны да жаратат. Мына ушул себептен, вирусту жаратып, ага каршы укмуш согуш жүргүзүүчү иммундук системаны да жараткан. Адам иммундук системасы натыйжасында күн сайын ар кандай түрүнө жолуккан вирустарга карата чыдамкайлык көрсөтөт.

Бирок, Аллах кээде вирустарды бир «өлүм себепчиси» катары да колдонот. Аллах каалаган адамына каалаганча өмүр берет жана бул белгиленген мөөнөт Аллахтын каалоосу менен аяктайт. Аллах өлүм үчүн колдонгон «себептердин» бири, вирус. Тарых бою миллиондогон адамдар колундагы бүт мал-мүлктөрүнөн, жубайларынан, балдарынан, кыскасы, өмүрлөрүнөн эч качан көрө албаган вирустар себебинен ажырашкан. Учурда заманбап медицина вирустардын көпчүлүгүнө чара таап жатканда, жаңы жана жеңе алгыс вирустардын жаратылып жатышынын да терең мааниси бар. СПИД же Эбола сыяктуу жаңы вирустар **«кайсы жерде болсоңор да, өлүм силерди табат»** (Ниса Сүрөсү, 78) аятынын өкүмү менен Аллах өлүм чечимин чыгарган денелердин өлүм себепчиси болууну улантышууда.

# ӨСҮМДҮК КЛЕТКАСЫ

Дүйнөнүн жашаганга ыңгайлуу бир жер болушунда эң чоң роль, эч күмөнсүз, өсүмдүктөргө тиешелүү. Өсүмдүктөр дем алган абабызды биз, адамдар үчүн тазалайт, планетабыздын температурасын бир калыптуу кармашат. Дем алган абабыздагы кычкылтек өсүмдүктөр тарабынан чыгарылат. Эгер өсүмдүктөр кычкылтек чыгарбаганда, адам менен жаныбарлардын өмүрү көпкө созулмак эмес; атмосферадагы кычкылтек кыска убакытта түгөнүп, жандыктар тобу менен дем ала албай өлүшмөк.

Азыктарыбыздын маанилүү бөлүгү да ар кандай даамдагы өсүмдүктөрдөн турат. Өсүмдүктөр бул азыктарды даярдоодо болгону үч негизги материалды колдонушат: топурак, күндүн нуру жана суу. Бирок, ар биринин өзгөчө жана миңдеген жылдан бери эч өзгөрбөгөн формасы, түсү, жыты жана даамы бар.

Өсүмдүктөрдүн «адамга азык берүү» өзгөчөлүгү, башка бүт функциялары сыяктуу, клеткаларындагы пландуу жаратуунун бир натыйжасы. Адам менен жаныбар клеткаларынан түзүлүшү жагынан айырмаланган өсүмдүк клеткалары, бир жагынан, бүт жандыктар үчүн бир азык булагы боло турган, экинчи жагынан, атмосфераны тазалай турган кылып жаратылышкан.

Кыймылсыз тургандай көрүнгөн өсүмдүктөрдүн ичинде чындыгында өтө кыймылдуу бир жашоо бар. Топурактан секунда сайын суу менен керектүү минералдык элементтерди сорушат. Аларга абадан алган көмүр кычкыл газы менен эң негизгиси күн энергиясын кошуп адамдар үчүн таза аба жана азык өндүрүшөт. Биз күн сайын дарактарда көрүп, үстүн тебелеп өткөн жалбырактардагы миллиарддаган кичинекей клеткалар бул өндүрүштү тездик менен жасашат.

Өсүмдүк клеткасын адам менен жаныбарлардыкынан айырмалаган эң негизги өзгөчөлүк – бул күн энергиясын колдоно алышы. Муну фотосинтез деп аталган процесс аркылуу жасайт жана күндөн келген энергияны адамдар менен жаныбарлар азык аркылуу ала турган энергияга айлантат.

## Күндөн азыктарга барган энергия

Дүйнө жүзүндөгү жашоонун негизги энергия булагы – бул күн. Бирок адамдар менен жаныбарлар күн энергиясын түздөн-түз колдоно алышпайт. Күндүн энергиясы өсүмдүктөр аркылуу адамдар менен жаныбарларга жетет. Клеткаларыбыз тарабынан колдонулган энергия чийки заттарынын баары – чындыгында өсүмдүктөр аркылуу бизге жеткирилген күн энергиясы. Чайыбызды ичип жатканда күн энергиясы ичебиз, нан жеп жатканда тиштерибиз арасында белгилүү көлөмдө күн энергиясы болот. Булчуңдарыбыздагы күч да чындыгында күн энергиясынын башкача бир формасы гана. Бул текстти окуп жатканда сарптаган энергиябыз да күндөн келген.

Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын энергия булагы да ушундай. Күйгөн отундан чыккан энергия да формасы өзгөргөн күн энергиясы. Форма өзгөрүүнүн аты болсо – жогоруда айтылгандай, «фотосинтез».

Өсүмдүк клеткасы күн нурунан алган энергияны химиялык энергияга айлантып, өзгөчө ыкмалар менен азыктарга кампалайт. Негизи бул жумушту бүт клетка эмес, клеткада жайгашкан жана өсүмдүккө жашыл түсүн берген «хлоропласт» аттуу органелл жасайт. Бул кичинекей жашыл нерселер өмүрлөрүн адамзат үчүн азык менен кычкылтек өндүрүүгө арнаган сыяктуу. Микроскоп менен гана көрүүгө мүмкүн болгон бул кичинекей жашыл органчалар күн энергиясын органикалык заттардын ичине кампалоочу (жыйноочу) дүйнөдөгү жалгыз лабораториялар. Өсүмдүктөрдү адам менен жаныбарлар үчүн бирден-бир азык каражатына айландырган өзгөчөлүк мына ушул.

Хлоропласттар дүйнө жүзүндө өндүргөн заттын саны жылына 200 миллиард тоннага жетет. Алар жасаган өндүрүш укмуш татаал бир химиялык процесс жана укмуш тездик менен жасалат. Хлоропласттын ичиндеги миңдеген «хлорофиллдин» жарыкка болгон реакциясы секунданын миңден бириндей кыска убакытта болот. Мындай ылдамдык себебинен хлорофиллдеги көп кубулуштарга дагы эле байкоо жасала албай келет. Фотосинтездин этаптары жалпысынан аныкталды, бирок майда-бараттары толугу менен белгисиз. Себеби химиялык жактан тууроого мүмкүн болбогон татаал система адам акылына сыйбас бир ылдамдыкта иштөөдө.

Фотосинтез эки этапта жүрөт. Бул этаптар «жарык фаза» жана «караңгы фаза» деп аталат. Жарык фаза хлоропласттын тикалоид деп аталган жана дисктерге окшогон бөлүгүндө болот. Бул жердеги пигмент молекулалары күн нурунан алган энергия натыйжасында электрондорун жоготушат. Электрондордун кыймылы натыйжасында бир энергия пакети менен чийки зат катары АТФ (ATP) жана НАДФН (NADPH) келип чыгат. Караңгы фазада болсо көмүр кычкыл газы жарык фаза натыйжасында келип чыккан АТФ жана НАДФНнын жардамы менен кант менен крахмал сыяктуу азык заттарга айландырылат.

Бул айтылгандар бул кубулуштун миңдеген эсе жөнөкөйлөштүрүлгөн абалы, ошондо да адамга татаал сезилиши мүмкүн. Чындыгында фотосинтез учурунда болуп өткөн реакциялар айтып берилсе бул беттерге батпай турганчалык узун. Дүйнө жүзүндөгү эч бир лаборатория бул энергия айлануусун жасай албайт. Болгондо да, бул процесстер миллиметрдин миңден бириндей көлөмдөгү бир органеллде болуп жатат. Бул органеллдин калыңдыгы миллиметрдин жүз миллиондон бириндей болгон кабыгына жайгаштырылган бир система күндүн нуру аркылуу келген электрондорду башкарат. Ал электрондорду адамдарга азык өндүрүү үчүн энергия жасоодо колдонот.

Бул кемчиликсиз система эволюция теориясын дагы бир жолу тамырынан кыйратууда. Себеби фотосинтез болушу үчүн бүт ферменттер менен системалардын бир учурда клетканын ичинде бар болушу шарт. Бир эле этаптын кем болушу бүт

системаны ишке жараксыз кылып койот. Эволюционист илимпоздор фотосинтезди түшүндүрүүдө –клеткадагы башка химиялык механизмдердеги сыяктуу- туюкта калышкан. Ушундай бир «илимпоз» профессор, доктор Али Демирсой өздөрүнүн алсыздыгын төмөнкүдөй баяндайт:

Фотосинтез өтө татаал бир кубулуш жана бир клетканын ичиндеги органеллде ишке ашышы ыктымалсыз көрүнүүдө. Себеби бүт этаптардын бир заматта пайда болушу мүмкүн эмес, бир-бирден пайда болушу болсо маанисиз.[15]

Башка бир эволюционист илимпоз Гоймар фон Дитфурт (Hoimar von Ditfurth) болсо фотосинтездин кийинчерээк үйрөнүп алына турган бир процесс эместигин, фотосинтез үчүн керектүү бүт заттар менен маалыматтардын өсүмдүк клеткасында эң башынан бери бар болушу керек экенин төмөнкүчө айтат:

Эч бир клетка биологиялык бир функцияны сөздүн чыныгы маанисинде «үйрөнүү» жөндөмүнө ээ эмес. Бир клетканын дем алуу же фотосинтез жасоо сыяктуу бир функцияны алгач пайда болгон кезде жасай албай, кийинчерээк жашоо процесси ичинде муну жасай алып калышы, бул функцияны жасай турган жөндөмгө ээ болушу мүмкүн эмес.[16]

Күн энергиясын электрдик же химиялык энергияга айлантуу – белгилүү болгондой, заманбап технология жакын убакта гана жасай алган бир процесс. Бул үчүн жогорку технологиялуу каражаттар колдонулууда. Бирок көзгө көрүнбөгөн кичинекей өсүмдүк клеткасы бул жумушту миллиондогон жылдан бери тынымсыз жасап келатат. «Кокустуктар натыйжасында» бул жумушту жасай турган абалга келиши болсо, жогорудагы эволюционисттердин моюнга алууларынан да көрүнүп тургандай, эч мүмкүн эмес.

Анда толтура суроолор жаралат. Калыңдыгы метрдин жүз миллиондон биринчелик бир кабыкка бир электронду башкарууну, анан адамдарга кызмат кылышы үчүн электронду башка бир реакцияга киргизүүнү ким үйрөткөн? Бүт этаптар бир учурда клетканын ичине кантип жайгаштырылган? Кандайча болуп өсүмдүктөрдүн жашыл жалбырактары бүт жандыктар дүйнөсүнүн энергия кампасы болуп калган?

Жооп апачык. Аллах өсүмдүктөргө ушундай өзгөчөлүк берген жана алар да өздөрүнө берилген кызматты Аллахка моюн сунуп, жасап жатышат.

Дүйнө жүзүндөгү бүт дарактар, бүт өсүмдүктөр Аллахтын буйругу менен топурактагы суу, минералдар жана асмандагы көмүр кычкыл газы адам үчүн азык менен кычкылтек өндүрүшүүдө. Кыскасы, Аллах адамдарга асмандан жана жерден ырыскы берүү үчүн себепчи кылган жандыктар. Куранда адамдарга асмандан жана жерден ырыскы берилээри көп жолу белгиленген:

**Эй адамдар, Аллахтын силерге болгон берешендигин эстегиле. Асмандан жана жерден силерге ырыскы берген Аллахтан башка бир жаратуучу барбы? (Фатыр Сүрөсү, 3)**

# ЖЫЙЫНТЫК

Бул китепте жандык клеткасынын ичинде болуп өткөн көптөгөн таң калыштуу, ал тургай, керемет кубулуштарды карадык. Каралган ар бир этап бизге бир клетканын, ал тургай, бир белоктун да канчалык татаал жана пландуу бир түзүлүшкө ээ экенин көрсөттү; ошондуктан булардын эч биринин эволюционисттер айткандай, «кокустуктар натыйжасында» келип чыккан болушу мүмкүн эмес. Кокустук башаламандыкка, бузуктукка, тартипсиздикке жана катага гана алып келет, түрү сууктарды пайда кылат. Клетканын жана жашоонун бүт этаптарындагы керемет гармония, тартип, тең салмактуулук, ийгилик жана кооздук болсо бизге бүт жандыктардын пландуу жана кемчиликсиз бир жаратуунун натыйжасы экенин көрсөтүүдө.

Кыскасы, карап чыккандарыбыз эволюция теориясын эч талашсыз кыйратып, «түрлөрдүн келип чыгуу» себебинин жаратылуу экенин, б.а. бүт жандыктарды Аллах жаратканын далилдөөдө.

Бирок карап чыккандарыбыз бизге бир эле ушул чындыкты көрсөтпөйт.

Эгер клетка же жашоонун башка этаптары туруктуу болгондо, мындан ары бара албайт элек. Бирок, изилденген бөлүкчөлөрдүн баары; клеткалар, ДНКлар, рибосомалар, митохондриялар, вирустар, ферменттер же гормондор өтө активдүү нерселер жана таң калыштуу жумуштарды ийгиликтүү жасашууда. Ошондуктан биз «акыл» деп сүрөттөгөн нерсеге, б.а. ойлонуу, анализ кылуу, чечим алуу сыяктуу жөндөмдөргө ээ. Болгондо да, бул «акыл» адамдардыкы деп кабыл алынган акылдан алда канча жогору. Бир белок синтези учурунда клетка органелли көрсөткөн «акыл демонстрациясы» адамдар оңойчулук менен жете албай турган деңгээлде.

Бирок, клеткадагы акылдын клеткага «тиешелүү» экенин кабыл алуу логикалык жактан мүмкүн эмес. Себеби «акыл демонстрациясын» жасаган клетка бөлүкчөлөрү молекула жыйындылары гана. Жасаган иштери эске алынганда, булардын баары өтө татаал «ойлоно алышы» керек болот, бирок алардын мээлери жок. Негизи эч нерселери жок; көздөрү да, кулактары да, тийүү сезимдери да, нерв системалары да жок. Булар катары менен тизилген аминокислоталардан турган химиялык чынжырлар гана.

Бирок көрүү, угуу, сезүү, ойлонуу, чечим чыгаруу жөндөмү болбогон бул химиялык кошулмалар өтө керемет бир «акыл демонстрациясын» жасашууда.

Демек мындай суроо туулат: бул акылдын булагы эмне?

## Акылдын көрүнбөс булагы

Китептин башында бир пульт менен башкарылган машина мисалына токтолгон элек. Машинанын акылдуу кыймылдары чындыгында аны башкарган кишинин акылынын натыйжасы эле, бирок кээ бир «башы иштебеген» кишилер

муну түшүнбөй жатышкан. Пультту башкарган кишини көрө албаганы үчүн анын бар экенин кабыл алышпай, натыйжада машинанын «акылдуу» кыймылдарын түшүндүрүү үчүн ар кандай теорияларды чыгарып жатышкан эле.

Бул кишилер машинанын кыймылдары жөнүндө бир отчет жазышса, мындай деп жазышмак: «машина ылдамдык менен бурулууларды өтө ийгиликтүү жөнгө салып, бурулуштан бурулуу, чуңкурлардан качуу, жолдон чыкпай жүрүү сыяктуу функцияларды эң идеалдуу жасап жатат.»

Бирок, көңүл бурулган болсо, бул өтө жетишсиз жана үстүртөн айтылган нерсе. Негизи мындай деп айтуу керек: «машинаны башкарган киши ылдамдык менен бурулууларды өтө ийгиликтүү жөнгө салууда. Бир саамга да машинанын башкаруусун таштабаганы үчүн бурулуштан бурулуу, чуңкурлардан качуу, жолдон чыкпай жүрүү сыяктуу функцияларды эң идеалдуу жасап жатат.»

Апачык көрүнүп тургандай, эки баянда тең бир эле окуялар сүрөттөлүп жатат, бирок араларында өтө чоң бир айырма бар. Биринчиси үстүртөн ойлонгон жана көз-карашы тар бир байкоочунун айта турган сөзү. Экинчиси болсо окуянын маңызын түшүнгөн бир байкоочунун айта турган сөзү.

Клеткада же табияттын башка кайсы бир жеринде көрүнгөн акыл «өзүнөн-өзү» келип чыккан бир акыл эмес. Бүт жандыктар, нерселер Аллах тарабынан аларга буйрулган ишти жасашууда жана ал иштердеги акыл – Аллахтын акылы.

Бал аары жөнүндөгү бир Куран аяты бизге бул багытта жол көрсөтүүдө:

**Раббиң бал аарыга вахий кылды: тоолордо, дарактарда жана алар курган үйлөрдө өзүңө үйлөр кур. Кийин мөмөлөрдүн баарынан же, ушундайча Раббиң сага жеңил кылган жолдор менен жүр-уч. Алардын курсактарынан ар кандай түстөрдөгү шербеттер чыгат, анда адамдар үчүн бир шыпаа бар. Эч күмөнсүз, ойлонгон бир коом үчүн чындыгында мында аяттар бар. (Нахл Сүрөсү, 68-69)**

Бал аарылардын да клеткадагы органелллдер сыяктуу «акыл демонстрациясы» катары кабыл алына турган иштери бар. Бал жасоо үчүн тапкан гүлдөрүнүн «координаттарын» бир-бирине кабар бериши, бал челектерин жана уюктарын архитекторлордон алда канча жакшы курушу жана ушул сыяктуу көптөгөн өзгөчөлүктөрү бир «акылдын натыйжасы».

Бул акылдын булагы болсо жогорудагы аятта айтылууда. Аллах аарыларга «вахий кылган», б.а. Өз илиминен аларга өткөргөн жана аларды комплекстүү ишти ийгиликтүү жасай ала турганчалык «аң-сезимдүү» кылган. Бул жердеги акыл аарыларга эмес, Аллахка тиешелүү. Ал - «Раззак» (Ырыскы берүүчү) жана аарыларга берген вахий аркылуу адамзатка бал деген сонун азыкты берүүдө.

Албетте, бул бир эле аарыларга тиешелүү эмес. Себеби табият «акыл демонстрациясын жасаган акылсыз жандыктарга» толо. Алардын баары, кичинекей бир курт-кумурскадан чоң бир организмге чейин, Аллах «вахий (илхам) кылган»

акыл менен иш-аракет жасашат. Аллах баарына белгилүү бир кызмат жана аны жасай турганчалык бир «аң-сезим» вахий кылган жана алар болсо Аллахка моюн сунуп, өз кызматтарын орундатышат. Бир Куран аятында мындай деп айтылат:

**Асмандардагы жана жердегилер Ага тиешелүү; баары Ага «көңүлдөн моюн сунган». (Рум Сүрөсү, 26)**

Башка бир аятта болсо адамга **«көргөн жоксуңбу, чындыгында асмандар менен жердегилер, күн, ай, жылдыздар, тоолор, дарактар, жаныбарлар жана адамдардын көпчүлүгү Аллахка сажда кылышууда...» (Хаж Сүрөсү, 18)** суроосу узатылат. Аятта адамга «көргөн жоксуңбу» деп суралышы өтө маанилүү. Демек, көрө турган бир көз асмандар менен жердеги бүт нерсенин Аллахка моюн сунаарын оңой гана түшүнө алат.

## Көргөн бир көз

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн улуу бир Ислам аалымы берген бир мисалды колдонсок болот.

Үстү чатыр менен жабылган бир балкондон күнөстүү бир абада деңизди карап турган бир адамды элестетиңиз. Бул адам чатыр жаап турган күндү көрө албайт, бирок күндүн сууда чагылышынан пайда болгон миллиондогон жылтылдоолорду көрөт. Өтө жагымдуу бир пейзаж жараткан жылтылдоолор адамда абдан суктануу жаратат.

Бул жылтылдаган сулуулуктун булагы эмне деп ойлогондо, ал адамдын алдында эки вариант бар. Же суу бетиндеги ар бир жылтылдоо «өзүнөн-өзү» жана ар бири бир-бирден суу тарабынан пайда кылынып жатат дейт, же болбосо, баарынын күндүн бир чагылуусу экенин кабыл алат. Суунун жарык чыгаруу жөндөмү жок. Жарык күндөн гана келет, жана айланага чачкан нурлары суунун бетинде миллиондогон чагылууну пайда кылууда.

Бүт ааламдын чыныгы абалы мына ушул мисалдагы сыяктуу.

Аалам бүт майда-чүйдөсүнө чейин Аллах тарабынан жаратылган жана Анын сыпаттары менен калыптанган. Бүт нерсе Андан. Бүт сулуулуктар – Анын сулуулугунун бир чагылуусу. Бүт акылдар – Анын акылынын бир чагылуусу.

Аллах Хайй (Жашоо берүүчү) сыпаты менен ааламдагы бүт нерсеге белгилүү бир убакытка өмүр берет. Алар Аллахтын акылынын же сулуулугунун же илиминин кичинекей бир чагылышын көрсөтүшөт жана анан Аллах белгилеген бир убакта өлүшөт.

Адамдар да ушундай. Өлүү топурактан келип, Аллах каалаганча өмүр сүрүп, кайра өлүү топуракка кайтышат. Бул кыска өмүр ичинде Аллахтын кээ бир сыпаттарын Ал каалаганча «чагылта алышат». Эне курсагындагы бир тиштем эт болгон бир адам чоңоюп, дүйнөнүн эң сулуусу болот жана ушундайча Аллахтын

улуу чеберчилигин чагылтат, анан улгайып, эң аягында топурактын астында курттайт жана курт-кумурскалар тарабынан майдаланып жок кылынат.

Клетканын бул китепте каралган бүт өзгөчөлүктөрү жана ааламдагы бүт жандуу-жансыз нерселердин өзгөчөлүктөрү, баары – Аллахтын акылынын чагылуулары. Бир клетка кичинекей бир май жыйындысы болуп туруп, Аллахтын каалоосу менен, акылдуу, аң-сезимдүү жана илимдүү болот. Анан Аллахтын каалоосу менен өлөт.

Көргөн бир көз мына ушуларды көрөт. Ааламда Аллахтын чагылууларынан башка эч нерсе жок. Бүт баары Андан, Аны көрсөтөт, Аны таанытат жана Ага моюн сунат. Бир Куран аятында мындай деп айтылат:

**Аллах... Андан башка илах (сыйынууга татыктуу зат) жок. Ал – тирүү, Кайуум. Аны уйкусуроо жана уйку тартпайт. Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аныкы. Анын уруксаты болбостон, Анын кабатында шапаат кылуучу ким? Ал алдыңардагыны жана артыңардагыны билет. (Алар болсо) Ал каалагандан сырткары, Анын илиминен эч нерсени түшүнүп-аңдай алышпайт. Анын күрсүсү бардык асмандарды жана жерди курчап турат. Аларды коргоо Ага оор эмес. Ал – абдан улук, абдан бийик. (Бакара Сүрөсү, 255)**

# КОШУМЧА БӨЛҮМ:

# ЭВОЛЮЦИЯ АЛДАМЧЫЛЫГЫНЫН АРТЫНДАГЫ ЧЫНДЫК

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

**Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар**

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле.

Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

**1)** Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

**2)** Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

**3)** Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

**Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы**

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

**«Жашоо жашоодон келет»**

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай,

курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңири жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: *«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»*[17]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

**20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер**

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: *«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»*[18]

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан.[19]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[20]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин

*Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды?[21]

**Жашоонун комплекстүүлүгү**

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. **Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ.** Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү (пайда болуу) ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн **$1/10^{950}$ге** барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышынын такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда.*[22]

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл

алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

**Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери**

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү натыйжасында ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтууга мажбур болгон.[23]

**Ламарктын таасири**

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан.[24]

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында

табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

**Нео-Дарвинизм жана мутациялар**

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири таралган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – бул нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет**.

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

*Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет.*[25]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок

экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

**Фоссилдер: ортоңку звено жок**

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – бул фоссилдер (мис. вулкан атылганда жаныбар, канаттуу же өсүмдүк жабышып катып калган таш калдыктар).

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды «ортоңку звенолор (формалар)» деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

*Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн.*[26]

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Мунун теориясы үчүн чоң бир тупик экенин көрүп турган. Ошондуктан, Түрлөрдүн келип чыгышы китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган эле:

*Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл звенолорго учурабай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда?*

*Сансыз ортоңку өткөөл звено болушу керек, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлгү таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес? Геология жакшы даражаландырылган бир процесс ортого чыгарбоодо жана балким бул менин теорияма каршы айтыла турган эң чоң каршы пикир болот. (Кошумча булак: Charles Darwin, The Origin of Species, s. 172, 280)*

**Дарвиндин үзүлгөн үмүтү**

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз.*[27]

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.»[28]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.

**Адамдын эволюциясы жомогу**

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.[29]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш боюнча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат.[30]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[31] Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[32]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай

Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.»[33]

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

*Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.*[34]

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

**Дарвиндин формуласы!**

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

**Көз жана кулактагы технология**

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне

деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

**Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?**

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул

сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча см$^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

**Материалисттик ишеним (дин)**

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

*Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз*

*себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз.*[35]

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул

эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жаратткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса

жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир карашты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

*«Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат.»*[36]

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула

башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүмдар жана даанышмансың.» (Бакара Сүрөсү, 32)**

**КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАР**

1. A. I. Oparin, Origin of Life, s.196
2. Klaus Dose, "The Origin Of Life: More Questions Than Answers", Interdisciplinary Science Reviews, s.352
3. Denton Michael, "A Theory in Crisis", s. 334
4. Frank B. Salisbury, "Doubts About The Modern Synthetic Theory of Evolution", s. 336
5. Francis Crick, Life Itself: It's Origin and Nature, New York, Simon&Schuster, 1981, s.88
6. Mahlon B. Hoagland, Hayatın Kökleri, TÜBİTAK Popüler Bilim Kitapları, 12. Basım, Mayıs 1998, s.153
7. "Biological Evidence of Creation: From a Fog to A Prince", "Keziah, American Portrait Films, Cleveland, OH, 1998
8. Sir Fred Hoyle-Chandra Wickramasinghe, Evolution from Space, New York: Simon and Schuster, 1984, s.148
9. Prof. Dr. Muammer Bilge, Cerrahpaşa Tıp Fakültesi Fizyoloji ve Biyofizik Kürsüleri ‘Hücre Bilimi’ 3.Baskı, s.131,132
10. A. I. Oparin, Origin of Life, s.132-133
11. Prof. Dr. Nevzat Baban, Cerrah Paşa Tıp Fakültesinden Protein Biyokimyası S. 32
12. (Fabbri Britannica Bilim Ansiklopedisi, Cilt:2, sayı:22, S.519)
13. Hoimar Von Dithfurth, "Dinozorların Sessiz Gecesi", cilt 2, sf.126
14. Prof. Dr. Ali Demirsoy, Kalıtım ve Evrim, Meteksan Yayıncılık, Ankara, 1995, 7. Baskı, s. 94
15. Prof. Dr. Ali Demirsoy, Kalıtım ve Evrim, s. 80
16. Hoimar Von Ditfurth, Dinozorların Sessiz Gecesi 2, Alan Yayıncılık, Kasım 1996, İstanbul, s.126
17. Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977. s. 2
18. Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196
19. "New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, cilt 63, Kasım 1982, s. 1328-1330.
20. Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7
21. Jeffrey Bada, Earth, şubat 1998, s. 40
22. Leslie E. Orgel, "The Origin of Life on Earth", Scientific American, Cilt 271, Ekim 1994, s. 78
23. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189

24. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184.
25. B. G. Ranganathan, Originsş, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988.
26. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179
27. Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, cilt 87, 1976, s. 133
28. Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197
29. Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, ss. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, Cilt 258, s. 389
30. J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992
31. Alan Walker, Science, vol. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1st ed., New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, vol. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272
32. Time, Kasım 1996
33. S. J. Gould, Natural History, vol. 85, 1976, s. 30
34. Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19
35. Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak, 1997, s. 28
36. Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s.43

**Китептер:**

Alberts, Bruce, Dennis Brey, Julian Lewis. *Molecular Biology of the Cell.* 2.b. New York: Garland Publishing, 1989.

Andrews, Edgar H. *From Nothing to Nature: A Basic Guide to Evolution and Creation.* 3.b. Durham: Evanggelical Press, 1989.

Bradshaw, R. A., S. Prentis. *Oncogenes and Growth Factors.* Amsterdam: Elsevier, 1987.

Darnell, J. E, H. F. Lodish, D. Baltimore. *Molecular Cell Biology.* New York: Scientific American Books, 1986.

Ditfurth, Hoimar von. *Dinazorların Sessiz Gecesi: 4 Kitap.* Çev. Veysel Atayman. 1.b. İstanbul: Alan Yayıncılık, Ekim 1995.

Erbengi, Türkan. *Biyoloji Ders Notları.* 3.b. İstanbul: BETA Basım Yayım Dağıtım AŞ, Ekim 1986.

Farmer, P. B., J. M. Walker. *The Molecular Basis of Cancer.* New York: Wiley, 1985.

Franks, L. M., N. Teich. *Introductions to the Cellular and Molecular Biology of Cancer.* Oxford: Oxford University Press, 1986.

German, J. *Chromosome Mutation and Neoplasia.* New York: Liss, 1983.

Hoagland, Mahlon B. *Hayatın Kökleri.* Çev. Şen Güven. 5.b. Ankara: Tübitak Popüler Bilim Kitapları, Şubat 1995.
Huse, Scott M. *The Collapse of Evolution.* 14.b. Michigan: Baker Book House, Temmuz 1991.
McLean, Glen S., Roger Oakland, Larry McLean. *The Evidence For Creation: Examining the Origin of Planet Earth.* Pennsylvania: Whitaker House, 1989.
Morris, Henry M., Duane T. Gish. *The Battle for Creation: Acts/Facts/Impacts Volume II.* San Diego: Creation-Life Publishers, 1976.
Peto, R. *Cancer Epidemiology, Multistage Models, and Short-term Mutagenicity Tests. In Origins of Human Cancer.* New York: Cold Spring Harbor, 1977.
Robbins, S. L., R. S. Cotran, V. Kumar. *Pathologic Basis of Disease.* 3.b. Philadelphia: Saunders, 1984.
Starr, Cecie. *Biology: Concepts and Applications.* Belmont: Wadworth Publishing Company, 1981.
Walker, J. M. *Testing for Carcinogens. In the Molecular Basis of Cancer.* New York: Wiley, 1985.
Watson, J. D., N. H. Hopkins, J. W. Roberts. *Molecular Biology of the Gene.* 4.b. California: Benjamin-Cummings, 1987.
Watson, James D., John Tooze, David T. Kurtz. *Recombinant DNA: A Short Course.* New York: Scientific American Books, 1983.

**Макалалар:**

Albanes, D., M. Winick. "Are Cell Number and Cell Proliferation Risk Factors for Cancer?" *Journal of National Cancer Institutions,* Sayı 80, 1988, ss. 772-775.
Alt, F. W., R. E. Kellems, J. R. Bertino, R. T. Schimke. "Selective Multiplication of Dihydrofolate Reductase Genes in Methotrexate-Resistant Variants of Cultured Murine Cells." *Journal of Biologic Chemical,* Sayı: 253, 1978, ss.1357-1370.
Cairns, J. "Mutation Selection, and the Natural History of Cancer." *Nature,* Sayı 275, 1975, ss. 197-200.
Campion, M. J., D. J. McCance, A. Singer. "A Progressive Potential of Mild Cervical Atypia: Prospective, Cytological, Colposcopic, and Virological Study." *Lancet,* Sayı: 2, 1986, ss. 237-240.
Fialkow, P. J. "Clonal Origin of Human Tumors." *Acta,* Sayı: 458, 1976, ss. 283-321.
Gerlach, J. H. "Homology Between P-Glycoprotein and a Bacterial Haemolysin Transport Protein Suggest a Model for Multidrug Resistance." *Nature,* Sayı: 324, 1986, ss. 485-489.
Kripke, M. L. "Immunoregulation of Carcinogenesis: Past, Present, and Future." *Journal of National Cancer Institutions,* Sayı 80, 1988, ss. 722-727.
Land, H., L. F. Parada, R. A. Weinberg. "Tumorigenic Conversion of Primary Embryo Fibroblasts Requires At Least Two Cooperating Oncogenes." *Nature,* Sayı: 304, 1983, ss. 596-602.

Lazo, P. A. "Human Papillomaviruses in Oncogenesis." *Bioessays,* Sayı: 9, 1988, ss. 158-162.
Schimke, R. T. "Gene Amplification in Cultured Cells." *Journal of Biologic Chemical,* Sayı: 263, 1988, ss. 5989-5992.

Көп кишинин оюнда клетка темасы биологиянын же кайсы бир деңгээлде химиянын темасы болуп саналат. Бул көз-караш боюнча, адам клеткасы жөнүндө бир китеп бир биология же химия китеби гана болушу керек. Бирок колуңуздагы бул китеп бир химия же биология китеби эмес. Максат – окурмандын бул темадагы илимий маалыматын көбөйтүү, ага биология үйрөтүү да эмес.

Бул китеп эволюционист илимпоздор тарабынан жашырууга аракет кылынган чындыктарды көз алдыга тартуулап, клеткадагы кереметтерди баяндайт. Бул баяндарда апачык көрүнүп тургандай, ичинде миңдеген томдук бир энциклопедиядай маалымат сактаган клетка өзүнөн-өзү жана кокустан пайда болгон эмес; -бүт нерселер сыяктуу- ал да, чексиз кудуреттүү жана акылдуу Улуу Аллах тарабынан жаратылган.

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Харун Яхья атын колдонгон Аднан Октар 1956-жылы Анкарада төрөлгөн. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектерди даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюционисттердин көз бойомочулуктарын, сөздөрүнүн жараксыздыгын жана дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен тымызын байланыштарын көрсөткөн өтө маанилүү эмгектери бар.

Автордун бүт эмгектериндеги орток максат Куранды бүт дүйнөгө түшүндүрүү, ушундайча адамдарды Аллахтын бар экени, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыймандык темалар жөнүндө ойлонууга багыттоо жана атеисттик системалардын чирик пайдубалдарын жана туура эмес иштерин көз алдыга тартуулоо болуп саналат. Автордун бүгүнкү күнгө чейин 57 тилге которулган болжол менен 250 эмгеги дүйнө жүзүндө көптөгөн окурмандар тарабынан окулууда.

Харун Яхья эмгектеринин жыйындысы –Аллахтын уруксаты менен- 21-кылымда бүт дүйнөдөгү адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик менен тынчтыкка, чынчылдык менен адилеттикке, сулуулук менен бактылуулукка жетишине бир себепчи болот.